Скырг
Ы99

# ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР

Альманах

Скырг
ы199

# ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР

АЛЬМАНАХ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 485578

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

УДК 821.51-1
ББК 84 (5 Kub)-5
Ы 99

Ы 99 Ынтымактуу таланттар, Алманах. Эконом-принт, 2023. -268-б.

ISBN 978-9967-9477-0-2

Бул китепке чыгармачылык улуу көчтү улантып, өз алдынча калем кармап, такшалып калган, бардык дубандын мыкты сөз чеберлеринин, маданият тармагында жүргөн таланттуу өнөрпоздордун жан эргиткен ар кыл темадагы ырлары, эмгектери киргизилди. Колуңуздагы китеп аз болсо да жаңыдан ыр, обон дүйнөсүнө бел байлаган, кызыккан келечек ээлерине шык, дем берип, баскан кадамдарына жол көрсөтө алат деп ойлойбуз.

ISBN 978-9967-9477-0-2
УДК 821.51-1
ББК 84 (5 Kub)-5

## БАШ СӨЗ ОРДУНА!

"Ынтымактуу таланттар" бир туугандай,
Урматташып, сыйлашып жакындардай.
Эл маанайын көтөрүп, көкөлөтүп,
Жашообузда, сахнада жакшынакай.

Жети дубан биригип аймактагы.
Элден чыккан таланттар каймактары,
Жандуу үндө ырдашып жарашыктуу,
Бар болушсун, ынтымак таланттары!"

**Э. Нурматов.**

"Ынтымагын кыргызымдын сактайбыз,
Ынтымагын элибиздин даңктайбыз.
“Ынтымактуу таланттар” деп, аты ыйык,
Ынтымакты туу тутабыз, барктайбыз."

**Т. Беккелдиев.**

**Нурмамат Жоробаев**



Жоробаев Нурмамат Капарович 1966-жылы 19-февраль күнү Өзгөн районунун Мырза-Аке айылында туулган.

1983-жылы "Ак-Жар" айылында "Ак-Жар" орто мектебин бүтүргөн.

1988-жылы жогорку аскердик окуу жайын бүтүргөн.

1988-2011-жылдары СССР куралдуу күчтөрүндө, Кыргызстан куралдуу күчтөрүндө аскердик кызмат өтөгөн.

2011-жылы Оштогу Жалпы аскердик даярдоо кафедрасынын башчысы кызматында аскердик пенсияга чыккан.

Кызмат учурунда Кыргыз Республикасынын президентинин мактоо баракчасы жана Коргоо министрлигинин грамоталары, дипломдору жана эстелик орден, медалдары менен сыйланган.

Оштогу жогорку технологиялык окуу жайынын "мыкты мугалими" наамы, "мыкты кафедра жетекчиси" наамы жана эстелик медалы менен сыйланган.

Аскердик-тарбиялык маанидеги "Тарбия иштеринин методикасы" китепчесинин автору.

Чыгармачылыкта

"Сезим ширеси" аттуу автордук ыр жыйнагы чыккан.

Адабий чыгармачылыкка жаштайынан аралашып жүрөт.

Кыргызстандагы адабий жана илимий бирикмелердин, клубдардын ардак грамоталары, ыраазычылык каттары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын тил комитетинин "Ыйык тил", "Алыкул Осмоновдун эстелик медалы", "Сөз чебери" медалы, "Алтын калем",



"Жайыл баатыр" жана башка медалдар, төш белгилер менен сыйланган.

Ырлары Европанын, Россиянын, Канаданын журналдарына, альманах китептерине кирген.

2021-жылы СПСА уюштурган Эл аралык адабий сынакта Марк Твен атындагы сыйлыктын үчүнчү даражадагы дипломy менен сыйланган.

2022-жылы "Жоголгон балалык" поэмасы СПСА уюштурган Эл аралык адабий "Юрий Алеши" атындагы сынакта биринчи орунга ээ болуп, биринчи даражадагы лауреаты дипломy менен сыйланган.

Азыр "Ынтымактуу таланттар" маданий-коомдук бирикмесин жетектейт.

## АЛА ТООЛУК КЫРГЫЗМЫН

Мен Кыргызмын, Кыргыз каным тамырлайт.
От жүрөгүм "Кыргыз" десем жалындайт.
Аалам элин бүт кыдырып чыксам да,
Ала-Тоолук Кыргызымдай табылбайт.

Элим Кыргыз, байыркыдан эгемен!
Эркин жашап Азияны жердеген.
Илгертеден каганаттар орнотуп,
из калтырып хан көтөрүп келишкен.

Баатыр элдин чыгаандары көп болгон,
бак-таалайын кас- душмандан коргогон.
Ченебеген эрдиктерин эскерип,
чебер чегип таштан балбал орноткон.

Ата бабам айтып келген байыртан,
атам Манас атак-даңкы жаңырган.
Айтма акындар ооздон оозго көчүрүп,
аалам билген эпос болуп жаралган.

Көктөн тилеп, учуп- тийип жашынан,
көчмөн элин, душмандардан сактаган.
Кыйынсынган Рим элин коркутуп,
"Кыргыздардан чыккан"-дешет, Адылхан.

Түмөндөрүн ыгы менен башкарган,
түрк элдери чогуу жоого аттанган.
Түп Кытайды, Азияны чаап алган,
таза көчмөн бизден чыккан Моде хан.

Болгон күчүн чогултууга арнаган,
баарын түздөп, чоң каганат кармаган.
Бүт Шиберде айкын башчы атыккан,
Барсбек каган каны таза Кыргыздан.

Акылсызды кууп түшүп тактыдан,
Азияны, Шибер... бүтүн алышкан.
Адилет чоң империя тургузуп,
Алп Ынанчу баатыр чыккан Кыргыздан.

Чынгызханга ишааратын айта алган,
чочуп коркпой элин, жерин кайтарган.
Чагылгандай намыс үчүн жан уруп,
чечкиндүү да бийлер чыккан Кыргыздан.

Баатырларча коргоп элин калмактан,
басмырлантпай, жерин тосуп душмандан.
Кайрылса да ар намысын бербеген
Курманбектей уулу чыккан Кыргыздан.



Монголго да, оруска да алдырбай,
менчиги элдин Алтай жерин саттырбай.
Чыгаан уулу Иренек хан кайтарган,
"Чыккан"- дешет, кең Алтайда Кыргыздан.

Оролошуп урууну уруу талашкан,
орто жолун таппай Кыргыз кыйналган.
Ошол учур туу көтөрүп элиме,
Ойчул, баатыр чыккан экен Ормонхан.

"Кайран эл"- деп, кайрат берип талпынган.
Кокон ханын сөзгө сайып качырган.
"Калк тынчтыгы, тик карагын өлүмгө!"
Курманжандай кызы чыккан Кыргыздан.

Айла кетип уруу уруу уруштан,
аргасыздан, Кокон ханын тургузган.
"Айтаар сөзүм, бириктирем элди"- деп,
Алымбектей датка чыккан Кыргыздан.

Кокон ханы алы күчүн жоготкон.
Кыргыз, кыпчак оор абалда бараткан.
"Кыйын кезди өз мойнума алам"- деп,
Кыргыздардан чыккан экен Болот хан.

Моюн бербей коммунисттик кысымга,
"жашайбыз"- деп. эркин көчмөн ыгында.
Жапырт улут боштондугун көздөгөн,
Жаныбектей казы чыккан Кыргызда.

Жаштайынан ак эмгектен качпаган.
Жамаат кылбай бүтүн элди сыйлаган,
Жалпы Кыргыз ар-намысын бек тутуп,
журт башчысы Исхак чыккан Кыргыздан.

Дүйнө элин калем менен таң кылган.
Далай эмгек урпактарга калтырган.
Дүң келсе да баарын кошсо күчтүүрөөк,
дүңгүрөтүп Чынгыз чыккан Кыргыздан.

Эл-жер үчүн жаны күйүп ачынган.
Ээн жерлерден эбин таап чыга алган.
"Эстүү хан"- деп, бүт дүйнөгө таанылган,
эрктүү уулу Рахманкул да Кыргыздан.

Айта берсек айкөл , баатыр саны көп.
Алпы да көп, акыны көп, ханы көп.
Ала-Тоодой бийиктигин аныктап,
ар-намыстуу уул кыздары дагы көп.

Гулдөй берсин Кыргызстан эгемен.
Гулдөй берсин кылымдарга Жер энем
Эл жериме каалайм бакыт, тынчылык,
эбегейсиз мейкиндиктей ээлеген.

Кыргыз элим тамыр жайып тарашсын!
Кылымдарга улуу тоодон таң атсын!
Улутумдун улуулугун тастыктап,
уул-кыздары улуу эмгек жаратсын!



Кыргыз демин көрдүм, билем, айта алам.
Кыйындыгын карт тарых да тактаган.
Барсбек, Манас, Исхак атам... тарыхым,
баш көтөрүп кайда жүрсөм мактанам.

Мен Кыргызмын, Кыргыз туусун кармаган,
Мекен үчүн бир өмүрдү арнагам.
Ата мурас, бабалардан таберик,
Ала-Тоону байыр алып тандаган!

**ЖУРТУМ АМАН БОЛСУН!**

Эмгегим сиңире албай каалагандай,
эл-журттун керегине жарагандай.
Дарексиз жүргөндөймүн өмүр сүрүп,
дайыма көңүл буруп карай албай.

Адашып элге жүгүн турат артып,
азгырык заман келди бура тартып.
Улуу көч өмүр кербен токтобосун,
унчукпай, жардам бербей турам кантип?

Түшүнгөн түшүнөттүр аалам сырын,
түпөйүл саясатын "кыйындардын..."
Теңдешсиз ажыдаарлар чабышынан,
Теңирим калкаласын Кыргыз калкын!

Жагынып опсуз сөзгө кулак түрбөй,
жашынып айтаары жок үнсүз жүрбөй.
Жашоодо ыйманыбыз таза болсун.
Жараткан насибинен үмүт үзбөй.

Эргүүгө эриш-аркак басайынчы,
эмгектен пайдалуу иш жасайынчы.
Жан дүйнөм ырахатта элим менен,
жашоону ырга айлантып жашайынчы.

*06.08.2022. Ош*

## ТҮҢҮЛБӨ

Тээ түпкүрүн түшүнгөндөй жашоонун,
телегейин тегиз ойлоп болгонун.
Кээ пенделер абийирин жоготот,
кенебестен коомдун тартип жолдорун.

"Өзүм билем, өтүгүмдү төргө илем",
өтө бербейт баардык жерде бир билсең.
Жүзүң жарык коом менен келишип,
жүргөн жакшы шүгүр айтып, илгертен.

Кыңыр ишиң кырк жыл эмес төрт күндө,
кыйран болот азыр заман жүзүндө.
Уят, намыс, адамдыкты карманган,
улуу сапат дүйнөсүнөн түңүлбө!

## ЖОЛДО ЖҮРӨМ...

Жолдо жүрөм, бешенем, жолдо жүрөм:
"Жаратканым жалга"- деп, ойдо жүрөм.
Жазмышына тагдырдын жумшак-катуу,
жакшы издеп жан түтүп, оңго жүрөм.

Жолдо жүрөм, заманга кээде күлөм,
жалган айтса өзүмө, үндөбөгөм.
Жапатырмак алданган элди карап,
жаным ачып кез - кезде күбүрөнөм.



Жолдо жүрөм кыбырап, байкайм, сүйлөйм,
жок эмесмин көргөнүм айтам, үндөйм.
Жолоочудай бир келип элди бузган,
"жоону" сезсем, түз айтам, үнсүз жүрбөйм.

## ЭЛЕСТЕР ЖҮРӨКТӨРДӨ КАЛАТ ЭКЕН

Удургуп, уйгу-туйгу кагасың да.
Уурдалып убакытка барасың да.
Даам татты ырыскыдан кош жүрөктөр,
дареги махабаттын талаасында.

Арнадык түркүн саптар сезимдерге,
ажайып сүйүү даамы берилгенде.
Түгөйүн тапкан жүрөк сүйүнүчү,
түбөлүк калды биздин сезимдерде.

Карадык артта калган жыл-айларды,
кайрылып канча сонун ыр арналды.
Туш келип унутулган эски саптар,
тутантты жаштык канат кыялдарды.

Жалындап өткөн күндөр эске түшсө,
жаштыктын өчпөс чогу жанат экен.
Элүүгө, алтымышка барган менен,
элестер жүрөктөрдө калат экен.

*17.04.2023.*

## КЕЧКИ ЫСЫК-КӨЛ

Ажайып кооз салкын кечи, ак таңы.
Айтып бүткүс акындардын дастаны.
Ашыктыктын аруу, таза символу,
ак куулардын сүзүп бара жатканы.

Жалтылдаган көлдүн бети керемет,
жайдын кечи, өзгөчө бир түс берет.
Жалындаган жүрөктөрдөн от сезим,
жаралгандай сүйүү үчүн сезилет.

Жымыңдаган жылдыздары кечинде,
жылмайгандай жылуулугу сезимге.
Кезек менен чакыргансыйт толкундар:
"келчи мага, тартынба" - деп деминде.

Ай жамалы шоола чачып тигилип,
айлана бүт күмүш шайы кийинип,
көл жээгинде жеңил шамал чуркаса,
көңүл куунак "кымча бели" ийилип.

Арылгансып ар кыл илдет, оорулар.
Ачылгансып асыл максат... жолу бар.
Айлана кооз дем-күч берип жашоого,
ар курактын жагымы зор доору бар.

Тирүүлүктүн даамын татып өзүбүз,
түбөлүктүү болсун сулуу көлүбүз!
Сезимдердин сересинде серпилип,
сен жөнүндө болсун улуу сөзүбүз!



## ЧЫҢ ДЕН СООЛУК, УЗУН ӨМҮР ТИЛЕДИМ УУЛУМА

Апакең төрөдү, ак бата бергемин.
Асыл ой, ак тилек, ак жолуң дегдедим.
Азыр да эсимде артымдан кармалап,
"Ата"- деп чулдурап, ээрчиген кездериң.
Жаш балдар, эрте-кеч оюн да эрмегиң,
жамгырда көчөдөн суу болуп келгениң...
Бозого "мас" болуп сый кылып көрүнбөй,
бозоруп жолуксак, көңүлдү эзгениң.

Мектепте кошулуп тартиптүү балдарга,
аянбай баарына барчусуң жардамга.
"Атасын тарткан"-деп, жымыңдап алчу элем,
атырдан себинип кыз жандап калганда.

Үйлөндүң, миң шүгүр, келиним акылман.
Үй толо небере, кызымдай жакын жан.
Бактыбыз узарсын, суранам Жаратткан.
Элимде, жеримде оңолсун заманам!

Ден соолук, өмүрүң Кудайдан тиледим.
Сенсиң го улаган өмүрүм билемин.
Бактылуу жашагын заманга ылайык,
Бакытың сезе бил өзүңдөн экенин.

*25.02.2023.*

## ЖАМГЫРЛУУ КҮЗ КЕЧИ

Көргөн сайын чогуу түшкөн сүрөтүн,
сагынычтан элжиреди жүрөгүм.
Жеткин келет айлуу түндө азыр да,
бирге сезип, жашоом... ар бир мүнөтүм.

Эсиңдеби жамгыр төккөн кечки күз?
Жүрөк эргип, түнкү кафе, экөөбүз.
Түн бир оокум шыңгыр тийип бокалдар,
түшүнүштүк сезимдерди үн-сөзсүз.
Көөдөн эргийт, көңүл ачып музыка.
Көпчүлүк эл, күлкү, шаңдуу тамаша.
Бирок чиркин, эч ким жоктой ээн-эркин,
биз экөөбүз бийге түштүк жанаша.

Ошол сезим, ошол кымбат мүнөттөр...
Ошондогу жаштык деми, сүрөттөр...
Эргүү толгон жамгырлуу күз кечи эле,
эстеп калды түбөлүккө жүрөктөр.

## ЫР МӨМӨЛҮҮ БЕЙИШ БАК

Күнү-түн тынбай жазган элге арнап,
күйүтүн, ысык-суугун иргеп талдап,
акындар чексиз сооптуу иштер жасап,
алышат бейишке жол Кудай жалгап...

Мекенин, элин сүйгөн азаматтар!
Мээримин төгүп ырдан көңүл ачаар.
Акыйкат чындык үчүн чыркырашып,
акындар тизет сапты катар-катар.



Көөдөнү толгон аруу ой-максатка,
көздөгөн иши таза, ыйман жакта.
Бурулбай тегиз карап, калыс сүйлөп,
бул дүйнө акыйкаты акындарда.

Канчасы каршы сөздөр айтаар бизге,
калетсиз, тазалык бар биздин иште.
Ким билет Жаратканым буйруп койсо,
киребиз жазмакерлер түз бейишке...?

*29.03.2023.*

## ЖАРАТКАН КАЙГЫРТПАСА

Ата - эне "уул кызым" - деп ыйлабаса,
Адамдар оорубаса, кыйналбаса,
Бул дүйнө, наркы дүйнө каттоо болуп,
Жашоодо кошок ыры ырдалбаса.

Жакындар бир биринен ажырабай,
Жанашып өмүр сүрсө камырабай.
Жубайлар бир бирине катуу айтпай,
Жашашса узун өмүр жакшынакай.

Жараткан кайгыртпаса адамдарды,
Жаратса ошондой бир замандарды.
Жолдорун тагдырлардын ачык кылып,
Жоготсо жашообуздан жамандарды.

Кемибей толук бойдон таңдар атып,
Кесел жок, таза болсо асман ачык.
Кайгы жок учурашып чогуу жүрсөк,
Тагдырга капа болбой саламдашып.

## КЛАССТАШТАРГА

Күчкө толуп билинбей биз чоңойдук,
Көчө таптап жаштык кез ойлонбодук.
Сырдуу карап кыздарга имерилип,
Атын жазып ортосун кошуп коюп.

Тунгуч сүйүү сайгылап жүрөктөрдү.
Түнү - күнү үндөшкөн күндөр өттү.
Бир кучактап, капыстан жүзүн сүйсөк,
Мактанчу элек каккылап көкүрөктү.
Алдыбыздан ар түрдүү турмуш тооруп,
Иштеп, окуп... кай бири жоокер болуп.
"Таза жолдуу келечек курабыз" - деп,
Адил сөзгө ант бердик көөдөн толуп.

Тагдыр бизди ар жолго таратkансып,
Тандап бирден сыноолор жаратkансып.
Чынчыл жолдо изденип дагы деле,
Биздин тагдыр сезилет баратkансып.

Оюн, жыргал, тамаша... тарых болсун,
Биздин жашоо жалындап токтобосун.
Саргайбасын бир келген өмүр жолу,
бизде майрам, бизде той дайым болсун.

## САГЫНАМЫН

Сагынамын Мекенимдин көк асманын...
Кереметтүү талаа, тоодо жөө басканым.
Аба таза, тунук булак... дем-күч алып,
ак мөңгүлүү ашууларын коп ашкамын.



Сагынамын айылымда таң атканын,
жаңы күндөр жарык маанай жаратканын,
шайыр мүнөз кобураган коңшуларым,
шашып баары ар кай жакка баратканын.

Сагынамын селкилердин ай жамалын,
саамайынан салкын желдин аймаганын,
кубалашып жаш балдардын ойногонун,
курбу кыздар боз уландар жандаганын.

Сагынамын апакемдин ысык нанын,
"тур уулум"-деп, чай -каймакка чакырганын.
Азыр дагы даамы кетпейт нан, каймактын,
а бирок жок, апам менин - асыл жаным.

Сагынамын жамгыр шоокум ырдаганын,
жаш өмүрдү алгач сүйүү "сыйлаганын",
Ак жамгырга кошуп үнүн асыл селки,
ашыктыктан кучагымда "ыйлаганын".

Сагынамын, айланайын бала чагым,
чаң ызгытып тар кочодо чуркаганым,
түйшүгү жок, таза сезим баёо дүйнөм...
Түшко кирип, сагыныпмын уктабадым.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 485578

## Уулбү Кармышакова



Уулбү Кармышакова Жалал-Абад облусуна караштуу Кара-Көл шаарындагы Токтобек айылында 1953-жылы 5-февралда төрөлгөн. Токтогул айылында окуучулук күндөрү 6-класска чейин В.Шевченко атындагы орто мектебинде окуган. Жетинчи класстан баштап Кара-Көл шаарында 1971-жылы мектепти аяктаган.

Оштогу соода техникумун бүтүргөн. Кесиби боюнча иштей албай, бал челек багуу менен Токтогул ГЭСинин чарбачылык жагында иштеп пенсияга чыккан.

Өмүрлүк жолдошу чарбачылыкта иштейт.

6 кыз, 2 уулдун энеси - Баатыр Эне.

Ыр жазууга жашынан эле жазып жүрүп, шартка байланыштуу кечирээк аралашып калган. Эки китептин автору. "Айылымдын ак таңы", "Кара-Көл шоокуму" аттуу китептери жарыкка чыгып, көптөгөн окурмандарга таанылган. Чыгармачылык боюнча көптөгөн Ыраазычылык каттардын, Ардак грамоталардын, Төш белгилердин ээси. Небере, чөбөрөлөрдүн чоң эне, таенеси.

### СҮЙҮҮДӨН ЖАНГАН ЖЫЛДЫЗБЫ?

Ар түрдүү тагдыр тартуусу,
ар убак мезгил... жай-кышы.
Бактыдан өтүп кайчылаш,
бар тура жашоо жазмышы.



Сабырдын белин ашсак да,
сактадык намыс таптаза.
Өчпөдү жанган сүйүүбүз,
өкүнүч жолун бассак да.

Кандай бул сезим, оолуктук.
Капилет кайдан жолуктук?
Издетип бизди алыстык,
издешип көңүл "ооруттук".

Мандайга буйруп жазмышы,
махабат бийлеп жай-кышы,
жүрөктөн өчпөй жалындайт,
сүйүүнүн өчпөс жылдызы.

Асмандын алтын казыгы,
алоолоп күйүп жарыгы,
жангандай оту сүйүүнүн,
жан дүйнө мүрөк азыгы.

### КОШТОШУУ БЕЛЕ ТҮБӨЛҮК?

Сүйүнүп, коркун ачып кутман жаштын,
билдирип амандыгын алтын баштын,
экөөбүз жолугуштук алтын күздө,
баарлашып кең -кесири артка кайттым.

Эскердик эбак өткөн балалыкты,
ээлигип ал күндөрдү самадыкпы?
Жол издеп канат кактык келечекке,
жоготкон мезгилдерди баалададыкпы?

Жашоонун чокусуна өр таянып,
жайгашып, уясына конгон куштай.
Сагыныч тарабады, бирок аттиң,
самадым кайра дагы жолукчудай.

Самадык эрте келген сүйүүбүздү,
сагыныч каптап турду жүзүбүздү.
Жолугуу ошондогу, сыр чечишүү,
жашоодо эң акыркы күзүбүзбү?

Сен кеттиң, кош айтышып мурункудай,
сезгендей үн катпастан жүзүм карай.
Мен сени неге келбей жүрөт десем...?
Мерездик ажал тура, арман күн ай...

*Кара – Көл, Токтогул ГЭС*

## КЕНЕБЕГЕН СЫРЛАРЫМ

Түн ичинде ойлуу, сырдуу абалым,
эртеңкимдин жолун улай барамын.
Түн бир оокум, үн-дабыш жок мемиреп,
кыял учуп, канат күүлөйт талабым.

Катар-катар сансыз ойлор ичинде,
окшоп барам жок издеген кишиге.
Кол жетпеген бийиктикте жүрөсүң,
илмек салып менин өжөр эркиме.

Уйгу-туйгу, аяр соккон шамалдай,
чачыранды ыр саптарды жыя албай.
Ушул түндө күзөт өтөп, аң уулап,
тамга жыйнап жүрөм таңды аралай.



Сөз тизмегин күргүчтөсөм жүрөккө,
азоо салып жай алышпайт түнөккө.
Сени издейт кенебеген сырларым,
сен жөнүндө ыр жазылат мүнөткө.

Көшөрсөм да түн тынчтыгын жамынып,
алда кайда эргүү коштойт камынтып,
баш ийдирип кенебеген сырлардан,
чыга албадым ак сүйүүгө малынып.

*Кара - Көл ш.*

## ЧАНАГЫНАН АЧЫЛБАДЫ АК СҮЙҮҮ

Жаш бүчүрдөн жаңы ачылган гүл сыңар,
ак сүйүүмдөн жазылбаган арман бар.
Сүйүү баркын сезе албаган жаш курак,
кеч түшүнсө бир-бирине зар кылаар.

Биргеликте насиби жок ак сүйүү.
Өмүр бою издешкенсиң, эх күтүү.
Аргасыздан аңчылыкка ынанып,
чечилбеди ак сүйүүнүн күйүтү.

Эң биринчи сүйүү тура, бул тентек.
Кеч түшүнсөң өкүнтөт да, кейитет.
Турмуш жолдун татаалдыгын миң кырлуу,
жаштыгында ким белмек да, ким билмек...?

Ачылбады гүл бүчүрлөр баш багып,
а биз болсо көптү көрдүк картайып.
Соолубады, жап-жаш калды ачылбай,
сүйүүбүздөн кумарыбыз жазылбай.

Ачылбаган ак сүйүүнүн чанагы.
Чын сүйүшкөн эки жаштын баяны.
Бул жашоого аппак көңүл жаратып,
кездеше албай, издешкендер, баягы...

*Кара - Көл ш.*

## СЕН ЖӨНҮНДӨ ЫРЛАР ЖАЗЫП КАЙРА ЭЛЕ

*(Жакшы адамды эскерип)*

Элесиңе сүйлөшсөм таркайт кусам.
Издеймин жылдыздардын арасынан.
"Тагдыр"- деп, өкүнүчтүү ичтен сыздап,
таппай келем тирүүлүк калаасынан.

Көз саласың мага сен мурункудай,
тээ алыс келбестердин арасынан,
"Кантейин, тагдырым?" - деп, демим басып,
санаалар мыкчымында айлам курган.

Жылмайып мурункудай мыйыгыңдан,
карайсың көздөрүңдүн кыйыгынан.
Өзүңсүң дагы деле эргүү берген,
унуткарып коюуга жетпейт аргам.

Сен жөнүндө ырлар жазам кайра эле.
Сагынуумду жазып кетет дем бере.
Мага берген дем-күч, кубат, кайратың,
бул жашоомдун өзөгүнө күч келе?

Сен жөнүндө ыр жаратам кайра эле.
Бир жүргөндөй биз кездешкен жерлерде.
Аттиң арман, бир кем беле дүнүйө?
Баардык жанга буйрук кылган бешене...

*Кара -Көл шаары, Ак таш айылы.*



## БИР ЧАЙ КАЙНАМ УБАКЫТ

Убакыттын азбы-көппү бөлүгүн,
уурдатканын капар албай көңүлүм.
Жакшы адамга чай
кайнатым болсо да,
жайнап турчу бир күнчүлүк өмүрүм.

Көөдөнүмдөн арнап аруу сезимди,
көп убакыт тез өткөндөй көрүнчү.
Жүрөк туйлап, тиктешүүдөн көздөрүм,
жүрөгүндө сезимдерим өбүлчү.

Мезгилдерден кээде өтпөй убакыт,
минуттарда калчу эле чубалып...
Кайдыгерлик каптап жашоо мүнөттөр,
жараланган ошол кезде жүрөктөр.

Күндө өтүп көп сандаган убакыт,
күтчү элем жолугууңду суранып.
Сендик сезим, жакшы адам, ыракмат,
сенде деле күтүү бардай чыдагыс.

Ар бир күндө чай кайнатым убакыт.
Азыр мага эң бир кымбат аманат.
Ал күндөрдү арман толо, эстесем,
аргасыздан көздөрүмдөн жаш агат...

*Кара - Көл шаары, Токтогул ГЭС, Ак таш айылы.*

## ТАРТЫНАМ

Ийменүүнү сактоо ыйык салтыман,
изги ойлуу мен жактырган жакшы адам.
Ийгим келет таазим кылып башымды,
ишенимдүү саламдашуу артынан.

Жакындашып келет, бирок тартынам,
"жаман ойдо калбаса"- деп, жакшы адам.
Таттуулугун биз өткөргөн жылдардын,
таппай келем издесем да башкадан.

Саламдаштык эски тааныш катары,
сапар алыс, дал ошондой басалы.
Ооба өттү, жакшы мезгил арадан,
ошол бойдон жакшы сыйда калалы.

Тартынуунун кармап бекем учугун,
татыксызга алмаштырбас учурум.
Жайнап-күлүп "кандайсың?"- деп, сурап кой,
жагат мага саламдашуун, ушунун.

Мен өзүңдү жакшы адамдай сеземин.
Мезгил берди улгаюунун кезегин.
Ушул бойдон өчпөй сактап жүрөктө,
укмуш сүйүү даамын татып, сезейин.

*Кара - Көл шаары, Ак таш айылы*



## КӨЗДӨРҮҢ СЕНИН

Сезим оту жанбайт эми башкага,
сенин көзүң өзгөлөрдөн башкача.
Мелтиресең мени тиктеп, магдырап,
мээрим толо көз карашың, таптаза.

Элестетсем көздөрүңдүн тиктешин,
эстейм дайым жаштык күндүн бир кезин,
бүт эркимди бийлеп турчу дайыма,
булүк салып жүрөгүмө бир сезим.

Таалай-бактым ашып-ташып өзүмдү,
тартылышуу күчү бардай сезилчү.
Билинбестен жандашканда сен менен,
бир булкунуп эт жүрөгүм эзилчү.

Эх, ошондо, бүткүл дүйнөм жаңырып,
ээлеп алчуу тулку бойду сагыныч.
Жарым жолдо жараландык, кантейин?
Жаштык кезги түшүнүксүз жаңылыш.

Көздөрүңдөн сезчү элем сүйүүңдү,
көрүп туруп кыйын болоор түңүлүү.
Эми минтип караанына зар болдум,
элестете албайм сенсиз жүрүүнү...

*Кара - Көл шаары*

## ӨЧҮРБӨЙМ ЭЛЕСТЕТИП БИР ӨЗҮҢДҮ

Жүрөгүм өзүңө арнап ыр жаратат,
жанымда тыңшап турсаң, атаганат.
Өчүрбөй элестетип ошол кезди,
булбул куш таң эртелеп үн салышат.

Турушат элестетип сени мага,
сен сүйгөн, сен суктанган айлана да.
Азыр да эсте турат унутулбай,
телмирип тиктегениң мени гана.

Күлгөнүң мүнөзүмө төп келсе эле,
бурбапмын көңүлүмдү көп нерсеңе.
Жүрүпмүн каалагандай шайыр-шатман,
ой-санаага батчу белең ошондо эле...?

Сен анда ак кар алып колдоруңа,
салчу элең тамашалап моюнума.
Мен болсо үшүп, койбой ой-боюңа,
катчу элем кайра жылуу коюнуңа.

Өчүрбөйм, элестетем ойлорумда,
тирүүлүк тике турса жолдорунда.
Атаганат кадыркеч адамдардын,
өмүрлөрүн узак кылып койсо гана...

*Кара-Кол шаары*



## АЙЛАСЫЗДАН БОЛДУ КОШТОШУУ

Жашыл шибер өрөөн, кечинде,
аппак булут асман четинде.
Кыял кайкып, жүрөк дүрбөлөң,
чиеленген ойлор сезимде.
Тагдыр биздин татаал окшоду,
келе албадык бирге чечимге.

Ортобузда сүйүү от болуп,
сандыгынан сырлар козголуп,
көкүрөктөн чыккан үшкүрүк,
тийгенсиди кайра ок болуп,
айлуу түндө турдук мас болуп,
бир табышып кайра "жок болуп".

"Кош" дегенге оозуң барбады,
кошо боздоп жүрөк арманы,
адашуудан курган бактыбыз,
ажыраша албай "ыйлады".
Табышмактуу аёо сезимден,
насиби жок сүйүү турбайбы?

Айга жылып булут жетипсиң...
Жашырынтып бизди бекиттиң.
Кучагыңдан секин бошонуп,
өксүп ыйлап-жашып кетипмин.
Ошол мүнөт бизди кыйнады.
Шолок-шолок көз жаш тыйбады.

Жолугушуу болуп акыркы,
"тагдыр"- дедиң, аарчып жашымды.

Бир чечимге замат келе албай,
кайталадың эчен атымды.
Жаш кездеги сүйүү сырлары,
бир өмүргө бекем катылды.

*Кара - Көл шаары*



**Эшмамат Жалилов**



Эшмамат Жалилов 1953-жылы 19-мартта туулган. Атайын техникалык орто окуу жайын бүтүргөн. Кесиби боюнча радиотехник жана айыл чарба электриги.
*Сыйлыктары:*
Алыкул Осмоновдун маарекесинде Диплом менен сыйланган жана бирикмелерден бир нече Ардак Грамоталар менен сыйланган. Ошондой эле "Ыйык тил " төш белгисинин ээси.
"Ынтымактуу таланттар" коомдук бирикмесинин мүчөсү.
Азыркы учурда ардактуу өргүүдө.

## БАЙЛЫК ҮЧҮН КАСТАШПА

Кут тосот сенин жолуңдан,
жакшылык иштер соңунан.
Калыс бол такай ак сүйлөп,
алыс жүр маңкурт торунан.

Иштериң жүрсө оңунан,
көп болот аны тооруган.
Ичи тар нечен сараңдын,
көктөбөй гүлү соолуган.

Тынч жүрсө күндө ооруган,
чыр салып кээде чоцунан.
Чыры көп болсо досторуң,
алыс жүр келсе колуңдан.

Аянба, кылгын жакшылык,
керектүү ченден ашырып,
Жараткан өзү колго алат,
душманың калат таш уруп.

Сөз айтса уккун акылман,
сөздөрү таамай айтылган.
Өр тартып өйдө баратсаң,
тоскоолду күт жакындан.

Эр жетип, ичип бир суудан,
душманы келсе бир кууган.
Топтолгон байлык айынан,
касташып калат бир тууган.

Байлыкка жакын дос болбо.
Тууганды сыйла, кас болбо.
Кадырлай билсең тууганды,
кадамың дайым ак жолдо.

## ЧЫНДЫКТЫ ЖЕҢЕ АЛБАЙСЫҢ

Чыркыраган чындык сөздү угуп ал.
Чынчыл сынбай ийилээрин билип ал.
Жалганыңар арык аттап, суу кечпейт,
андай сөзүң баш ооруткан "грипп" ал.

Ойлодуңбу "жалган айтып жеңем"- деп?
Көп жашабай тез өлөт го жалган кеп.
"Чыккынчы"- деп, тазаларды булгасаң,
качасың го көпкө узабай таштан жеп.



Билип алгын элдин баары "мал" эмес,
жалган айтса көнө түшчү жан эмес.
Уккан сөзүн талдап көрүп адамдар,
алып салат жалгандарын ал эмес.

Жалганчынын казаны эч кайнабайт.
Кайсы жерде кайнап кетти, кана айт!
Артка кетти таттуу жашоо запкы жеп,
айыптуулар "фейк", "тролл", жалган сайт.

## КӨТӨР БАШТЫ, КЫРГЫЗЫМ!

Калпак түшпөйт эч убакта башымдан,
көнүү керек дайым кийип, жашыңдан.
Кыргыз болуп таанылаcың калпактан,
ким таанымак башта өскөн чачыңдан?

Айырмаңар калпак менен тилиңден,
же тутунган каада салттан билинген.
"Катар-катар ак боз үйдө Кыргыз"-деп,
көрк жараткан боз үйлөрүң тигилген.

Бизди тааныйт улак чапмай оюндан,
жар-жар айтып, кыз узатуу тоюңдан.
"Кыргыз"- дешет, таш кордону жегенде,
жер очокто бүтүн бышкан коюңдан.

Бизди таанымт ак элечек айымдан,
"калама"- деп, отко бышкан нанындан.
Карт кекиртип тоё ичкен кымыздан,
*Кыргыз"- дешет, чанач илген кайыңдан.

Кырк уруудан Кыргыз өзү куралган,
оор күндөрдө бош келишпей чыңалган.
Көтөр башты, акылмандын сөзүн ук!
Намыс күчтүү ок атылчуу куралдан!

### ТҮШКӨ КИРЧҮ НУРАЙЫМ

*(күлкү-ден соолуктун мүлкү)*

Мага акыл ким үйрөтөт сурайын?
Кеңеш угуп айтканыңды кылайын.
Жагып жүрөт бир сулууча жүрөккө,
эстен танам көргөн сайын чырайын.

Кеңеш айтып бирөө чыкты "угуң"-деп,
ал өткөндө "көздү жумуп туруң"- деп.
Шайтан болот андай сулуу көбүнчө,
"жан дүйнөңүз жеңем үчүн сулуу"-деп.

Бирөө айтты "арт жагынан калба"- деп,
Күчүң жетсе "жакшы сүйлөп, арба"- деп.
Сулуу менен бир түн жатса билесиң,
*Бир жатпасаң бүт өмүрүң арман"- деп.

Айтты үчүнчү, сөздү мен да улайын,
айтпай сага кантип четте турайын?
"Дары болсо жашарууга дем берген,
ичип жибер сууга кошуп чырайын".

Айткылачы кайсы бирин кылайын?
Мен өзүмдүм даражамды сынайын.
Ким кызыкса ал сулууну "ким?"- дешип,
күндө түшкө кирип жүрчү Нурайым.



Түштө деле жол ачылса куш конот.
От күйбөсө колуң, бетиң ыш болот.
Күлбөгүлө "түшүн айтып жатат"- деп,
кээде түшүң өңүндө да туш болот.

### ОЙГОН КЫРГЫЗ

Бөлүнбө Кыргыз элим, суранамын!
Үнү жок балык болуп тура албадым.
Сактайлы келечекти ынтымакта,
мен ансыз эртеңкини көрө албадым.

Ойлорду элге айтып жете албадым,
максаттан такыр алыс кете албадым.
Бүтүндөп, Кыргыз элин чачыратпай,
бир тилек болсо деген бүт арманым.

Сактайлы келечекти ойгон Кыргыз!
Адашканга акылман болгон Кыргыз!
Нарк-насилди жоготпой кылым улап,
бөлүнгөндү бүтүндөп, ойлон Кыргыз!

Ойгон Кыргыз кеч болуп кете элек да.
Айткан сөз кээ бирөөнө жете элек да.
Сатылба, адал жаша алданбастан,
айтылсын түбөлүккө албан дастан!

### АРМАН ДҮЙНӨ

Бул жашоо ойдо-тоодон өзү арман,
канчасы сулууларга жетпей калган?
Кээ бири сулууларды алдап коюп,
кор тутуп кылчайбастан кетип калган.

Жолуктум бир сулууга ыйлап турган,
арманы жан дүйнөсүн кыйнап турган.
Ал байкуш сага ишенип тентек эркек,
турмуштан азап тартып шагы сынган.

Сыйлачы аял заттын баркын билип,
кол жеткис "эне"деген баасы бийик.
Баландын апасы ал мээрим төккөн,
кетпесин бул өмүрдөн жаны кейип.

Тагдыр эх, мен ападан жаш калгамын,
башына атап жоолук сала албадым.
Арманым калмак эмес апам болсо,
таманын өппөй калуу чоң арманым.

## АРАМ БАЙЛЫК

Жеттиңби байлык түбүнө,
арамдан жыйнап күнүгө?
Дүйнөгө тирек болбойсуң,
байлыгың жетет түбүңө.

Өлбөстөн жыйнап дүнүйө,
жыйнадың баарын үйүңө.
Арамдан жыйган дүнүйөң,
калат да, кетпейт "көрүңө".
Арамдан эптеп байыдың,
адалдын башын кайрыдың.
Кырсыктап жатат үй бүлөң,
бакыттан болуп, айрыдың.

Кырсыктар көбү арамдан,
жок эмес, чыгат араңдан.



Титиреп санап байлыгын,
садака чыкпайт сараңдан.

Тырышпай зекет берип жүр,
нафсиңди бекем тыйып жүр.
Байлыкты жыйнап адалдан,
жарык жүз менен ойноп күл.

Сыздатып алдап бирөөнү,
юашыңа жыйба күнөөнү.
Айланып келет көп өтпөй,
кайтаарын эстеп жүрөлү.

## САКАЛ

"Сакал койсо таза"- дейт го көпчүлүк,
сакалчандар кээде кылат итчилик.
Сакалдуулар биздей эле бир пенде,
сакалы бар, сабыры жок кемчилик.

Сакал сүннөт эгер билсең сендеги,
саждага тур айтып дайым келмени.
Сакал менен билип кылсаң күнөөнү,
сени күтөт дайым тозок чеңгээли.

Сакал койгон эркектерге жарашат,
сакалыңды сый көз менен карашат.
Сакал койгон акмактар көп кумалак,
сакалдууну так ошондой санашат.

Сакалдуулар атаң болгон ойлонгун.
Сакалдууга шек келтирип койбогун.

Сакалдууну "ак шакал" деп бир акмак,
санаа тартып жатат абак кордугун.

Сакалында кандай сенин бар ишиң,
сакалдуунун ала көрбө каргышын.
Сакалдуулар бата берип алкашат,
сакалдуунун алып жүргүн алкышын.

Сакал койгон эркектерге буюрган,
сакалдуунун жүзүнөн нур куюлган.
Сакалдууну сыйлагыла ар дайым,
сакал койуп арамдыктан тыйылган.

**ЖАЗ ЖАРЫШ**

Жашылдана көркко боёп жеримди,
жаз жаркырап ишке салды элимди.
Кетмен, күрөк туш тарапты тазалап,
көчөт эгип, иштен жаздым черимди.

Бак дарактар бүчүр алып көрктөнүп,
тазаланды акыр-чикир өрттөлүп.
Бутак-шактар ашыкчасы кыркылып,
жемиш бактар сулууланды көрктөлүп.

Жер казылды бир чекеден тебилип,
үрөн себип, бош жер калбай эгилип.
Жазда камда кыш азыгын отурбай,
баш көтөрбөй бүт иштедик теминип.

Иштерманга иштер дайым көп чыгаар.
Жазгы ишке көңүл коюп чыксаңар.



Билек түрүп иштей турган мезгилде,
Бир адам жок, эмне качып жоксуңар?

Көлөкөлөп күн жылыса качпагын,
жалкоолуктун кезектерин ачпагын.
Бекем туруп жаз ишине киришсең,
Жер Энебиз кени болот акчанын.
Адал эмгек кыла бергин бел байлап,
даярдагын жазда иштеп кыш камын.

**ДОС**

Колтукташып жүрчү эле дос болуп,
каалоо+тилек улам-улам коштолуп.
Кара мышык өттү окшойт ортодон,
кырчылдашты ириң-жара козголуп.

Мындай достук кыска болот өмүрү,
"мына биз"- деп, ысык болот кээ бири.
"Аккан достон айырмабыз не?"- дешип,
арак менен каалоо айтышат кеңири.

Дос болуунун нечендеген түрү бар,
катуу айтам таарынбастан угуп ал.
Кээ досторуң аялыңдан көзү өтөт,
андай досуң шоруң сенин билип ал.
Бирөө сенин байлыгыңа дос болот,
мактайт сени бирок, ичи бок болот.
Колтугуңа кирип алган кан соргуч,
бир күн анын ич күйдүсү козголот.

Куулары бар амал үчүн баш урат,
бийлик сурап ит мүнөзүн жашырат.

Жумуш берсең ал сураган жеринен,
көп узабай корооң жакка таш урат.

Аккан достой болуу кыйын ар убак.
Ушул мезгил ыйман кеткен тар убак.
Ишеничтүү бир досуң бар, ал намаз,
лкуй бергин каза кылбай беш убак.

## ТҮПТҮҮ КЫРГЫЗ ТҮШҮНӨТ

Он бештемин, билем өзүм баламын,
анда неге кыздарды көп самаймын?
Аппак сандар мени дайым азгырат,
көзүм ойноп ошол жерин караймын.

Кээде көзүм карай берет бүт жагын,
оюм кетет "көрсөтсө"- деп, бүт баарын.
Эмне мынча кыздар мага жагымдуу?
Эстен тана карайм кээде арт жагын.

Көкүрөктүү кызды көрсөм "өчөмүн",
турган болсо ар жагында көчөмүн.
Көз алалбай карап жатып ал кызды,
сүзүп алдым алды-артты, эченин.

Сабактагы кыздарды мен көп карап,
пайда болду менде жаман бир адат.
Жаз мезгили кийингенин коргондо,
жан жериме той болгонсуп салтанат.

Суроо бердим бир байкеге "уккун"- деп.
Сурай бергин, жооп берем, эмне кеп?



Айтыңызчы ачык жүрөт көп кыздар,
"бул кыздарды деги кимдер тыят?"- деп.

Күлүп алды байке мени бир карап,
кийингени калбайт иним, бул адат.
"Жаш экенсиң, кызыкпа сен аларга,
көп кызыксаң зына ишке туш кылат".

Байке айтты: "кызыкпа"- деп андайга,
көрөмүн да, не жазганын маңдайга.
Көчүк башы ачык жүрсө кыздардын,
чал да болсо, бир козголот мындайда.

"Түшүнсө"- деп, орой жаздым ырымды,
катуу айтып, капа кылбайм бириңди.
Жаза койдум, эстүү кыздар сөздү ук,
жапкылачы көз кызартчу жериңди.

Улуу сөздө айтып койсоң уят жок,
бири күлөт, бирөөсүнө бул жомок.
Түбү жокту түртсө деле түшүнбөйт,
түптүү пенде угаар замат оңолот.
Акылдууга жарты сөзүң жетиштүү,
акылсызга айтпай койгон оң болот.

## АПА БОЛСО АРМАН ЖОК

Ападан кымбат эмне бар?
Билбесең анда билип ал.
Тогуз ай сени көтөргөн,
түшүнгөн жанга пириң ал.

Ападан артык ким өткөн?
Апаңды сыйла жүрөктөн.
Апанын жытын жыттасаң,
ичкендей суусун мүрөктөн.

Апанын баркын билген бар,
барктабай дагы жүргөн бар.
Апаны дайым сыйлагын,
бейишиң сенин, билсең ал.

Бүгүн бар апа, эртең жок,
алар бар кезде көңүл ток.
Тирүүсүндө сыйлап кал,
жоготсоң анан, арман көп.

Ападан жаш калганмын,
өтө көп менин арманым.
Болсо эгер азыр жанымда,
эркелеп ыйлап алмакмын.

Апалар болот ички тон,
аталар бизге сырткы тон.
Ачкычы булар бейиштин,
ушуну дайым билген оң.

Апа бар сага жемиш бак,
атабыз бизге алтын так.
Экөөнү сыйла кор кылбай,
батасын алып жакшы бак.



## НАМАЗ СЕНИН ЫЙМАНЫҢ

Үйрөнгүлө сүннөт менен жүргөндү,
учурашып жылмайыңкы күлгөндү.
Сабырдуу бол, сооп ишти көп жаса.
Намаз оку, бош өткөрбөй күндөрдү.

Билген жакшы арам менен адалды.
Туура ташта ар бир баскан кадамды.
Сенден көрүп туура жолго басышат,
балдарың да сендей айтат саламды.

Ушак айтпа көрүп билбей бирөөгө.
"Тообо" дечи, кылып койгон күнөөңө.
Аллах айкөл, адашканды кечирет,
зикир айткын сен кечирим суроого.

Намаз оку, "ушул менин бактым"- деп,
кээде мен да адашамын ачык кеп
Сабырдуулук кыла албай кез кезде,
уят болуп кээде калам жеме жеп.

Оо Жараткан, өзүң мени кечиргин,
көп адашып кемчиликти кетирдим.
Тообо кылдым кечире көр күнөөмү,
каза кылган намазга мен отурдум.

Намаз окуп биз түшөбүз оң жолго.
Ийгилигин дайым болот оң колдо.
Жүрөгүңдү тазалайсын кайгыдан,
тозок арам келмелүү ооз болгондо.

Улуу айтса тыңшап уккун акылын,
урматтагын, ошол сенин жакының.
Арам жолдон алыс болсоң ар убак,
бейишке сен жакындайсың акырын.

Ата-энеңдин айткан сөзүн жакшы ук,
асылдардын дайым болот аты улук.
Намаз гана ыйманыңды бекемдейт,
жаман жолду тандап алба, ант уруп.

Ислам дини өтө таза туура жол.
Намаз окуп, ыйманыңа бекем бол.
Сен өзүңдү туура жолдо кармасаң,
балдарыңдын тарбиясы мына ошол.

## ТАШТАП КЕТПЕ ЗАЙЫПТЫ

Кыз келиндер эркектерге аманат.
Кыз учурда бышып турган карагат.
Кор кылбастан асырасаң сен эгер,
уусу эмес, тилдеринен бал тамат.

Эркектер бар аялдарын "пир"-дешет.
Кээ эркектер негизи жок тилдешет.
Бир аялын бага албаган эркектер,
"дагы бирди алсамбы"- деп, эңсешет.

Жаман эмес сенин чанган аялың,
сен өзүңдү күзгүдөн бир карагын.
Жаман болсо күнөө сенин өзүңдө,
жашап койгон улуулардан сурагын.



"Аялдарга шартты түзүп бер"-деймин,
дайым камда аялыңдын жок-кемин.
Эч кеми жок шарты болсо зайыбың,
"ошол зайып, төрт аялга тең"- деймин.

Аялыңды жакшы көрүп кызгангын.
Үй бүлөнүн мыйзамын эч бузбагын.
Көрүп калып саны жоон кыздарды,
үй бүлөнү таштай качып сызбагын.

Эркектер бар күтөт бүлө темирдей,
бир аялдасына аялга "секирбей".
Акылы кем, чак келгенин издешет,
Ошол эле, өлчөмдөрү бип-бирдей.

Аялдарга айтып койсом сөз иргей,
эркегиңди жакшы карма, кетирбей.
Бир эркелеп түнү менен шайын ал,
кетпей калат кулуң болуп "негрдей".

## КОШ БОЛ РАМАЗАН

Жаратканды кулу болом күнөөкөр,
Аллах берсе ырыскыны күн кароор.
Мактоолорго Аллах гана татыктуу,
суранып кал рамазанда бир келээр.

Бир жыл күтөм ажал эле келбесе,
жанды берем "бүттү эми, бер!"- десе.
Тирүү кезде кечиримди сурап кал,
рамазан ай кымбат бизге миң эсе.

Бир ай бүттү, кош бол эми рамазан,
соопторго салмак коштсун таразаң.
Бир ай ичи арылгандыр күнөөлөр,
күтөм сени, болбой турса жаназам.

## АРТТА КАЛДЫ БАЛАЛЫК

Билесиңби, мен эңсеген эркексиң,
жылынайын кучагынан эркектин.
Кармаласаң башты коюп төшүмө,
бүт өзүмдү арнап сага бермекмин.

Айта салды көздөрүнөн жаш агып,
кыйнап менин жүрөгүмө от жагып.
Арбап жатты ар бир сөзү жүрөктү,
мени ээлеп алган сыңар эн салып.

Мени ээлеп сүйүү менен торупсуз,
эми билдим бойго жетип толупбуз.
Балалык кез узап калды арт жакта,
өткөөл кезиң өтпөйт тура жоруксуз.

Кучакташа төштү төшкө тийгиздиң,
ойго салып аргасы жок сүйгүздүң.
Кучактасаң түтүнү жок жалындап,
чындап эми сүйөөрүңдү билгиздиң.

Көздү ачты мага кылган кадамы,
юагындырды "сүйөм" деген амалы.
Балалыгым кетти эми кош айтып,
мас кылды ээ, кыз кылыгы, жамалы.



Балалыгым кетип жатты алыстап,
ченетпеди, узап менден, карыштап.
Кош бол эми чабак урган бала кез,
ушул бойдон калдың мага болуп жат.

## БАТА

Батамды чын жүрөктөн сага берем:
"дүйнөдө жамандыкты көрбө!"- деген.
Улуудан бата алып, сыйлай билген,
бактылуу болуп дайым жашап келген.

Көөдөндө тилегим бар "кимге?"- деген,
"ыймандуу жаштар үчүн, Кудай"- деген.
Бакыттан кем калбасын эки дүйнө,
улууну урмат кылып сыйлай билген.

Тилинде каргышы бар "кимге?"- деген,
тил безээр акылсыздар алып келген.
Акылдуу каргыштардан сак болушат,
акылсыз каргыш менен азап жеген.

Түш коргондой кетет сенин өмүрүң,
калтырасың коп адамдын көңүлүн.
Кечиримди сурап, кайра бата алгын,
бата күчүн сезбей жүргөн кээ бириң.

Бата жашоо, эгер билсең күл азык.
Бата алгын улуулардан кол жазып.
Батаң деле жер семирткич сыяктуу,
аласың го түшүмдү мол жер казып.

Каргыш албай бата алгын жүзүнөн,
адалдыктын чыкпай жаша изинен.
Ак баталар адашпастан түз тийсин,
бата алып жүр эч адашпай тезинен.



**Беккелдиев Ташполот**



Беккелдиев Ташполот 1956-жылы Ноокат районунун Кыргыз-Ата айылында туулган. Кырк жыл КР ӨКМ Ноокат райондук бөлүмүндө башкы адистен баштап бир топ жыл жетекчи болуп иштеп эргүүгө чыккандыгына карабастан бүгүнкү күндө да мугалимдик кесипти аркалап келүүдө.

Чыгармачылык иштерине 60 жашынан кийин киришип, азыр 500 дөн ашуун ырлардын автору.

Төрт уул-кызга ата,13 неберереге чоң ата, таята жана 1 чөбөрөгө камкор баба.

## ТАЗАМЫНБЫ?

Өмүр күздө ыр дүйнөдө өчүм бардай.
Капырай! Адат болду ырлар жазмай.
Күнү-түнү уйку качып эс алдырбай,
акыл-эсти эргүүлөр жеңип алмай.

Турушат ыр саптары кезек күтүп,
үлгүртүрбөй аяктоого бирди бүтүп,
кыялдар кайра баштан чабыт алат,
жата албай уйгу-туйгу ойго түтүп.

Ойлойм кээде, бул эмне, азабымбы?
Жараткан аманаты, жазаарымбы?
Жооткотуп өзүмдү-өзүм, талап коём,
чыныгы акындардай тазамынбы?

## МЕНДЕН МУРАС

Уул-кызым уландысы өмүрүмдүн,
чөбөрөм сен, узарганы өңүрүмдүн.
Силерге кала турган менден мурас,
ырлары уюп жаткан көңүлүмдүн.

Убактылуу бул дүйнө кептеркана,
мен да келгем, кеткени, артка кайра.
Жашап келем аяктоого далбас уруп,
калтырууга мурас-ырлар арнап сага.

Мезгил келет, чөбөрөм түшүнөөрсүң
Эсиң болсо мурасымды күтүнөөрсүң.
"Бабаларым калтырган эстелик"- деп,
сыймыктана эскерип сен жүрөөрсүң.

Айта албайм болоорун кандай заман,
адамзаты таштаарын кайда кадам?
Пенде пейли өзгөрүп, жардыланса,
ыргытылаар мурасым...анда жаман.

...А балким, кыйналса да биздин кадам,
оңолоор кайсы бир күн ушул заман...?

## ИЛИНСЕМ ДЕП КАТАРГА

Өмүр көчүм узагандай сезилип,
ыр дүйнөгө жаш өткөндө кезигип.
"Илинсем"- деп, акын аттуу катарга,
далбас урам камчы салып, теминип.



Ыр дүйнөдө санаалаш достор баары,
көбөйүүдө катарлар улам ары.
Ээ-жаа бербей мендеги ыр ышкысы,
эргүү келет кээ түнү оттой табы.

Уктабастан тосомун жаңы таңды,
Кыйнаганым сезилбей кары жанды.
Толгоо тартып, аягында ыр жаратсам,
кээде жакпай ич дүйнөм жаны жарды.

Оомат кушу конот кээ бир ырыма,
төп келишип менин туйгу сырыма.
Мен аларды салыштырып көрөмүн,
тулпар чапкан акындардын ырына.

## ӨМҮРҮМ КАЛАТ ЫРЛАРДА

Күндөр айга, айлар жылга алмашып,
жетип келдик жетимишке жармашып.
Жараткандан таттуу белек ушул бейм,
кайра-кайра, өзүңө мен кайра ашык.

Өмүр чиркин... ширин, таттуу экенсиң.
Кудай колдо, дагы бир топ кетээрсиң.
"Жашагын"- деп, жүздөн ары берсе да,
Оо кор пенде, дагы сураар бекенсиң...?

Кээ бир пенде кыска өтөп өмүрдү,
бирок нуска, сыйлап өтөт көңүлдү.
Урпактары жолун жолдоп алардын,
аты жашайт, дастан кылып өзүңдү.

Ушул жашоо, чындыкпы же төгүнбү?
Урпактарым улап кетсин өмүрдү.
Бакыт мага эки дүйнө, айтышса:
"Ата-баба уулу!"-деген сөзүндү.

## ЧӨБӨРӨМӨ КАТ

Ар күн үзбөй абалымды сураарым.
Арка белим, жөлөп-таяп тураарым.
Адамдыктын бийик наркын туу тутуп,
ар-намыстуу баба жолун улаарым.

Көкүрөктө ыйык туткан тумарым.
Көөдөн толо жыттап канбас кумарым.
Келечекте учугумду узартып,
кенен жаяар тамырымды чынарым.

Атым сактап урпагымды улаарым,
ата журттан түтүнүмдү булаарым.
Ата-баба арбайына багыштап,
аруу тилек бейиш жайын сураарым.

Улуу Манас болсун дайым ураанын!
Улуу өлкө болсун уулум, кураарын.
Түпкүлүгү миң жылдары түптөлгөн,
Улуу Кыргыз жашай берсин ылайым.

## АТА-ЭНЕҢДИН КУМАРЫ БАР

Бул жалганга пенденин келмеги бар.
Маңдайдагы ырыскысын термеги бар.
Туу көтөрүп бийикке жетмеги бар.
Туз насиби түгөнсө кетмеги бар.



Ата-эненин балага кумары бар,
жүрөгүндө тереңде тумары бар.
Караныңдан айланып чексиз ирет,
бата тилеп Кудайдан сураары бар.

Айлананда өз балдарың карап турат.
Ар бир кылган мамилеңе көңүл бурат.
Өзүң дагы билинбей улгаярсың,
келбейт тура карылык бизден сурап.

Текке кетпейт ата-энеңе жардамдарың,
балдарыңдан кайтат сөзсүз алгандарың.
Картайганда сый көрсөткүн ата-энеңе,
калтырбастан өкүнүчтүү армандарын.

## ЧЫРПЫГЫҢ АЙЛАНАТ ЧЫНАРГА

Жашаба турмушка камыгып,
жараткан Кудайга таарынып.
Жакшылык өзүңдүн колуңда,
жолу жок коюлган салынып.

Жасай бер чарчабай аракет,
табасың мээнеттен берекет.
Эртеси көчөөр күн болсо да,
жайыңа чырпыкты тиге кет.

Чырпыгың айланат чынарга,
дем болуп өмүрүң улаарга.
Батасы тийгенде элиңдин,
батаарсың мактальп кумарга.

Ишиңдин чаласын улаарга,
эскерип эл-журтуң тураарга.
Санжыра сыяктуу кеп кылып,
артыңдан дубасын кылаарга.

## АЗ ЖАША, САЗ ЖАША

Моюндап бешенем жазыгын,
каксам да каруумдун казыгын.
Тилеймин өмүрдүн узунун,
жана да жан дүйнө азыгын.

Келсе да өмүр күз курагым,
түгөнбөйт көр турмуш убайым.
"Баарына шүгүр"- деп, жашаймын,
тазалап тартылган тузагын.

Аз жаша, көп жаша - саз жаша!
Албаймын жазгандан башкача.
Артымда жаман сөз калбасын,
адамча, жашаймын таптаза.

Урпактар качандыр эскерээр.
Жакшы атым аларга эп келээр.
Мен жазган ырларды окушуп,
"Сыймык!" - деп, мактанган кез келээр.

## ӨМҮРҮНҮН УЛАМЫ БАР

Ойлоном, күн болбосо болоор беле:
Жаркырап, гүл жыттанган ушул талаа,
кажы-кужу, кумурсканын уюгундай,
биз жашаган калкы жыш Оштой калаа?



Жараткандын карачы усталыгын,
байлаган бир-бирине бүт баардыгын.
Жасаган байлап-түзөп бул ааламды,
"шарт түзө, жашасын!"- деп, биз адамды.

Пенде байкуш напсикор, кутула албай,
келебиз ушул шартты күтүнө албай.
Алардын оюна да келип койбойт,
керектүүсүн бүгүнкүнүн бүтүрө албай.

Бул дүйнөнүн пенде үчүн жалганы бар,
Жараткандын дагы канча ааламы бар?
Бирок туюм, ички сезим билип турат,
чымын жандын өмүрүнүн уламы бар.

...Ошондуктан "эске түй!"- деп, айтар элем,
жакшы-жаман иштериңдин сурагы бар...

## ЭНЕЛЕРДИН МАЙРАМЫ

Өмүр шерик жайдарым, жароокерим,
алаар акың түгөнгүс менде сенин.
Апам мени сага таштап кеткенден соң,
мээрим төктүң, урушуп, "сен" дешпедиң.

Элүү жылдай чарчабастан жетеледиң,
жаш баландай дале келет эркелегим.
Куту сенсиң от өчпөс коломтонун,
оңдоп-түзөп, кеңейтчүү келечегин.

Кайда жүрбө дайым жүрөм көңүлүңдө,
менден жакын эч ким жок өмүрүңдө.

Үйүм толгон бала-чакам болгон менен,
бир керемет ордуң бар жүрөгүмдө.

Жарык чачаар чырагы сен караңгынын,
баарыбыздан алыс кылсын жамандыгын.
Бүгүнкү күн энерлердин майрамына,
Жараткандан тиледим амандыгың.

## БҮГҮНКҮНҮН ДОСТУГУ

Достун дагы досу болот кол алышкан,
бар-жогуңа кайыл болуп ынанышкан.
Жамандыгың жашырып жөлөп-таяп,
жакшылыкты кубанып бөлө алышкан.

Кыйын учур дос болоор ишенгениң,
көп сыноодо сынагандбыз берилгенин.
Ал достуктун эзелтеден түбү терең,
уктуңарбы кимдин-кимди жеригенин?

Достугун көп жолу уктук улуулардын,
суктандырган жан дүйнөсү сулуулардын,
төбөсүндө кылыч кармап турса дагы,
укпаганбыз досун кечип сынууларын.

А азырчы...

Күндө угамын саясатчы достуктарын,
ээрден ооп ыркырашкан пастыктарын.
Бул досторго бийликти да кошоор элем,
амал үчүн жасап жүргөн кастыктарын.



## КОШ ӨРҮМ ЧАЧ ЭСЕЛЕК

Ыр дүйнөнүн аргымагын минип алып,
махабаттын ой-кырына дүрбү салып.
Кармап алсам сүйүүнүн алтын кушун,
жүрөөр элем ал кушту сүйүп багып.

"Токоюнда сүйүүнүн жүрсөм"- деймин,
махабатка жалындап күйсөм деймин.
Жолун таап ал жалынды өчүрө алсаң,
ошол жакта "бир өмүр калсак"- деймин.

Сүйүү турса назик гүлдөй ачылып,
аруу сезим күн нурундай чачылып,
бактыбызга эч ким тоскоол болбосо,
сүйүү аттуу сезимдерге катылып.

Бул кыялдар жүргөн сымал жетелеп,
туңгуч сүйүү кыйнап эстен кете элек.
Кээ бир күндөр жүргөнсүймүн элестеп,
тармал чач кыз, кош өрүм чач, эселек.

## ЭТИЯТТАП КАДАМДА

Бүгүнкү күн, оң-тетири заманда,
басаар жолун этияттап кадамда.
Муз сыңары тоңуп калган көөдөнү,
жүрөгү таш жан көбөйдү адамда.

Байлык үчүн көңүлүңдү муздатаар,
бечаранын акысын жеп сыздатаар.
Бийликтердин төбөлдөрү аз келип,
буттан чалып башкалары "ыйлатаар".

Тууган толо колдо бийлик барында,
колдоп-коштоп күнү-түнү жанында.
Түк билбейсиң кимиси "ак-карасын",
билинишет аттан түшкөн маалында.

Кээлери дос капчык калың маалында,
кур каткырып чайың ичүү камында.
Салам айтпай өтүп кетет билип кой,
бут чалышып итке минген маалында.

Көзүңдү ачып абал сурайт баягы,
бирге өсүшкөн "бозо" досуң сыягы.
Жазгы өткүн жамгыр сыңар жоголот,
байлык, бийлик досторундун аягы.

Төгө жаздап чыдамымдын кесесин,
ойлойм кээде бала-чакам эртесин.
Сооротомун кайра туруп көңүлдү,
сабыр кылсаң тилегиңе жетесиң.

## ИЗДЕГЕНДИР...

Жайкы түн, бүт айлана бейкут жатат.
Жымыңдап топ жылдыздар өчүп жанат.
Суйкайып сулуу кыздын кашы сымал,
жалгыз ай түнкү асманда сүзүп барат.

Биз тандаган жылдызды таба албай,
асман карап турамын көзүм талбай.
Чубалыша оркочтонгон түрмөк булут,
жылып барат асмандын бетин каптай.



Ошол жылдан мезгил өттү эчен курдай,
жылдыздын ээси жоктур эч каралбай.
Жолугууга дайым ал күбө болчуу,
түн бир оокум кош айтыша кете албай.

Ал жылдызды дагы бири ээлегендир,
катаал тагдыр аларды да ийлегендир.
Моюн сунбай Жаратканды өкүмүнө,
ким бирөөсү жылдар өтүп издегендир.

## ЫР БУЛАГЫ

Сүйүүлөр... Башталышың тунук булак,
тагдырлар башатысың жолуң улап.
Жактырып эки жүрөк табыша алса,
келечекте биргеликте өмүр курап.

Сүйүүлөр...Тандабайсың эч бир курак,
келбейсиң эч пенденин жашын сурап.
Тагдырлар башка-башка болсо дагы,
арбайсың жыттангансып жийде бурак.

Сүйүүлөр...Жүгөнү жок азоодойсуң,
кээ учур аркандалып тушоодойсуң.
Ал жипти үзө албай бут чалынса,
өмүр бою жоор аттай кыйноодосуң.

Сүйүүлөр...Келбейсиң сен абал сурап,
арбайсың "кел берилеп" мөлтүр булак.
Кээ бирине ачуу тагдыр тартуулайсың,
жарлар көчүп, ылайланып тунук булак.

Сүйүүлөр...Моюндабайт жаш куракты,
токтотпойт эч кандай күч бул булакты.
Канча жолу алмаштырып койсоң деле,
алмаштырбайт жүрөк деген ал туракты.

Сүйүүлөр...Миң бир дастан, жок аягы,
жүрөктөрдөн башка бараар жок турагы.
Адамзаты тирүүдө, сен да тирүү.
Ак, ага бер! Токтобо, ыр булагы!

## БҮГҮН КИММИН...?

Бүгүн менмин төрт муунду баштаган,
ата-энемдин барк-дөөлөтүн сактаган.
Жаш кездеги кундуз кара чачтарды,
балдар-кыздар, чөбөрөгө таштагам.

Отуз беш жыл бир бөлүмдү баштагам,
калктын мүлкүн түш тарапка чачпагам.
Бей-бечара, жетим башын сыладым,
арамдык жок, мен ошого мактанам.

Өмүр өттү кызмат кылып барк алган,
жазды жайлай, күздө үйдө жатпаган.
Жашым жете бошогон соң жумуштан,
эргүү сүйрөп ыр дүйнөгө баш багам.

Көч башы элем, бир тууганды баштаган,
атам жыйган мал-мүлктөрүн чачпаган.
Бир туугандар болгондон соң бүлөлүү,
жаман-жакшы сөз кошууну таштагам.



Дос-жар күттүм бир учурлар каптаган,
байлык-бийлик колдо барда жактаган.
Ишим жүрүп, ташым өрлөп турганда,
"кел досум"- деп, башым сылап таптаган.
Азыркы учур дос-жар калды сатпаган,…

## ИЧТЕГИ АРМАН...

Арманды жазуудамын жашым төгүп,
сиздердин майрам күнү көңүл чөгүп.
Бүгүнкү күн сиздердин майрам экен,
кеч болсо да калаар ырым белек болуп.

Буулугам ичте толгон арманыма,
алтын апам эрте сапар алганыңа.
Эсим таап мээримиңди сезе элек,
элесиң жап-жаш бойдон калганына.

Алтымышта айыкпас оору тооруп,
айласыздан кеттиңиз гүлдөй соолуп.
Апакебай кулунуңду кечире көр,
арзыбапмын мээримиңе уул болуп.

Андан бери эчендеген жылдар өттү,
аздектеген атабыз да сизге кетти.
"Алдей" айтып уктатчуу жаман уулуң,
жетимиштин кырына келип жетти.

Азыр мен баба болгом алтын апам,
а сиз үчүн. бала бойдон эсте калгам.
Алдыңызга апам ай. барган кезде,
айтаармын арманымды ичте калган.

## СҮЙҮҮ - АКЫЛ, ЖҮРӨК ТАЙМАШЫ

Сүйүү келет не бир түргө түрдөнүп,
башталышы ак-кызыл гүл бүрдөнүп
апкаарытат чын-төгүнү билинбей,
сөз айтууга жүрөк даабай сүрдөнүп.

Бирде турат көңүл кушун азгырып,
көзүң сокур, калп дүйнөгө багынып.
Бар дүйнөдө кечип коюп баарынан,
жашың төгүп, намысыңдан арылып.

Делби сыңар акылыңдан адашып,
кыялыңда тургуң келет жанашып.
Чочуп кетип кайра эсиңди табасың,
акыл-эсиң, жүрөк менен таймашып.

Жүрөк сезбейт сүйүүнүн ич аласын,
мезгил дабаа, ылгайт агын-карасын.
Акыл-эске жүрөк байкуш багынат,
көөдөнүңдө таппастан эч айласын.

## ОЙЛОР КЕЛЕТ

Тообо кылам бүгүнкү күн бардыгыма,
Жараткан насип эткен тагдырыма.
Бирок да, кээ бир учур капаланам,
көр пенделер ичинин тардыгына.

Кейинбейин өмүр чиркин, аздыгына,
кубанайын аз да болсо, саздыгына.
Ал өмүрдү кулпунтуп жашайынчы.
баш койгончо Жер Эне жаздыгына.



Насибин, өмүр кемин жашайынчы.
Элге жагаар бир жумуш жасайынчы.
Аз болсо бул өмүрдө из калтырып,
урпактар ыракматын алайынчы.

Бул өмүрдөн насибин алайынчы,
Жараткан "чакырганда" барайынчы.
Телегейи тегиз делген бейишинде,
орун берсе түбөлүккө калайынчы.

Ар пендеге так ушул ойлор келет,
кааласаң, каалабасаң баары кетет,
Көрүстөндө топурак салган кезде,
жаманды да айласыз "жакшы" дешет.

## БИРОК, ҮЛГҮР...

Угуп жүрөм сүйүүлөрдүн ар түрүн,
жазгым келди арасынан жаз гүлүн.
Кээ бирибиз соолутабыз сүйүүнү,
бага албастан ачыла элек гүл бүрүн.

Сүй, сүйө бил, сүйүүдө жоктур богот,
махабат эрктүүлөргө мээрим төгөт.
Сезимдин гүл бактары сууга муктаж,
бага алсаң не бир сонун гүлдөр өнөт.

Жеңил ойлоп сүйүп-күйүп жалынат,
эрки жетпейт, сел каптаса багынат.
Махабаттын гүл багына жете албай,
дагы бирин "тумар" кылып тагынат.

Бул турмушта кээде болот татаалдык,
катаалдыктан келип чыгат каталык.
Бирок үлгүр, селге карап каршы тур!
Пенде өмүрү көз ирмемдей аралык.

## ТАҢКЫ ОЙЛОР

Таңга жуук чыгыш асман сөгүлгөндө,
көктөгү чолпон нуру төгүлгөндө,
кыялданам, эргүүлөргө кумар канып,
не бир сонун ой орноп көңүлдөрдө.

Кыялдарым кээде учат чексиздикке,
бүгүнкү болуп жаткан теңсиздикке.
Адам пейлин таптазалап, жууп салып,
койгум келет чоң чекит, эрксиздикке.

Жексен кылсам "напси" деген "чунакты".
Кадырласам ар бир курак, убакты.
Сээп койсом мээримдүүлүк үрөнүн,
такыр үзүп бизге салган "тузакты".

"Өрттөсөм"- дейм, бузуктардын үлүшүн,
манчыркaнып бай кедейге күлүшүн.
Көмүп салып, темирлерин дат баскан,
калтыргым бар жалаң алтын, күмүшүн.

## КӨӨДӨНДӨГҮ ЖАҢЫРЫК

Канча жылдар көрбөсөм да өзүңдү,
эстей берем жанга жагым сөзүңдү.
Кээде түштө көрүп калам жайдарым,
мөлтүрөгөн карагаттай көзүңдү.



Шаңга бөлөп ар бир өткөн күнүмдү,
дем-күч алам уккан сайын үнүңдү.
Кыялымда бирге жашап келесиң,
кумардана жыттайм аппак жүзүңдү.

Көөдөнүмдөн кетпей ушул жаңырык,
аргасыздан тез-тез турат жаңырып.
Жүрөгүмдү тыйып келем зордуктап,
бүгүнкүмдүн бактысына багынып

Кээ бир учур ойлоп сени кыйналам,
жүрөк булкат көөдөнүмдө туйлаган.
Акыл-эсим жеңип кетет жүрөктү,
"бала-чака, жарың бар"- деп, кыйбаган.

...Ооба, ооба, тирекмин мен көптөргө,
чоң атамын, бабамын эл сыйлаган.
Даяр турган чымын жанын берүүгө,
ырларында бүлө үчүн ырын ырдаган.

## АТА

Ата бул - үй бүлө үчүн чынар терек.
Асманын бекем сактап турган тирек.
Акыл калчап ар бир анын айткан сөзүн,
анык көрбой, "зарыл го"- деп, угуу керек.

Атаң барда көңүлүң ток, үйүң кенен!
Атаң барда үстүң бүтүн, тамак белен!
Атаң барда кээ бирибиз түшүнбөйбүз,
"Ата" деген – Кыргыз сөзү, "бакыт" деген.

Атаң тоодой, ооп баратсаң сен таянаар.
Атаң чынар, күндөн сактап,сая кылаар.
Ата сыйлуу, өзү жерде, барка асманда,
аяр тутуп, сактап-барктап алчуу тумар.

Ата баасыз, жер-ааламда табылбаган.
Анын орду алтын-зерге сатылбаган.
Аталарды аздек тутуп, сыйлап алгын,
"ата" деген, көзү өткөн соң чексиз арман.



## Зулпукарова Мисират



Зулпукарова Мисират Мамиевна 1960 - жылы 20 - июлда Карасуу районуна караштуу Мады айылында туулган. Билими орто, Ош педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, 1983 - жылдан бери Алай районуна караштуу Самат Ашимов атындагы орто мектепте улук китепканачы жана мугалим болуп иштейт. Райондук, облустук маалымат каражаттарында автордук ырлары байма-бай чыгып турат. Райондук мектептерде анын ырларын колдонуп мугалимдер адабий-музыкалык семинар өтүп турушат. "Учурдун талабына ылайык электрондук окуу китептерди чыгаруу" деген темада облустук деңгээлде семинар өтүп, Ош билим берүү институтунун "Ардак грамотасы", 2022 - жылы КР билим берүү жана илим министрлигинин "Ардак грамотасы" менен сыйланган.

Азыр "Ынтымактуу таланттар" маданий-коомдук бирикмесинин мүчөсү, бирикменин журналдарына ырлары жарык көрүп келет.

Учурда ошол эле мектепте улук китепканачы жана мугалим болуп эмгектенет. "Жаңы Алай" айылында жашайт. Эки уул, эки кыз, он бир небереси бар.

### АЛТЫМЫШ ЖАШ

Төө белестин ышкынына жете албай,
ары басып макул болуп
кете албай.
Арсар келдин аңкоосунган алтымыш,
бар сезимди батыл болуп чече албай.

Чачым сылайт сулуу жаздын желдери.
Кол булгалап жаштык "кайра кел"- деди.
Ой-кыялым жолдон мени чыгарба,
жакындады алтымыштын кербени.

Алтымыш жаш атың менен улуксуң,
жапжаш бойдон жүрөк согот, "курусун".
Күлүк ойлор кетпе мени жетелеп,
ай алтымыш жетимиштен сулуусуң.

Алтымышта сүйүү оту өчкөндөй,
сезимдерим эл жайлоодон көчкөндөй.
"Чоң эне"- деп, чуркап келсе неберем,
ошол сүйүү баарын кууп өткөндөй.

## КЕТКИМ КЕЛДИ

Кеткем келди балалык кез ирмемге.
Келчү элек ойноп күүгүм киргенде.
"Элге окшоп чоңойсом - деп, эртерээк".
Шашпайт элем жашоо сырын билгенде.

Куурчагым бар менден такыр айрылбай,
бирге жүрөт, жакшы көрөм жанымдай.
Жыгач коюп отурганда экөөбүз,
булуттарга бараар элек арымдай.

Кеткем келди, мен балалык кезиме,
мерез мезгил көнбөйт андай чечимге.
Алмашылды неберeме кыялдар.
баш ийгемин аппак чачтуу мезгилге.



Өзгөргөн жок, баягы эле булуттар.
Ойлор келет, кайра кетет куюндай.
Азгырбачы кыялдарым жетелеп,
кеткен жашты эстеп коём унутпай.

## ЖАШ КЕЗИМЕ БАРЫП КЕЛДИМ КЫЯЛАП

Жаштыгыма барып келдим кыялап,
жазгым келди ошол кезди сыялап...
Жакшы кесип аркалапмын өкүнбөйм,
ата-энеме миң мертебе ыракмат.

Оо жаштыгым, сенде кетти окуучум.
Ошол кездей болду дайым жолугуум.
"Алтын эжем"- деген сайын өзүмдү,
элестеди балалык кез жоругум.

Мен аларды окуучумдай күттүмбү?
Мээрим төгүп дал ошондой сүйдүмбү?
Окуучулук күндөрдү айтса эскерип,
байкап турдум мугалимдик сүйүүмдү.

Сөздөр бүтпөйт, сагынычтар тарабайт.
Тентектигин алар айтып бүтө албайт.
Жыйырма жыл өтүп кетти билинбей,
ал жаштыгым кеткен окшойт кыялап...?

Биз коштоштук окуучулук кездердей,
убакытты шамал айдап кеткендей.
"Кырк жылдыкты кимге насип этти?"- деп,
карылыктын чоң базарын элестей.

## УКПАЙ КАЛДЫК БУЛБУЛДУН САЙРАГАНЫН

*(Кыргыз Эл акыны Элмирбек Иманалиевди эскерүү)*

Укпай калдык булбулдун сайраганын,
бошоп калды коноло бакчадагы.
Эли калды арманда атаганат,
эрте кетти келбес жакка кайран жаны.

Жаркыраган жылмайыңкы көздөрүң,
жан эргитээр таамай айткан сөздөрүң,
бир "жарк"этип өчүп калган жылдыздай,
элестери чыкпайт эстен төкмөнүн.

Төкмөлөрдүн төрүнөн орун алган.
Төгүлүүдө көз жаштар, жашоо жалган.
Комуз коштоп созгондо обондорун,
уккан жанда болбойт эле эч бир арман.

Сахнадан биз издейбиз караанын,
элиң үчүн өлбөс эмгек жасадың.
Кылымдарга өчпөй турган из салдың,
Кыргыз үчүн көп эле го жасаарың.

Эрте кеттиң ачылаар убагыңда,
жанбайт азыр, өчүк турат чырагың да.
Чети оолбай ичте кетти ырларың,
башын ийип өлүмдүн мыйзамына.

Тирүүсүң, ырларың эч өчпөйт сенин,
унутулбайт, жашай берет элестерин.
Аттин арман кайрылгыс жайга кеттиң,
аралап жүр чын дүйнө бейиштерин.



Жаркыратып жашаган өмүрлөрүң,
көтөрүлчү ыр угуп көңүлдөрүм.
Бул жарыкка шоола төккөн өзүң болдуң,
өчпөйт сенин көп кырдуу өнөрлөрүң.

Укпай калдык булбулдун сайраганын,
көрбөй калдык ыр багы жайнаганын,
анын үнү башка эле уккулуктуу,
ал булбулум чын дүйнөдөн тапкан жайын.

## КЫЯЛ УЧАТ

Ден соолук бар сулууларга окшоймун.
Суу сепсе да өчпөй турган чоктоймун.
Алтымыштын ашуусунда кубат бар,
азыр дагы дүрмөтү күч октоймун.

Арзуу ойлор акылымдын топтому.
Учкул кыял сезилбейт да токтоору.
Албуут сезим чарчабагын арыштап,
акындыктын жолу ошондой окшоду.

Бүгүн неге жүзүм ысып албырам?
Кызыл оңдүү сулуулугум сагынам.
Күзгү алдында турсам дагы жасанып,
көргөнүмө мен негедир таарынам.

Кыялдарым жаштыгымды сагынтат.
Өмүр бирок күүлүү-күчтүү арыштап.
Ойлор учат, аягына жетпедим,
кеткен белем жаштык менден алыстап.

## ЖОЛДОРУМ

Дайым менин басып өтчү жолдорумда,
келе жатсам эч нерсе жок ойлорумда.
"Кандайсың?"-деп, саламдаштың сен жылмайып,
бир керемет жылуулук колдоруңда.

Саламдаштым мен да сага жылмайып,
экөөбүз тең калгандайбыз улгайып.
Жаштык кездин жалындаган мезгили,
ушул жолдо калган экен уурдалып.

Биз коштоштук кайра колду кармашып,
шашып барам убакыт аз калгансып...
Сен да кеттиң арт жагыңа кылчайбай,
көп басканбыз бул жолдордо таңды ашып.

Жерди карап такыр артты карабай,
шашылсам да бир кылчайдым акмалай.
Баш көтөрбөй бара жаттың, байкадым,
балалык из, сезим калган, арман ай...

## КӨҢҮЛ

Сөздөр турат айтам десем ачуусу,
"көңүл калып калбасын"- дейм. ай ушу.
Деңгээлине түшө бербейм бирөөнүн,
ден соолукка пайда сөздүн таттуусу.

Көздөр кээде сырдуу карайт адамды,
жашырасың ичиндеги санааңды.
Калган көңүл. чыккан жанын табылбайт.
жашайлычы узун таштап арканды



Кыял жашайт кытыгылап көңүлдү,
шайтан минип: "айт, айткын"- дейт, сөзүңдү.
"Жаратканым өзүң колдо"- деп, турам,
көңүл калып өткөрбөйүн өмүрдү.

Бул жалганга аманатбыз баарыбыз.
Ишке ашсын, тилек-ойлор арзуубуз.
Жакшы сөздү аябайлы эч качан,
ал аркылуу биз адамдар барктуубуз.

## КӨҢҮЛДӨГҮ ИЗДЕР

Бейкапар жүрсөм жолуктуң мага,
күткөнүң эстейм уйкусуз таңда.
"Ал жылдар өттү, унуткун"- дедим,
көз караш менен сүйүүңдү айтпа.

"Сенден да жакшы жолугат"- дегем,
эсиме түштү: "оюңду айт"- деген.
Унчукпай турдум чечкинсиз жаным,
өзүмдө күнөө кайрылбай кеткен.

Жашоодон кээде кыйналган кезде,
карабай сени кеткеним эсте.
Тумчуккан сүйүү элеси калды,
сырдуу көз менен көп карай бербе.

Ак барак бизде жазылбай калды,
бири кем дүйнө, барктайлы жанды.
Сүйүүбүз таза сүрдөбөй кара,
күткөнүң айтып агарган таңды.

## МЕНИН ДАГЫ АТАМ, АПАМ БАР ЭЛЕ

Менин дагы атам, апам бар эле.
Айткан сөзү жүрөгүмө дары эле.
Көңүл куунак, оюм тунук жан элем,
кышым мени үшүтпөгөн жаз эле.

Менин дагы атам, апам бар эле.
Ойлогонум аткарылчу шар эле.
Санаасы жок, уйкусу тынч балалык,
өтүп кетти байкатпастан бат эле.

Менин дагы атам, апам бар эле.
Бири дөөлөт, бири жарык шам эле.
Экөө менен кошо кетип калганбы?
Артты карап кылчактаймын дагы эле.

Күндөр өттү өз нугунда камчылап,
жашап жүрөм атам, апам барчылап...
Чачым сылап эркелеткен экөө жок,
өңүм башка саргайыңкы жалбырак...

Башымды ийдим башка түшкөн тагдырга.
Кайрандарым азыр жердин алдында.
Түшкө кирип: "суук биздин койнубуз",
"жаша балам, өмүр сүргүн жарыкта".

Азыр мен да балдарыма апамын,
унутпадым бул жашоонун жалганын.
Мен да кетем өмүр менен коштошуп.
келбес жактан издейт мени балдарым.



Кайра келбес атам, апам карааным,
жаткан жерге Куран окуп барамын.
Байкап калдым тамчы жашым куюлуп,
мени эстеп көз жаштардын агаарын.

## АТАМА

Атам менин аскалуу тоо, турагым.
Ар убакта насаат айтып тураарым.
Кайратыңдан канат бүтөт көңүлгө,
кайда жүрсөм жөлөк болоор "дубалым".

Атам менин түгөнбөгөн дөөлөтүм.
Тайгылганда таяп тураар жөлөөчүм.
"Акылдуу бол, аппак таңым сенсиң!"-деп,
айткан сайын, караан тутам сөөлөтүн.

Жол көрсөттүң акыл-кеңеш сөзүңдө.
Сен үйрөттүң таттуу жашоо, өмүргө.
Кайратыңдан кагылайын атакем,
"канаат кыл" - деп, гүл өстүргөн көңүлгө.

Эстейм ата "эрке кызым сен"- дедиң.
"Кээде артык, кээде тузу кем"- дедиң.
Ал сөздөрүң эрктүүлүккө үйрөтүп,
"айткандарды унутпагын, дем"- дедиң.

Балалыктан эбак кеткем ыраактап,
мен өзүңдөн жүрөм ата кубат таап,
жалганына окүнбөймүн өмүрдүн,
сен көрсөткөн жолдор чындык, ыракмат.

## ЭНЕЛЕРИМ

Эч качан энелерим оорубасын.
Жаман сөзгө көңүлдөрү соолубасын.
Дүйнөнүн сулуулугун багындырган,
эне нурун сур булут тоорубасын.

Бир кол менен бүт дүйнөнү терметкен,
бир кол бешик, ымыркайы эр жеткен.
Эне деген ыйык затты урматта,
табалбайсың бүт дүйнөнү сен кезсең.

Эне барда үйүң жарык таптаза,
көңүл куунак, үйдүн куту башкача.
Күн мээримдүү энелердин жүзүнөн,
нур төгүлүп турса деймин ар качан.

Эне болот уул-кыздарды төрөгөн.
Өйдө-төмөн, жаман-жакшы... жөлөгөн.
Уйку көрбөй узун түндү өткөрүп,
"алдей" ырдап ак бешикке бөлөгөн.

Куттуктайлы асылдардын майрамын,
алар барда өзгөрүлөт заманың.
Кайратынан тайбай эне жашасын,
тез карыбай сыйын көрүп баланын.



## ӨМҮРДҮН АГЫМДАРЫ

Өмүрдүн агымында аккан менен,
көңүлдүн агымында ташыркагам.
Сүйүүнүн деңизинде сүзгөн менен,
суусусунун "муз даамынан ачырканам".
Өйүзгө сүзүп өтсөм болмок экен,
өзүмдө чечкинсиздик "жатыркагам".

Көңүлдөр кубатташып бир барамын.
Жашоонун каттамында мен да бармын.
Чыркырап чындык үчүн тура берем,
жалганга мен өзүмдү бура албадым.
Көңүлүм боз тумандай бүркөлүңкү,
эртеңдер ачык күнүн күтөт жаным.

Өмүрдүн агымында аккан менен,
жүрөктү чырмап турат "жалган" деген.
Пайдага агып кеткен көңүлдөрдү,
Карабайм, "билбеймин"- деп, жооп берем.
Кудайдын буйругуна баш ийесиң,
Жазмышы бирдей эмес, ал бешенең.

Өмүрдүн дайрасында аккан менен,
көңүлдүн агымында жабыркагам.
"Кечемин"- деп, жээгине барган менен,
агымы буркан-шаркан кайра кайткам.
Өйүзгө сүзүп өтсөм болмок экен,
тагдырдын сыноосунда болбой арман.

## ЖАШ КУРАК

Ойлоп турам он сегиз жаш куракты,
достор менен бирге отурган булакты.
Турмуш менен тура калса иши жок,
балалыкты, баёо сезим убакты.

Жалындап турган жыйырма беш,
жаштыктан калган бир элес.
Жар-жарды угуп тойлордон,
жарыңды издеп калган кез.

Отуз жаш барып октолот,
калган кез акыл-ой топтоп,
тайманбай турчуу курч мүнөз,
тартышпай өзү жок болот.

Кырк жашка барган убагың,
токтогон жаштык курагың.
Уул-кызыңды чоңойтуп,
жаныңда жарык чырагың.

Элүү жаш өмүр ортону,
акылдын толук толгону.
Арыктан аттап суу кечкен,
бакыттын ачык жолдору.

Алтымыш жашың арчадай,
жаштыгың кеткен кыялай.
Жабыркап коңул калбасын,
жакшы сөз сүйлө абайлай.



Жетимиш жашта эңилдиң,
айтканың укпай жеңилдиң.
Унчукпай угуп, жашай бер,
көк чайын ичип келиндин.

Сексен жашта сербейип,
кулагың укпай "делдейип",
неберең турса жетелеп,
"не болду мага?"- деп, кейип.

Токсон жашка барганда,
жашоодон жадап калганда,
ыраазы болуп кете бер,
ырахатсыз жалганга.

Жүз жашты такыр сураба,
жүдөтүп жаның кыйнаба.
Жүгүртүп жүрүп жанымды ал,
күнөөкөр кылбай Кудайга.

## "БАЛАМ"- ДЕП, СОГОТ ЖҮРӨГҮМ

"Балам"- деп, согот жүрөгүм,
"Балам"- деп, өмүр сүрөмүн.
Жомоктой болсо тагдырың,
жүрөгүм арнап жүрөмүн.

Бапестеп балам торолттум,
багыңа бакча орноттум.
"Балам"-деп, туруп айланып,
баланды дагы чоңойттум.

Баланды сүйүп турсам да,
бал сөзүн угуп туйсам да,
баламсың мага, баламсың,
жүрөгүм согуп турганда.

Майрамын тосуп балдардын,
кыз-уулум белек камдады.
Куттуктап, сыйлап тапшырып,
сүйүүсүн алар арнады.

Мен дагы тилек кааладым,
жүзүнөн өөп жыттадым.
Байкадым бирок, билгизбей
"балам"- деп, жүрөк какканын.

Балдарды коргоо күнүндө,
бай турмуш болсун күнүгө.
Жүзүнөн нуру төгүлүп,
кубаныч коштоп күлкүгө.

## САГЫНУУ

Кээде бар карегиме жаш алмайым,
өмүргө экинчи ирет жаралбаймын.
Кай бирде эстеп алып жүрөк "тыз"- дейт,
канткенде мен аларды сагынбайын?

Тирүүлүк тушоо менен чырмап алган,
жүрөктө өйүп турат айтпас арман.
Жакшылар мага жандаш болгон үчүн,
жай турмуш көйгөйлөрү артта калган.



Сагынам, жолугууга убакыт жок,
күндөрдүн күлүгүнө көңүлдөр ток.
Убакыт арасында өкүнүч бар,
кылчайып жаштыгыңды бир ойломок.

Сагынуу сан күндөрдү камтып турат,
жүрөктө санаалаштар турат туйлап,
жолугушчу күндөрдү санап коюп,
олтурам сагынычтуу ырлар курап...

## ЭСТЕЛИК

Эл-журтуна ачык-айкын жар салаар.
Эрдиктерин эске салып айта алаар.
Карт тарыхта аты калаар түбөлүк,
кан майдандан кайтпай калды канчалар...

"Түбөлүк от" жанып турат эскерип,
урпактарың гүл коюшат эстешип,
Мекен үчүн жанын берген баатырлар,
түбөлүккө жүрөктөрдө эстелик.

Бүт дүйнөдө согуш оту жанбасын,
канга сиңип талаа-түздөр калбасын.
Баатырларын арстан жүрөк, шамдагай,
урпактары эсинде бек сактасын.

Биз коргонбуз кайтып келген фронттон,
колу, буту... жараат алган ал октон.
Кырчындай жаш балдар кеткен окко учуп,
эне, бала, келин-кызды боздоткон.

Ар жылы май тогузунда эскерип,
" түбөлүк от" жанындагы эстелик.
Гүл коёбуз таазим кылып аларга,
кары-жашы, улан-кыздар... эл келип.

Жеңиш күнүн майрамдайбыз, даңктайбыз.
Сүрөттөрүн жүрөктөрдө сактайбыз.
Туу алдында унутушпайт урпактар,
ата-баба эрдиктерин актайбыз.

## СЫЙМЫГЫБЫЗ

"Улуу тоого чыккан барбы?
Улар үнүн уккан барбы?"
Кылымдардан багындырган, Кыргызымдын сыймыктары.

Жылдыз болуп көктө жанып тургандар.
Сыймык болуп көккө колун сунгандар.
Унутулбайт эмгектери эч качан,
улутумдун кыз-келиндер, уул-балдар.

Канчалык бийик турат даражасы,
эл-жерге түбөлүктүү кызматтары.
Туу тутуп коколоткон
улут баркын,
Кыргыздын аттуу-баштуу жылдыздары.

Ойлуу турам сүрөттөрүн карап алып,
Чыңгызга, Алыкулга... ырлар жазып,
эстелик калтырышты түбөлүккө,
эл-журту алар менен сыймыктанып...



Улуу тоонун бийигине чыккандар,
улар үнүн бийик тутуп уккандар.
Жашайсыңар жүрөктөрдө түбөлүк,
Кыргызымдын туусун бийик туткандар.

## БАКТЫЛУУЛУК

Быйыл менин бактылуу жылдарымбы?
Жай баракат жазып турам ырларымды.
Байкабайм күүгүм кирип калса дагы,
жазгым келет жүрөктө сырларымды.

Бактылуулук баардык күнгө берилбейт.
Суу сыяктуу жерге сиңип төгүлбөйт.
Бүгүнкү күн аягына чыкканда,
кечээги күн бүгүнкүдөй көрүнбөйт.

"Бакыт" деген учуп конгон куш болот.
"Байлык" деген эрип кеткен муз болот.
Адамзатка бир келүүчү сүйүнүч,
кайталанбас жүрөктөгү из болот.

Кыялдагы мен сагынган күндөрүм,
кечээ мага сунган эле гүлдөрүн.
Жалгыз гана мага жанып тургандай,
жылдыздуу түн ачып-жумуп көздөрүн.

Бактылуулук жолугушуу таңдары...
Ошол түнү жарык болду ай дагы.
Мага жакын өзүм тороп алгандай,
окуучумду дегим келбейт башкалардын балдары.

Бактылуумун акындыкка аттандым,
сындан өтсө жазган менин ырларым.
Ак булутту кууп жеткен адам жок,
арсар калбай орундалса кыялым.

### КАРЕГИМ

Мен билбеген карегиңде көзүң барбы?
"Укпайт"- деп, айтып койгон сөзүң барбы?
Сезип жүргүн жердин да кулагы бар,
адамдын адам болот душмандары.

Ачып-жумуп ойногон кирпиктериң,
сезбей калам кимдерге
ирмелгенин?
Адамбыз да "байкалбай калат го"- деп,
айта салып чоң катаны кетиргенин.

Кээде курчап буркан-шаркан туңгуюк,
чыга албайсың чытырмандан уюлгуп.
Ойлоп турам акыл жетпейт ошого,
камырдан кыл кантип чыккан суурулуп?

Мен көрбөгөн карегиңде көзүң барбы?
Сезбептирмин котур ташың койнуңдагы.
Жаралуу жүрөк турат "дүк-дүк" согуп,
"көрүнтпөйт"- деп, койнөгүң тосуп турса дагы.

### ОЙЛОР КЕЛЕТ

Кейкейгенге кейкейгин,
ал Кудайдын уулу эмес.
Ийилгенге ийилгин,
салып берген кулу эмес.



Жылмайганга жылмайгын.
Жыргап көңүл куунасын.
Колуңда болсо колдоп кой,
кубулуп дүйнөң жыргасын.

Жакшыга жүргүн жанашып,
жамандан кеткин адашып.
Жакшынын сөзү жан кубат,
жаңылтпайт жолдон баратып.

Өмүрдүн гүлүн тере албай,
өзгөлөр жүрөт көрө албай.
Мышыктын оюн айтпагын,
карында майга жете албай.

Барыңда бардай жашагын,
"жогуңду жок"- деп, айтпагын.
Барчылык менен жокчулук,
ээрчишип жүрөт ар дайым.

Өмүрдүн гүлү соолуба.
Өпколоп ыйлап ooруба.
Жан кадырын сезели,
ден соолуктун барында.

Бул жалган бизге аманат,
жүрөктү жүрбө жаралап.
Жакшы сөз жанды эргитет,
жашоого берип ырахат.

### Нурматов Эркинали



Нурматов Эркинали Токтосунович 1961-жылдын 23-февралында Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Т.Кулатов (Жал өрөөнүндө) атындагы айыл өкүмөтүндө акын Токтосун Нурматовдун үй бүлөсүндө жарыкка келген.

1968-1978-жылдары В.И. Ленин атындагы орто мектебинде окуган.

1980-1984-жылдары Ташкенттеги Жалпы Жогорку Аскердик командалык окуу жайын аяктап, Москва Аскердик округунда мото аткычтар взводунун командири болуп өз кызмат жолун баштаган.

1984-2011- жылдары СССР Куралдуу күчтөрүнүн, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн курамында түрдүү командирлик, штабтык кызматтарды аркалап келген.

1987-88-жылдары Афганистанда өзүнүн интернационалдык милдетин аткарган.

1994 -1995, 1999-2003- жылдары Баткенде аскер бөлүгүнүн командири, чек ара отрядынын штабынын башчысы кызматында эл аралык террорчулардын куралдуу топтору менен болгон согушта эл четинде жигиттик парзын аткарган.

2010-жылы Ош, Жалал-Абад облустарындагы улуттар аралык келишпестикте күч түзүмдөрүнүн биргелешкен ыкчам штабынын башчысы кызматтарын аткарган.

2003 - 2005 - жылдары Москва жалпы аскердик Академиясын артыкчылык диплому менен аяктаган.

Түштүк-Батыш регионалдык командачылыгында штаб башчысы - кол башчынын биринчи орун басары кызматынан баштап ардактуу эс алууда.



Үй бүлөлүү, беш баланын атасы, отуздан ашуун небере, чөбөрөлөрдүн чоң ата, таятасы.

Беш согуштун катышуучусу. Көрсөткөн жеке эрдиктери жана алдына коюлган буйруктарды аткарууда көрсөткөн жетишкендиктери үчүн эки жолу "Кызыл Жылдыз" ордендери, "Кужүрмөндүгү үчүн" медалы, СССР дин президумунун "Ардак грамотасы", Кыргыз Республикасынын президентинин "Ардак грамотасы" жана алтымыштан ашуун ар түрдүү медалдардын ээси.

## ЖАЙ АЛАТ

Тирүүчүлүк, жашоо үчүн күрөшүп,
тиричилик, алаксыйсың күн өтүп.
Түйшүк менен өткөн күндү сезбейбиз,
түйшөлөбүз, жыл артынан жыл өтүп...

Жашоо турмуш, өйдө-төмөн жүдөтүп,
жарык жанып, ары жагы бүдөмүк.
Келечекке түгөп, бүтүп ишеним,
калат дейсиң кыйынчылык түбөлүк.

Корүп туруп, ишенич жок, таң атып...
Коңул түшүп, жашоо токтоп баратып.
Жакшы максат "кылт" дей түшсө оюңа,
жаркын ойлор келечекке жаратып.

Жаман жолдо дөңгөлөктөр айланат.
Жашоо бирдей, озуп кетпей жай барат.
Бакыт издеп жүрүп бир күн үзүлөт,
баары бүтөт, жашоо токтойт, жай табат!

*22.05.23.*

## ЧҮРПӨЛӨРДҮН ҮНДӨРҮ...

"Мекеним"- деп, эл четинде турабыз.
Душман кирсе алдын тосуп чыгабыз.
Ыйык жерди, баскынчыга бастырбай,
урпактардын ураандарын угабыз!

Биз коргойбуз Улуу Кыргыз аймагын,
керек болсо, жаныбызды беребиз!
Сактап калып ата-баба жайларын,
милдеттердин ыйыктыгын сезебиз!

Мекенибиз, бийик тоолор,
талаалар...
Ар бир куму жаныбызга барабар.
"Ата-Журтка кызмат кыл!"- деп, өстүргөн,
абалтадан тукум улап бабалар.

Өрттөлбөсүн арча токой, гүлдөрү!
Ачык асман, жарык болуп күндөрү!
Мекенимде тынчтык гана болсо экен,
шаңдуу чыгып бобоктордун үндөрү!

*25.05.23.*

## БОЛО БЕРСИН ТОЮҢАР!

Окуучулар гүл көтөрүп жасанып,
эже-агайлар кубанышып, жашарып,
мектептерди шаңга болоп салтанат,
бүтөөр класс көздөрүнөн жаш агып...



Он бир жылда бирге жүрүп, үндөшүп,
"учабыз"- деп, канаттарын күүлөшүп.
Келечекке алгач кадам ташташат,
чоң турмуштун сыноосунан сүрдөшүп.

Аппак кийим ак гүлдөрдөй бүрдөшүп,
өз каалосун, тилектерин сүйлөшүп.
Көз жаш төгүп,
мектеп менен коштошот,
уясынан үчкан куштай үндөшүп.

Келечекте шыдыр болсун жолуңар!
Орундалсын максат, тилек-оюңар!
Баарың аман эл ичинде жүргүлө!
Бакыт төгүп боло берсин тоюңар!

*25.05.23.*

## ЭРГҮҮЛӨРДҮН КОЙНУНДА

Түртөт мени тынч үйкудан ойготуп,
жатам кыйла, ой-сезимдер толготуп,
кагаз, калем алам дагы ыр жазам,
жакпаганын өзүмө өзүм оңдотуп.

Кошо жашап арасында саптардын,
окуйм кайра, толкунданам, жатпаймын.
Түпкүрүнөн алып чыгып жүрөктүн,
кайра олтурам, кайра баштан баштаймын.

Түнү бою ыр саптарын жаратам.
Уйку качып коңүп дагы баратам.
Эргүү келсе жүрөк менен кеңешип,
эң керемет көңүл черин таратам.

Олжо издеп ыр майданга бет алам.
Ойлорумдун аягына жете алам.
Эч ким сезбес эргүүлөрдүн койнунда,
эркин сезим, эң бир сонун эс алам.

Ырлар жазам олтурганда, турганда,
эргүү келсе же бир жумуш кылганда.
Жолдо болсом жол четине токтоймун...
Ырга болбойт мен кыянат кылганга.

*20.05.23.*

## ЖЫЛДЫЗ БОЛУП ЖАНАСЫҢ

Кирпиктерге көздүн жашы илинип,
турам жансыз көздөрүнө тигилип.
Азыр досум максаттарың айтты элең,
макул болгом ойлоруңа биригип.

Көз ирмемде узап кеттиң элиңден,
Мекениңе арнап бердиң жаныңды.
Коргоп калдың ыйык Мекен чегинди,
төктүң досум, чаң жуурултуп каныңды.

Жүрөктөрдө баатыр болуп каласың!
Сен бейишке шейит бойдон барасың!
Түбөлүккө унутпайбыз сени биз!
Мекен үчүн! Жылдыз сымал жанасың!

*21.05.23.*



## СҮЙҮҮ...

Сүйүү күчтүү бир заматта азгырган,
сыйкыры бар сезим сырын жаздырган.
Жерден жулуп көкөлөтүп учуруп,
жакшы жандын эс-акылын аз кылган.

Сүйүү күчтүү ойго салат уктатпай,
түшкө кирет, түнү бою тынч жатпай.
Адаштырып, эс тандырып белгисиз,
алып кетет дареги жок үн катпай.

Сүйүү шайыр ырдап берет, ойнотот
Тынч уйкудан каалаганда ойготот.
Сезимдериң ээлеп алып жүрөктү,
серпилет да, сергек кылат, "тойлотот".

Сүйүү таш боор жүрөгүңдү ооруткан.
Гүлдөп турган гүлбагыңды соолуткан.
Сүйүү менен сүйгөндөрдү дарылап,
эң бир сонун чын сүйүүгө жоолуксаң.

*20.05.23.*

## УРМАТТАП САГА БАРЫШАТ

Жардам берсең досуна,
ишеничин актайсың.
Сен милдеттүү болгондой,
иштебесең жакпайсың!

Кызмат кылсаң тууганга,
кунун төккөн кулдайсың.
Иштер бүтпөй турганда,
оругундан жылбайсың!

Жол көрсөтсөң жаттарга,
ыраазылык айтышат.
Унутпай сактап жүрөккө,
урматтап сени кайтышат.

*20.05.23.*

## КОЛ КАРМАШТЫ ТАБЫШЫП

Эки жүрөк кол кармашты биригип,
махабатты жан дүйнөгө сиңирип.
Келечекке бирге кадам таштašты,
Бүлөө куруп бир-бирине ийилип.

Жаратканым уул кызды аябай,
бере берсин ар жыл сайын санабай.
Жашагыла урмат менен, сый менен,
ойдо-төмөн сыноолорго карабай!

Сыйлагыла ата-эне, тууганды,
бакыт тилеп, тойго келген мейманды!
Зоболоңор көтөрүлсүн өркүндөп,
сыйдан дагы бийик турган сый барбы?

Алаканды жайып көккө сунабыз.
Жаратkандан бакыт тилеп турабыз.
Кабыл болсун тилегибиз ишке ашып,
баарыңардан ак батаны сурайбыз!

*20.05.23.*



## БОРБОР ШААРЫМ

Бишкек шаарым, борбор калаам тирегим!
Коолдугунду жаштыгымдан билемин.
Өсө берсин көк тиреген үйлөрүң,
ажарыңа ажар кошсун, тилегим!

Жагат мага гүл жыттанган бактарың,
эргүүлөнүп таң эртелеп басканым.
Көк шиберден көзүм учуп эркелеп,
жашыл майсаң кумарланып жатканым.

Көчөлөрүң жарык, тегиз, таптаза.
Меймандостук, көп шаарлардан башкача.
Бир келгенди тартып турат өзүнө,
кумар канбай шаар айланып баспаса.

Эл кайнаган берекелүү базарлар,
чоңдугуна, байлыгына көз жетпейт.
Кирген адам буюм алып базарлап,
баарын табат, көтөрүнүп бош кетпейт.

Борбор шаарым - Кыргыздардын жүрөгү,
ар улуттар бир тууғандай жашаган.
Көпкө жагат жыпар жыттуу гүлдөрү,
сейилдешип түнү-күнү баса алган.

*16.05.23.*

## КАБАР АЛЫП КОЙБОПМУН

Жол баратып мектебиме токтодум.
Мен адашкан жолоочуга окшодум.
Сыр бербедим алма бакты аралап,
классташтар баарыңарды жоктодум.

Келет элек алма бакты аралап,
колубузга жийде бурап, гүл кармап.
Классташтар өтө ынак болчубуз,
тапшырманы убагында бүт "камдап".

Шашылбадым, мектебимди айландым,
кээ бир жерде ойго баттым, кармалдым.
Калып кеткен жаштыгымды элестеп,
качанкы бир сезимдерге арбалдым.

Бош класста өз партама олтуруп,
көөдөнүмө көз жашымды толтуруп,
доскадагы жазууларды окудум,
дос-курбулар кайда деген ой туулуп...?

Ал мезгилден кырк беш жылдай көчүптүр.
Кырк беш жолу бактар гүлүн төгүптүр.
Бирге окуган классташтар азайып,
тагдыр экен канчалары "өтүптүр".

Тообо кылдым, мен улгайып калыпмын.
Ырас эле мектебиме барыпмын.
Жаштыгыма барып кайра келгендей,
бир жашарып, моокумуман каныпмын.



Бизди окуткан эже-агайлар калбаптыр.
Мерез мезгил картайтыптыр, алдаптыр.
Жап-жаш бойдон дубалдагы сүрөтүм,
ыраазымын аны эч ким албаптыр.

Кыйла жүрдүм, көптү кайра ойлондум.
Эже-агайдын сүймөнчүгү болгонмун.
Өкүнүчтүү, эми алардын бири жок,
мен алардан кабар алып
койбопмун...

*16.05.23.*

## ОЙНОП КЕТЕТ ЖҮРӨГҮМ

"Ата-энем "-деп, көп нерсеге кайылбыз,
алар үчүн ак дасторкон жайылбыз.
Кабар алып, ден соолугун сураган,
милдетибиз, биз түбөлүк карызбыз!

Байыр алып, эргүү берет сырдашсаң,
бактылуулук, ата-энеге ыр жазсаң.
Ак эмгегин эч бир актай албайсың,
так которуп татаал жолдуу кырды ашсаң.

Көңүл чөгөт өз маалында келбесең,
кобурашып, көк чай демдеп бербесең.
Ата сөзүн, кеңештерин укканда,
жүрөк туйлайт азыр аны эстесем.

Тагдыр экен жаш кезинде узаттым.
Таппай келем жарык нурун чырактын.
Таң атканча баарлашып чыкчуубуз,
акыл бийик, асыл эле кыраакым.

Маңдайыма илип алып сүрөтүн,
кеп-кеңешин дале сурап жүрөмүн.
Атакемдин алтын сөзүн эстесем,
Оорлошуп, ойноп кетет жүрөгүм...

*17.05.23.*



## Караев Абдыманап



Караев Абдыманап Абдырахманович 1961-жылы 10-апрелде Өзгөн районунун Салам-Алик айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Чарба айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.1968-жылы мектеп босогосун аттап, 1978-жылы Кызыл-Чарба орто мектебин бүткөн. 1978-жылы Ош Мамлекеттик Педагогикалык Институтунун музыка бөлүмүнө тапшырып, 1982-жылы ийгиликтүү бүтүргөн. 1982-жылы өзү окуп бүтүргөн мектепке ырдоо сабагы мугалими болуп ишке кирген. 1983-жылдан1986-жылга чейин Ош Мамлекеттик окуу жайында баян классы боюнча мугалим болуп иштеген. 1987-жылы Кызыл-Кыргызстан орто мектебинде иштеген. 1988-жылы М.Сагынова мектебине которулган. Обончулук чыгармачылыгы Жогорку окуу жайда окуп жүргөндө башталган. Отузга жакын обондуу ырлары бар. Азыркы учурда Ак-Жар айыл өкмөтүнө караштуу "Кушубак"балдар бакчасында ыр мугалими жана ушул эле айылдагы"С.Султанов" атындагы маданият үйүндө көркөм жетекчи болуп эмгектенип жатат.

Н. Жоробаевдин сөзүнө жазылган "Жолугалы классташтар", Ж. Усановдун сөзүнө жазылган "Жайлоодо" деген ырлардын үстүндө иштеп жатат. 2023 жылдын январь айынан бери "Ынтымактуу таланттар" адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү.

Дайыма тынымсыз аракеттин үстүндө жүргөн Абдуманап аке жагымдуу обондорун эл алдында керемет аткарып, чоң сыйга ээ болгон жана бирикменин мүчөлөрүнүн урматына татыктуу талանттуу обончу - аткаруучу болуп эсептелет.

2023 - жылдын биринчи кварталында кеңеш тобунун чечими менен "бирикменин мыктысы" деп таанылды.

Төмөнкү обондуу ырлардын автору:

1. Түш элеси. 2. Эстейм достор. 3.Сүйгөнүм келчи. 4. Өкүнбө. 5.Ак сүйүү. 6.Апама. 7.Күч барбы сүйүүнүн күчүндөй. 8.Кайдасың сүйүү чынынды айт. 9.Сүйөм-сүйөм. 10.Кулчу уулум. 11.Издеймин. 12.Карлыгачым. 13.Ош шаарыма 3000 жыл. 14.Кара көзүм. 15.Түнкү Чытты. 16.Бир туугандар. 17.Түгөйгө. 18.Калыптыр элесиң бир жарк эткен. 19.Кызыма. 20.Сүйөм сени. 21.Нооруз майрам. 22.Тилек кылуу. 23.Кара көз. 24.Достор ыры. 25.Сүйүү саптары. 26.Жүрөмүн жүрөк оорум эч басылбай. 27.Булбулум бол. 28.Сүйүүдөгү улуулук. 29.Сулуулар. 30.Жайлоодо. 31.Кечиккен махабат. 32.Жолугалы классташтар. 33.Он үчүндө жааган кар. 34.Шайыр апалар. 35.Жолугушар күн да келээр буюрса.

Балдар ырлары:

36. Жорго тай. 37. Апакем, атакем. 38.Эт картошка куурма. 39.Бөбөгүм.

## КОЙЧУМАН КЫЗ

Койчуман кыз, койчуман,
акылдуусуң көп кыздан.
Кой кайтарып жүргөнүң,
кылды жүрөк оорукчан.

Кийгендериң кызылдан,
укмуш сонун жарашкан.
Көп жигиттер тамшанып,
суктанышып карашкан.



Узап кетсең жанымдан,
карап калам артыңдан.
"Качан мендик болоор - деп,
колтукташып бир баскан?"

## ТООЛОРУМА БАЙЛАНГАН

Чоң-Чоку, Ак-Таш, Камырда,
чоңоюп калган чагымда.
Кыр-кырга койлор жайчу элем,
күч-кубатым барында.

Кылайып күн атканча,
кырды койлор ашканча.
Кыйкырып мен чыкчу элем,
кыялдарга батканча.

Зоого чыгып көз салсам,
зор керемет айланам.
Толгон сүйүүм, бар жашоом,
тоолорума байланган.

## КАКЫРЫМ

*Сөзү, обону Абдыманап Караевдики*

Какырым өскөн жер айылым,
барктаймын, сыйлаймын кадырын.
Меймандос адамдар толтура,
керемет жылгалар, адырын.

Кайырма:

Какырым, Какырым, Какырым.
Жүрөккө ар дайым жакыным.
Алыстап кетсе да сагынып,
унутпайт кулунуң, акының.

Абаздуу атат ар жарык таң,
атагы кылымдар карыткан.
Өзгөчө күрүчү Какырдын,
Өзгөндү дүйнөгө тааныткан.

Кайырма:

Какырым кут түшкөн асылым,
жан дүйнөм, жүрөккө жакыным.
Атагы ажайып таш жарып,
ааламга таанылсын Какырым.

Кайырма:

*03. 04.2023.*
*Какыр талаасы*

## БАКТЫЛУУ БОЛСОК ЭКЕН

Уларлар мекендешет,
уялар Улуу-Тоодо.
Балапан учурушуп,
бактылуу алар зоодо.



Улардай болуп биз да,
уул-кыздар жетти бойго.
Бактылуу болушса экен,
балдарым бул жашоодо.

Убакыт учкул белең,
урунбай көздөрүмө?
"Уурдалып" баратыпмын,
улгайып көз көрүнөө.

Узун жол бул жашоонун,
учуна жан жетпеген.
Бактылуу болсок экен,
башынан бак кетпеген.

*Өзгөн району Салам-Алик а/ө*
*Кызыл-Чарба айылы*

## ЭКИ ЖАШ

Максаттарды бир коюп,
сүйлошүптүр эки жаш.
Кудай кошуп, бир болуп,
үйлөнүптүр эки жаш.

Эгиздердей кармашып,
Келе жатат жубайлар.
Ак батасы жалгашып,
колдоп алаар Кудай бар.

Бакыт чөйчөк сый-камдуу,
толушса экен эки жаш.
Эл-журтуна ыймандуу,
болушса экен эки жаш.

Эки жашка жугумдуу,
дөөлөт берсин Жараткан.
Перзенттерден акылдуу,
жөлөк берсин Жараткан.

Тойго келген коноктор,
сыйга көңүл бурсаңар.
Алаканды көтөрүп,
жалпы алкап турсаңар.

Бата тийип жалгашып,
жакындашсын эки жаш.
Түбөлүккө кармашып,
бакыт тапсын эки жаш.

Оттой болуп ортодо,
сүйүү болсун эки жаш.
Бириктирип перзенттер,
күлкү толсун эки жаш.

*12. 04. 2023.*

*Өзгөн району Салам-Айыл а/ө. Кызыл-Чарба айылы*



## КУТ БОЛСУН 20 ЖЫЛДЫК МААРЕКЕҢЕР!

Бир кезде мотурайган балдар элең,
мектепке жети жаштан барган элең.
Он жылың он күнчөлүк сезилбестен,
турмушка даңгыр жолду салган элең.

Келгиле биз окуткан кыздар,балдар!
Келгиле күйөө жана келин жандар!
Жолугуп, баарлашып мына бүгүн,
бөлөнсүн урмат-сыйга эже-агайлар!

Жашоодо ар кесиптин ээси силер,
ар тармак жашап, иштеп келесиңер.
Учкуч бол, мугалим бол... ким болбогун?
Биз үчүн баардыгыңар бирдейсиңер.

"Оюбуз,максатыбыз бир"- дедиңер,
топтолуп жыйырма жыл, бир келдиңер.
Ойноп күл, эсте калсын бүгүнкү күн!
Кут болсун жыйырма жыл маарекеңер!

*Өзгөн району Салам-Алик а/ө.*
*Кызыл-Чарба айылы*

## КЫЗЫМА

Көз жарды апаң, сен келдиң жарык дүйнөгө.
Кубаныч толду көңүлгө,
үйгө, жүрөккө.
Кош эмчек эмип, бактылуу болуп чоңойдуң,
бапестеп бактык, бой жеттиң кызым, "мүнөттө".

Мына сен бүгүн турмушка кетип жатасың.
Эмнеге кызым сумсайып азыр капасың?
Ачылсын жолуң бакыт куш консун башыңа,
бактыңды кызым тең жарың менен  табаарсың?

Толгоосун акта, ак сүтүн акта апаңдын!
Кадырын баркта, урматын сакта атаңдын!
Бактылуу болуу,таалайлуу болуу өзүңдөн,
мээримдүү болуп, кайындан кызым бата алгын!

Жакшы бар эми, "кош" дебейм кызым, садага!
Сылык бол кызым,сыйлуу бол кайын журтуңа!
Бактыңды берсин,балдарды берсин Кудайым,
бак-дөөлөт турсун силерди курчап дайыма!
Бактыңды берсин,уул-кыздар берсин мончоктой,
Кудайым колдоп силерди жүрсүн дайыма!

## КҮЛЧҮ УУЛУМ

Күлчү уулум,күлчү дагы суранам.
Үй жаңыртсын үнүң  шаттык улаган.
"Атоо, апоо"- деген сүйкүм сөзүңө,
жүрөк толкуп, көңүл учуп, кубанам.

Турчу,басчы,келчи тай-тай... мага да.
Ойноп-күлүп жүрчү уулум садага.
Атаң, апаң жарык чачып дайыма,
маңдайыңда жайнап турсун сага да.

Уктап жатсаң тиктейм уулум көзүңдү,
Моокум канбай жыттап кирем өзүңдү.
Жүрөгүмдү кусалыктан арылтат,
уккан сайын балдан таттуу сөзүңдү.



## БИР ТУУГАНДАР

Төрөлдүк бир атадан,бир энеден.
Чоңойдук ата-эненин күчү менен.
Бой жетип, үй-жай куруп ар-бирибиз,
тарадык "турмуш" деген ушул экен.

Бир тууган агаларым,
  опол тоо таянаарым,
  сагындым мен силерди,
  кантейин алыстамын.

Келгиле бир туугандар сыйлашалы.
Келечек, өткөн-кеткен сырдашалы.
Олтуруп дасторкондон даам татып,
каткырып, көңүл ачып ырдашалы.

Бир тууган инилерим,
  ишенген тиректерим.
  Ар дайым силер үчүн,
ак бата, тилектерим.

Бир күнү бир туугандар жолугалы.
Баарыбыз, бош эмеси колу дагы.
Улуулар акыл-кеңеш, бата берип...
Бир жылда бир жолу биз чогулалы.

Бир тууган карындаштар,
  ээрчишип бир бассаңар,
  элжирейт жүрөк чиркин,
  күлмүндөп көз караштар.

Алтындай бир туугандар,
мен үчүн кымбатсыңар.
Кайрадан жолукканча,
аман бол баардыгыңар!

Алтындай бир туугандар,
мен үчүн табылгыстар.
Кайрадан жолукканча,
эсен бол баардыгыңар!
Кайрадан жолукканча,
түгөл бол баардыгыңар!

## ТҮНКҮ ЧЫТТЫ

Чыттыдагы ак кайыңдар багында,
жалгыз булбул тынбай ырдайт шагында.
Сайрашында сагынычтын күүсү бар,
коштоп турат аккан суунун шары да.

Сайрап жаткан жалгыз булбул жанында,
уксам азыр болбос элем арманда.
Жүрөгүнө кулак төшөп укмакмын,
ырдала элек кандай күү бар дагы да?

Тоо койнунда түн, караңгы айлана,
жалгыз булбул тынч мемиреп уйкуда.
Сулуулугу ошол түнкү Чыттынын,
сезилбеди башка жерден чынында.



## ЭНЕМЕ

Эне кымбат, эне ыйык баарынан!
Эне сүтүн актоо кыйын дагы андан.
Актай элек кезде эне сүтүңдү,
алып кетти ачуу ажал арадан.

Эстеп сизди дале апа жүрөбүз,
эч арга жок, сүйөбүз да күйөбүз.
Боздоп-ыйлап таппай калдык өзүңдү,
бойго жеттик, өз-өзүнчө бүлөбүз.

Апакем ай, жаткан жериң жай болсун.
Аркы дүйнөң соопчулукка бай болсун.
Жараткандан бейиш сизге тилейбиз.
Жаным апам кабыр жарык шам болсун.

Эне кымбат, эне ыйык баарынан!
Эне сүтүн актоо кыйын дагы андан.
Эсиң болсо тирүүсүндө сыйлап кал,
эң оор болот, кийин ыйлап сагынган.

**Усанов Жээнбек**



Усанов Жээнбек Зиядинович 1961-жылы 1-майда Ош облусунун Кызыл-Кыя шаарында жумушчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн. 1978-жылы орто мектепти бүтүрүп, 1979-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун тоо-кен факультетине тапшырып, 1984-жылы ийгиликтүү аяктаган. Көмүр өнөр жай системасында эмгектенип, 2014-жылы пенсияга чыккан. Пенсияга чыккандан бери ыр жазууга кызыгып келет. Бир топ ырлары "Ала-Тоо" республикалык адабий журналына басылып чыккан.
2 уул, 2 кыздын атасы. 13 неберенин чоң ата, таятасы.
Ош шаарынын тургуну.

## АТАМ МЕНИН ЖОЛ БАШЧЫМ

Атам мени кол көтөрүп чаппады,
шоктук кылып кылсам дагы "башканы".
Жакшы айтып сылап коюп башымдан,
урмак түгүл жаман сөзүн айтпады.

Жаман болуу ойлонбосоң бир паста,
жакшы болуу шашылбагын аста-аста.
Акыл-насаат кошуп коюп сүйлөөчү,
накыл создүү тарбиясын баштаса.



Көп сөздөрүн эстеп алып атайын,
маңыздарын эми татып жатамын.
Атам менин болгон экен жол башчым,
ошол жолдо басып келе жатамын.

## ТААЛАЙЫМ

Кайда барсам сенин атың угулат,
жолум тосуп сен чыгасың утурлап.
Унуталбай жинди болот окшоймун,
сени таппай сезимим да умсунат.

Канча суулар арыктарда алмашты?
Өчүралбай мен келемин санаамды.
Дарыгерсиң өзүң жалгыз мен үчүн,
айыктырчу жүрөктөгү жарамды.

Тоодон аккан булак сууну самаймын,
тунуктугуң так ошондой баалаймын.
Алдан тайып бараткансыйт үлбүлдөп,
танда жылдыз өчкөн сымал таалайым.

## БАЙБИЧЕМ
*(тамаша ыр)*

Кээ бирде ажылдаса мени карап,
болбогон кептн айтып иттей талап,
кутулам унчукпастан ары басып,
жүрөгүм айрылгандай калат канап.

Эки-үч күндөй жүрөм, ызаланам,
жазылып өз ордума дагы кайтам.
Жашоонун ширindиги байбичемде,
түшүнүп капалыгым сызып салам.

Байбичем сүйлөнсө да жакын барам,
ансыз мен шордуу жаным кайда батам?
Жаркырап дасторконун жая салса,
тоем да коюнуна кире калам.

## ЖАШТЫГЫМ КЕТПЕЙТ ЭСИМДЕН

Адашып айрым сөздөрүм,
артына кетип өзгөрүүм.
Көз айнек тагып калганмын,
жазууну көрбөй көздөрүм.

Тиш менен чаккам жаңгакты,
таппаймын эми жаш чакты.
Адашпай ыйман жолунда,
өткөрдүм күчтүү куракты.

Артымда калган жаш чакты,
андагы кайтпас жыргалды.
Эстесем көңүл ачылып,
чиймелеп калам ырларды.

Жүрөктө сезим ойгонуп,
кыздарды жүрдүм ойлонуп.
Канча ирет жаздым кызга кат,
сезимим койбой толгонуп.



Кыз жыты тартып өзүнө,
мүшкүлдү салды көөдөнгө.
Арзууга бүттү кызык ой,
жүзүнөн сүйүп өпкөнгө.

Сезимдер бирге төгүлүп,
бир тал чач болуп өрүлүп.
Азыр да жүрөм жалт карап,
көз караш менен өбүлүп.

Андагы сезим башкача,
сөз жетпейт аны айтканга.
Теңеймин ошол мезгилди,
табылбас баасы алтынга.

Жүрөктө жыттуу гүл өнүп,
сүйүүгө сезим өрттөнүп,
ыйлагым келет эстесем,
жүргөн бир чагым көрктөнүп.

Азанды уксам мечиттен,
намазга шашам энтигем.
Карылык келип турса да,
жаштыгым кетпейт эсимден.

## ЧАРТЫЛДАГАН ЖАН ЭЛЕМ

Басар жолум улам барат азайып,
өткөн жолум карап коём кылчайып,
шарпылдаган күчтүү дайра мен элем,
улам барат агымы да тынч алып.

Тоодон терген гүлүм берип сыйлагам,
жаным тынбай селкилерди ырдагам.
Алыкулдун ак боз атын азыр мен,
аламанга сала албай кыйналам

Чагылгандай чартылдаган мендигим,
тар дүйнөнү ташка чапкан кендигим.
Жаңы буюм эскиргендей азыр мен,
карылыкка жакындаган мезгилим.

## КЫРГЫЗ ЭЛИМ ТААЗИМ КЫЛАТ ЧЫҢГЫЗЫНА

Калем болду минген аты кагазында,
чапкылады Кыргыз тарых талаасында.
Кабар алып өткөн кылым байыр элден,
көз чаптырып адамзаттын ааламында.

Түрдүү мезгил, түрдүү заман адамдары,
болуп келген жакшылары, жамандары.
Жан дүйнөнүн тазалыгын, жан азыгын,
ачык-айкын айтып турат жазгандары.

Повесттери тарых айтат артта калган,
Кыргызымдын турмушунан башка салган.
Кыйынчылык жашоо өкүм сүрүп турса,
Ысмайылдай шүмшүктөрдүн бетин ачкан.

Кандай жашоо, кандай турмуш карабастан,
сүйүү, арзуу жашап келген жашынбастан.
Ыйык, аруу, күчтүү сезим бийиктигин,
жазып кетти "үлгү ал?"- деп, Жамиладан.



Маңкурт болуп Жоламан да төрөлбөгөн,
өз апасы... тартынбай жөн жүрүштөн,
чор таманды маңкурт кылып жаратышып,
акмак байлар зордук менен көндүрүшкөн.

Тарбиялык мааниси бар ар каармандын,
жүрөгүнөн түнөк тапкан окурмандын.
Дүйнө жүзү окуп жатат, таанып турат,
"Кыргыз"- десе, Чыңгыз деген даанышманын.

Кыргыз үчүн Чынгыз жазган китептери,
айтып турат кыйын жашоо себептери.
Адамдардын жашоодогу теңсиздиги,
жүрөктөрдүн окшош эмес сезимдери.

Жараткандан белек болду Кыргызыма,
жазуучулук кошуп койду ырысына.
Тоодой эмгек айтып бүткүс жазып кетти,
Кыргыз элим таазим кылат Чынгызына.

## АШЫГЫМ

Жайлоонун көркү керемет,
жел жүрсө чөптөр серпилет.
Ашыктык сезим күчтөнүп,
жүрөктө түйшүк сезилет.

Канатын серпип куш учат,
күлгөнүн жанга күч-кубат.
Кусалык сезим чарчатты,
агылып жатат күн чубап .

Чачтарың майда өрүлгөн,
жүзүңдөн нуруң төгүлгөн.
Ашыгым айтам ыр менен,
болбоюн сенден түңүлгөн.

Ырыма атың жазайын,
жан дүйнөм сага арнайын.
Кудайым кошсо өзүңө,
бакытым сенден табайын.

## АНДА КЕЧИР

Кыргызсыңбы? Кыргыз тилде сүйлөгүн!
Орус тилин билбегенге күлбөгүн!
Кан тамырда Кыргыз болсоң кыргызча,
кайнап турсун ар бир сөзүң, сүйлөмүң!

Кыргыз болуп башка тилде сүйлөйсүң,
демек өзүң улутуңду сүйбөйсүң.
Каада-салтын, үрп-адатын билбесең,
анда кечир, Кыргыз үчүн күйбөйсүң.

Билген жакшы көп улуттун тилдерин,
сууну чачсаң кайсы жерде сиңээрин.
Эне тилде жакшы сүйлөй албасаң,
анда кечир, билбейм сени ким дээрин?



## ЫРЛАРЫМДЫ ЖАКТЫРАМЫН

Көңүл чөгүп жан дүйнөм, жараланам,
жардам сурап калемге "барам анан".
Көөдөнүмдү өйүткөн сырым төгүп,
ак кагазды сыялайм, тазаланам.

Таянып эргүү берген музага мен,
тартынбай ыр саптарын жаза берем.
Сезилет бар дүйнөмдү төгүп салсам,
таза ой, таза дүйнөм, таза денем.

Кайгы-капа, кубанчым бөлүшөмүн,
саламдашып, саптарда көрүшөмүн.
Терс жазышса ой-пикир пендебиз да,
теңелгим жок, билем да жөөлүшөөрүн.

Сөздөн билем адамдар жакшыларын,
ыйман-сыйга чакырган сап курамын.
Жан дүйнөдө ырыскы бир болгон соң,
ырларымды жанымдай жактырамын.

## НООКАТЫМ

Ноокатым - туулган жерим, менин демим!
Ыйыгым, киндик каным тамган жерим!
Көп жердин сулуулугун көрсөм дагы,
таппадым окшоштуруп сага теңин.

Оштон чыгып, ашуу ашып сага жетем,
Ноокатымдын жылуу жели сылап беттен.
Кайсы жерде, канча убак жүрсөм дагы,
сен жашайсың жүрөгүмдө, чыкпай эстен.

Ноокат десе жүрөгүмдө кызыйт каным,
ыйык жерим - Ноокатым, Кыргызстаным!
Бакытымдай бийик көрүп сүйүп келем,
мен чоңойгон ата-энемдин жапыс тамын.

## ӨМҮР КЫМБАТ, АЛ ДА ӨТӨТ БИЛИНБЕЙ

Тирүү кезде жаш куракка карабай,
саранданып байлыгыңды санабай.
Колдон келсе ден-соолугуң чыңагын,
оору жаман, эч нерсеге жарабай.

Жакшы сөздөн көңүл жанат чырактай,
мүрөк дары өмүрүңө булактай.
Көңүл чөгүп турган кезде жан дүйнө,
жараланат, болбойт жаштык убактай.

Байлык топтоп асман жакты караба!
Дос-тууганды алыс-жакын санаба!
Бай-кедейди бирдей баалап Жер эне,
орун берет окшош мага, сага да...

Амандашып, көңүл куунак жүрөлү.
Жан дүйнөнүн тазалыгын сүйөлү.
Өмүр кымбат, ал да өтөт билинбей,
көңүлдөрдүн оорубасын "жүрөгү".



## АЛЫКУЛ

Бир чоң килем керемет соккон экен,
көтөралгыс мүлдө Кыргыз бир четинен.
Ооруулуу акын кыйналса да тирүү кезде,
килеминин салмагын сезди бекен?

Түбөлүккө бекемдеп пайдубалын,
ырдан тизип ким билди там салаарын?
"Азыктанып жан дүйнө жашасын"- деп,
ар бир көрүп өткөндө таң каламын.

Тар дүйнөдө "кең аалам" ойго батып,
"жүргөн"- дешет, алп акын башы катып.
Жары болбой Жыпары, жалгызсырап,
"беймаал убак жүргөн"- дешет, элден качып.

Сезген акын өмүр кыска болоорундай,
"күрс-күрс" жөтөл өмүр жолун тороорундай.
Жакшы ойлор тилек-үмүт болгон менен,
үлгүрбөдү ыр жазууга ойдогудай.

Кыска өмүр берген экен Жаратканым,
жашоо ирмем, сезбеди таң атканын.
Кылымдарга улуу акын сезди бекен,
өлбөс-өчпөс ырларды жаратканын?

## Караталова Мира



Караталова Мира Эдилбековна 1965-жылдын 22-апрель күнү Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун Токтогул районуна караштуу Толук айылында жарык дүйнөгө келген.

Кесиби бухгалтер, 1983-жылдан 1994-жылга чейин өз кесиби боюнча иштеп, андан соң соода тармагына өткөн.

" Ак элечек энелер тилеги" ырчылар тобунун мүчөсү. Аталган ырчылар тарабынан ыйгарылган "Биздин таланттар" медалынын ээси.

Чыгармачылык жолунда ыр жазуу көрөңгөсү, ырчылык өнөрү бааланып бир топ Ардак грамота, Диплом, Ыраазычылык каттары менен сыйланган. "Ынтымактуу таланттар" коомдук бирикмесинин альманах журналдарына ырлары жарык көрүп келет.

"Ынтымактуу таланттар" коомдук бирикмесинин мүчөсү.

Бир уул, эки кыздын сүйүктүү энеси, алты неберенин тайэне, чоң энеси. Учурда Токтогул шаарында жашайт.

### АТАКЕМ

Алтын атам балдарыңа чоң кубат,
мээриминде эмне деген зор күч бар?
Ак эмгектен чырпык болду чынар тал,
мезгил келди мээнетиңди биз актаар.



Тегиз түштү бырыштары өңүңүн.
Тек кеткен жок тер жыттанган өмүрүң.
Артыңыздан тукум улап издер бар,
ачык болсун ата дайым көңүлүң.

Ар намыста ата наамын булгатпай,
элим үчүн эмгек кылам кур жатпай.
Мекениме үлүш кошом мен дагы,
атакемдин кадыр-баркын урматтай.

### ЭМГЕК МЕНЕН

Көкөлөгөн канатчан,
көздөгөнгө барабыз.
Көркүн ачып жашоонун,
көккө жылдыз тагабыз.

Түн чырайын чыгарган,
түгөнбөгөн ыр бизде.
Аалам эли билбеген,
ачылбаган сыр бизде.

Эмгек менен эркелеп,
эркин өскөн эл мына.
Бакыт шамын жандырып,
баарын берген жер мына.

Жыргал күндүн илеби,
жыргатты го денени.
Урматтады адамды,
ушул заман кенени.

Күлкү - өмүр шериги,
күлгүн кыздар күлө бер.
Арстан жүрөк жигиттер,
арабызда жүрө бер.

Ай-ааламды терметип,
алыс кеткен үнүбүз.
Түбү түптүү Мекендин,
түк өчпөсүн күнүбүз!

## ЭЛ ҮЧҮН ЖЫРГАП ЖАЗА БЕР

Сайратып жүрөк комузун,
сан түркүн чыгып добушуң.
Ырларың болду өзүңдүн,
ырыстуу ата-конушуң.

Көтөрүп көптү эл менен,
көңүлүң сергек турмуш кең.
Бел болуп эмгек жолунда,
береке таптың калемден.

Кетпестен жаштык элесиң,
кеңешип бирге келесиң.
Даңктаган элиң, жериңди,
дагы да жаза бересиң.

Жазыла берсин китептер,
арышта акын, кадам кер.
Алдыга чыгып ар дайым,
эл үчүн жыргап жаза бер.



## АДАМ! АДАМ!

Адам! Адам! Ушул гана ысымда,
аска-зоодой маани турат чынында.
Түштөрүнөн такыр кетпей бейпилдик,
түк болбосун кылыч, канжар кынында.

Алтын ойдон укмуштарды жараттың ,
асман төрүн алп эркиңе караттың .
Өңүндө эмес түшүндө адам көрбөгөн,
өнөрлөрдү бүт ааламга тараттың.

Адам!Адам! Баары келет колуңан,
асыл жашоо, от өчпөсүн оюңан.
Эркин заман кучагында термелип,
тынчтык күнү күлмүңдөсүн жолунан.

## МАЖҮРҮМ ТАЛ ТЕРМЕЛЕТ

Кандай сырын жел билет,
этек-жеңи делбиреп,
жашыл койнок кийинип,
жаз келгенин сездирет.

Тал-теректер, дарактар,
баары тегиз, барабар,
жаз көркүнө багынып,
жашыл толкун талаалар.

Шудуратып даракты,
кубандырып жел келет.
Чачпактары төгүлүп,
мажүрүм тал термелет.

Тоо, талаа-түз беттери,
жашыл ырaң чайпалат.
Күүгө айланды табигат,
жаздын ырын кайталап.

Жан жагыма карадым,
жашыл баардык тарабым.
Көңүл кушун учурган,
жазым келди карагын.

## ЭЧ УЗАБАЙТ ИЧИ ТАР

Көп сүйлөйсүң жакыным,
көпкөн жандай дем бердиң.
Артып кетип акылың,
алдыга качан сен келдиң?

"Бир кезде баарын кылдым"- деп,
билинбей жылжып келесиң.
Көп менен болбой сен четтеп,
көңүл кош кандай немесиң?

Даңазалап айтышаар,
даңктын дагы даңкы бар.
Эч сырым жок жашыраар,
эч узабайт ичи тар.

Арнадым ушул ырымды,
ачыгынан көңүлдүн.
Ээрчитпей бузук сырыңды,
эмгек менен көрүнгүн!



## БАКЫТ

Бакытты издеп сурасаң,
таппайсың аны дайыма.
Алдыдан издеп чуркасаң,
ал жүрөт балким, жаныңда.

"Бакыт!"- деп жүрөк ээлирип,
ашсаң да эчен белесин.
Кайрылып канат дээлигип,
кармалбай кайра келесиң.

Жаныңда жүрсө сезбейсиң,
бакыттын кандай экенин?
Аманы болуп жүрбөсүн,
ата-эне, бүлө, Мекениң?

## АПАМА

Апакe айланайын караанындан,
арнайын азырынча жалаң ырдан.
Ааламды айлансам да ак сүтүңдү,
ак эмгек актабастыр сага кылган...?

Күнү-түн ойлоп ай-жыл, калбай мүнөт,
уул-кыздар түшүнө албай айран жүрөт.
Кубансак бирге болуп, ооруганда,
оо, канча, сыздады экен кайран жүрөк...?

"Балам"- деп, түйшүк тартып күн батырып,
батасын берип тынбай өмүр тилеп.
Турмушка туура багыт, ашуу ашырып,
ар күнү колдоп, жолоп түшкө кирет.

Апаке айланайын караанындан,
"ак эмгек акталса"- дейм, мага кылган.
"Бала"- деп, өзүм дагы кыйналганда.
апалар баарыңарга таазим кылам.

## ЖАШАРГАМ

Эшитсе комуз күүсүн Кыргыз эли,
эсине түшөт дароо туулган жери.
"Күү" деген денедеги жүргөн каның,
күч берет, шаттык берет ыйык деми.

Акылдын тереңинен калпып алып,
асылдын керегине абдан канып,
картаюу түшүндө эмес өңүндө жок,
каухардай кубулжуган "жалт-жулт" жанып.

Тазарып эскиликтен күндөн күнгө,
тартылам таттуу кыял үлпөтүнө.
Жарашып жаңы турмуш кучагында,
жашаргам жан берилип жаштык күүгө.

## САЙ СУУСУ

Жаркылдаган жакшынакай бир сулуу,
алып жатты төмөн карап сайдан суу.
Акын жигит колуна алып комузун,
басып барды кыз жанына салбай чуу.

Суусагандай такылдатып таңдайын,
"суунуздан"- деп, араң айтты ал дагы.
Ошол замат кыз жүрөгү "болк" этип:
"ой, келиңиз, ичсеңиз суу камдайын!"



Ылдый карап селки суу сунганы,
ырдап жүрөк жигит карап турганы.
Эркин аккан сай суусунан башкасы,
эки жашка эч бир көңүл бурбады.

Жакындашып, бирок чыкпай көпкө сөз,
жалдыраштты жашылданып эки көз.
Даамы кетпей  дем-күч берип сай суусу,
жашоо күнүн жаштар бошко өткөрбөс.

## ЭЛҮҮДӨН ӨТКӨНДӨГҮ ЫР

Көңүл чиркин көтөрүлүп турганда,
көп ырларды жазгың келет толкундап.
Анан гүлдөр аңкып жыты урганда,
ал ансайын жүрөк согот солкулдап.

Ар убакта ачык болсо көңүлүң,
аралайсың асман, жердин арасын.
Шаттык болсо узак болуп өмүрүң,
жашоонун да жыргалына канасың.

Колдо турган ушул сонун өмүрдү,
кор кылбастан өткөргөнгө не жетсин?
Олгүчөктү эч кирдетпей көңүлдү,
өмүр жашын бактылуулук терметсин.

Бакыт табаар ак эмгектин заманы,
"баркын билсе жашоо таттуу бал"- делет.
Жайнап турса бактысына жамалы,
жаштык гүлдөп карылыкты ал жеңет.

## МАЙ АЙЫ

Май келдиби менин сүйгөн айлыма?
Өрүкзарлар тойго жөнөп камына,
аппак кийип күн алдында жүгүнүп,
таазим кылат нурлуу жүзүн жамына.

Май айы да азем, сонун, керемет,
жашыл толкун талаа, жайыт... тегерек.
Көңүлдөргө канат эргип бүткөндөй,
жаз илеби жыпар жытын себелеп.

Аралашып чиркин ушул агымга,
жаз толкуну дүргүп ойнойт канымда.
Эмгек күүсү шайыр-шатман жаңырат,
бүтпөс өмүр жаздын көрком маалында.

## ТЕРМЕЛЕМ

Каптагандай Ала-Тоонун кайыңы.
Калкыгандай көлдө сүзөт кайыгы.
Таасирлентип тамшандырып адамды,
тартылды бейм, Улуу Кыргыз жайыгы...?

Азгыргандай, айдан түшүп келгенсип,
ак куулардай канаттарын кергенсип,
көк жылдызын көркү менен эликтеп,
көргөн жанга өчпөс таасир бергенсип...

Бийигине адамды түз каратып,
бий күчүнөн укмуштарды жаратып,
барат кыздар тунук көлдүн бетинде,
бакыт шаңын илебинен таратып.



Кыргыз даңкын даңазалап бий менен,
ойчул элдин гүл эрмеги сен белең?
Коштоп алды тең соктуруп жүрөктү,
кол кармашып кошо бийлеп термелем...

## Асанов Бакытбек



Асанов Бакытбек Турганбекович 1966- жылы Нарын облусунун Жумгал районунда туулган. 1989 - жылы КММИ санитардык-гигиеналык факультетин бүтүргөн. 1989-90 жылы Бишкек шаардык СЭС санитардык врач, 1990-1992 жж. Республикалык СЭС санитардык врач. 1992-1994-жылдары Ысык-Ата райондук СЭС врач-эпидемиолог. 1995-жылдан баштап фармация фирмаларында иштеген. 2005-жылдан баштап Жумгал районунда чарбачылык жана соода иштери менен алектенет.

### "КЕЛЕЧЕГИ ЖОК"- ДЕБЕ!

Бир жаш жигит "келечекти жок"- деди.
"Кетсемби?"- деп, таштап биздин Мекенди.
"Бакыт издейм бай өлкөдөн"- деп айтты,
Мекен сүйгөн сезимдери өчкөнбү?

Бирөө жүрөт, "келсемби?"- деп Мекенге,
"Жетсемчи -деп, эки көзү төрт болуп,
кандай бакыт өз жеринде жүргөн - дейт,
өз үйүндө жатып турган эп болуп".

Биринчиси бай өлкөгө багынган,
экинчиси өз өлкөсүн сагынган.
Ал экөөндө эки бөлөк тарбия,
патриоттук Мекен сүйүү жагынан.



Кеткендер бар, "кайра кайтып келем"- деп,
"карыз болгон күндөрүмдү жеңем"- деп,
"кайра келип өз жеримде иш ачып,
күч-кубатым Мекен үчүн берем"- деп.

"Кеткендер бар, бай өлкөдө калам"-деп,
"Бакыт, байлык барган жерден табам"- деп.
Өз жерине кайта турган ниети жок,
келечегин өз элинин "жаман"-деп.

Биздин жаштар таштабасын Мекенди,
биз жаштарга жакшы таасир этели.
Тилди, дилди жана динди бекемдеп,
Кыргызыма кызмат кылып өтөлү.

Бакыт эмес байлык издеп жүгүргөн.
Бакыт эмес өз жериңден түңүлгөн.
"Бакыт" деген шүгүр болуп жүрөктө,
сабыр кармап "Мекеним"-деп, сүйүнгөн.

Жаштар келип өз Мекенин эңсеген.
Жумуш болуп өз жеринде көксөгөн.
Келечеги биздин элдин кең болсун,
жашап, иштеп жакшы тилек, ниет менен!

### БААЛАЙЛЫК ӨЗ ЖЕРИБИЗДИ

"Барсакбы?"- деп, "Ейфереба башняга",
көңүл бурсак биз бөлөккө, башкага.
Французлар биздин жерге келиптир,
суктанынышып бийик зоолуу аскага.

Кызык болуп Пирамида таштары,
кеп кылабыз Египетти, башканы.
Жар-жар болуп тоо бетинде тилинген,
таштары көп, биз көрбөйбүз асканы.

"Бейишби?"- деп, келген бизге арабдар,
тунук, таза булактарга таң калат.
Шаардан чыкпай шаарда өскөн жаш балдар,
кока-кола ичкенине тамшанат.

Бейиш өңдүү астыбызда суу агып,
тоодо өссө арча менен карагай.
Ала-Тоону биз аралап көрбөстөн,
башка жакты бир көргөндү самамай.

"Янкилер" велосипед тээп алган,
жер көрүшүп өтүп жатат биз жактан.
Айыл көрбөйт кээ бирөөнүн балдары,
келе алышпайт убакыт таап шаар жактан.

Турист болуп минип алып аттарды,
көрүп калам Соң-Көл жакка ашканды.
"Рюкзакты" илип алып жонуна,
коп көрөмүн жоо жалаңдап басканды.

Кыргыз жерин Кыргыз неге кыдырбай,
кеп кылабыз такыр бөлөк, башканы?
Биздин тоолор чындыгында керемет,
көрөлүчү көк тиреген асканы!



## АК КАЛПАК БАШКА КИЙИП ЖҮР

Ак калпак башка кийип жүр.
Ак жоолук жарды сүйүп жүр.
Ала-Тоо жерин кыдырып,
алкынтып тулпар минип жүр.

Тебетей башка кийип жүр.
Тең болгон жарды сүйүп жүр.
Теңир-Тоо жерин аралап,
темирден тулпар минип жүр.

Кыргызча чепкен кийип жүр.
Кыздарды сыйлап, сүйүп жүр.
Кыргыздын жерин аралап,
Кыргыздын тилин билип жүр.

Кыздарын көрүп Кыргыздын,
кызганып дайым сүйүп жүр
Кыздарды Кыргыз кадырлап,
"Кыргыз"- деп, дайым күйүп жүр.

Ала-Тоо Кыргыз жеринде,
асмандап бийик учуп жүр.
Ак калпак, аппак жоолукту,
ачбай ыйык тутуп жүр.

Шар аккан сууну бойлоп жүр.
Шарият сөзүн ойлоп жүр.
Дилиңди бербей бөлөккө,
дииниңди дайым колдоп жүр.

Салтыңды Кыргыз сактап жүр.
Салганга кушту таптап жүр.
Сатылбай бөлөк диндерге,
санжыра сөзүн жактап жүр.

Кыргызга Кыргыз үйлөнсүн.
Кыргыздын тили сүйлөнсүн.
Кызганбай Кыргыз кыздарды,
Кытайга кетип жүрбөсүн.

Түйшөлтүп жанды ийбесин.
Түрктөргө кыздар тийбесин.
Түтөгөн бойдок жигиттер,
түгөйсүз басып жүрбөсүн.

Орустан кызды тооруп кой,
оруска бербей коруп кой.
"Кыргыздын кызын сактайм"-деп,
кызганыч менен ооруп кой.

Алыска кызды бербей жүр.
Алыста жүрсө "кел"- дей жүр.
Алакандай аз элбиз,
"Ала-Тоо биздин жер"- деп жүр.

Алыска Кыргыз барса да,
алыстан Кыргыз табышсын.
Ак калпак менен ак жоолук,
ар дайым сактап намысын.



## БААРДЫГЫ ОРУНДАЛСЫН

Суу жетпей өсүмдүктөр соолубасын.
Суз болуп көңүл кирдеп оорубасын.
Сумсайып таарынышып адамзаты,
сур булут кабактарын тоорубасын.

Өрүктөр гүлдөп туруп куурабасын,
өмүрлөр өкүнүчкө ууланбасын.
Өткөндөн сабак алып адамзаты,
өзүнүн баскан изин тууралшсын.

Көр оокат жетпегенге кейитпесин.
Көкүрөк ачышкандан демитпесин.
Көздөрдү ач көздүктөн сактай билип,
Көрө албас болуп такыр терикпесин.

Алдыга максат койгон арыбасын,
арышы бара жаткан талыбасын.
Аракет кыла берип шүгүр менен,
адамзат пейли такыр тарыбасын.

Жаш тулпар чуркай албай арыбасын.
Жаш туруп алдан-күчтөн тайыбасын.
Жаш жүрөк "жетпедим"-деп, арман кылбай,
жар кылаар сүйгөнүнөн айрылбасын.

Шагына бак дарактын куштар консун.
Шаарыма жашыл, салкын бактар толсун.
Шаар үстүн каптай бербей кара түтүн,
Шаарымда жуткан аба таза болсун.

Мөлтүрөп аккан булак кирдебесин.
Мөмөсүн берген дарак гүлдөп өссүн.
Мөңгүлөр Ала-Тоонун көркүн берип,
мөмөлүү бул жашоодо күндөр өтсүн.

Тоо гүлү бийиктиктин көркүн ачсын.
Топурак берекесин чачыратсын.
Топуктуу адамзаты жашап өтүп,
тоолуктар тоо жеринен бакыт тапсын.

Ичкен суу, жуткан аба таза болсун.
Ичинден тиленгениң бата болсун.
Ирinden, арамдыктан алыс болуп,
ишибиз жүрүп дайым алга болсун.

*05. 06. 2022.*

## КЕЛИПТИР КЕРЕМЕТ ЖЕРГЕ

Бир адам жашап жүргөн эрме чөлдө,
зар болуп жашап келген суугa, көлгө.
"Көрсөм"- деп, саякатка жөнөп калат,
атайын ойлоп жүргөн тоолуу жерге.

Ал жашап ээн талаада чөл каптаган,
агын суу, аккан дайра, көл жатпаган.
Тоолорду өмүрүңдө көргөн эмес,
күн дагы түздөн чыгып, түзгө баткан.

Тоолордун дүйнөдөгү арасынан,
"каякка барсамбы?"- деп, сурамжылап.
Ак калпак Кыргыз эли мекендеген,
"барсам"- деп, Ала-Тоого тилек кылат.



Тоо, токой, шар аккан суу көргөн эмес,
көк шибер түшүнө да кирген эмес.
Аска-зоо, шаркыратма суулар түшкөн,
жер барын өмүрүндө билген эмес.

Келатты самолетто асман менен,
келгенде, күүгүм кирген кеч маал экен.
Кармаптыр аэропорттон бир "таксини",
"жеткир"- дейт, бара турган "тоого" деген.

Келатып машинада түн да кирди,
кеараңгы ар тараптан каптай берди.
Ал адам көрөм деген бийик тоолор,
каалаган, ойдогудай көрүнбөдү.

Жай алып түн ичинде караңгыда,
"жатсам"- деп, оюо кетти эс алууга.
Жол жүрүп, чаалыккандан уктап кетти,
тоолордун ал эңсеген кучагында.

Салкында, таза абада уктап жатты,
билинбей таң шоолалап нурун чачты,
агарып жерге жарык келген кезде,
ал адам уйкусунан көзүн ачты.

Тоолордон күн чыкканын ал көрбөгөн,
ойлоду бул керемет "эмне?"- деген.
Караса тегереги ажайып кооз,
табигат, жаткан жери укмуш экен!

Жапжашыл тоонун бети карагайлар,
жанашып жыты аңкыган арчалар бар.
Жатыптыр көк шиберде ширелишкен,
жанында агып жаткан булагы бар.

Өмүрү мындай жерди көргөн эмес,
келээрин мындай жерге билген эмес.
Мөлтүлдөп агып жаткан мөл булактын,
Эгерим даамын татып ичкен эмес.

Булбулдар туш тараптан сайрап жатты,
сайынан шаркыраган суулар акты.
Мындайды өмүрүндө көрбөгөнгө,
керемет ар тараптан курчап алды.

Бир кезде көздөн ылдый жаштар акты,
түндөсү "өлгөм го"- деп, ойго батты.
"Бейишти бериптир"- деп, Кудай таалам,
кудуңдап сүйүнгөндөн жыргап жатты.

Билгенге мына ушундай Кыргыз жери,
элестейт келген адам бейиш төрдү.
Өзүбүз тоо аралап эс албайбыз,
кыдырып "Мекен" деген биздин жерди!



## Маматысаева Күлүйпа



Маматысаева Күлүйпа 1967-жылы 9-февралда Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл өкмөтүнүн Арал (азыркы Абдыкаар) айылында төрөлгөн. Үй бүлөдө алты бир туугандын кенжеси. Орто билимди "Коммунизм" орто мектебинен алган. 1982-жылы Жалал -Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайына тапшырып "Эмгек жана чийүү" бөлүмүн бүтүргөн. 1986-жылдын сентябрынан Өзгөн районунун Чаңгет айыл өкмөтүндөгү "Ленин -39"орто мектебинде эмгек жолун баштаган. Мектепте "Жаш калем" жана "Жаш талант" ийримдерин жетектеген. Чыгармачылыкка студент кезден баштап аралашкан. Кыялы чоң сахнага чыгуу эле. Б.Жакиевдин"Атанын тагдыры" драмасында чоң эненин, Ч.Айтматовдун "Саманчынын жолунда" Толгонайдын ролу үчүн окуу жайдын мактоо баракчасы берилген. Өзү иштеген жылдарда ар кандай темада сахналык сабактарды өткөргөн. Ден соолукка байланыштуу 2001-жылы эс алууга чыккан. Үч уул, эки кыздын энеси. Ширинтай неберелерге чоң эне, таэне.

Жалпак-Таш айылдык "Пегас" чыгармачылык тобунун жана "Ынтымактуу таланттар" коомдук бирикмесинин мүчөсү.

### УСТАТ, ШАКИРТ

Жашоо-турмуш өзгөрүлмө ар кандай.
"Билим алуу ийне менен... казгандай".
Убактынды өткөрбөстөн кур бекер,
оку. үйрөн даяр кезде шарт-жагдай.

Максат коюп келечекке талпына,
мектебиңден билим алгын ашыга.
Ар бир саатын, мүнөтүңдү сарптагын,
билим алуу, кесип тандоо жаатына.

Билим берүү аскага жол салгандай,
ой-кыялдар чындык, кээде жалгандай.
Келечеги окуучунун кең болсун,
жарык жылдыз караңгыда жангандай.

Жылдар бою изденүүдөн талбаган.
Жакшы ойду ийгилиги жандаган.
Устаттар бар илим менен таанылып,
шакирттерин чоң турмушка камдаган.

## НЕБЕРЕ

"Небере таттуу, баладан артык"
Деп, айтса мага, ишенбейт элем.
"Кандайча андай, өз балаң турса,
небере андан ширинби?"- дегем.

Чын экен ошол, ишендим азыр,
неберем алып, ак тилек айтып.
Дүнүйөм түгөл, ааламым тегиз,
элжиреп кетем, бакытка балкып.

Унутам баарын, жыттасам демин.
Эх, жыты, ичпей, мас кылат мени.
Карасам тойбойм, тиктеймин кайра,
бакыраң көздүү бакытым менин.



## ЭНЕ ТИЛЕГИ

Жамгыр жаап терезеде тунук тамчы,
сызылып жол салгандай агат кулап,
Кыймылы эске салат балалыкты,
ойногон күн желесин биз кубалап.

Кооз болчу ар кыл түстө кубулжуган,
дөбөгө түшкөнсүчү узун кулап,
жабыла чуркачубуз бир топ бала,
калчуудай күн желени колго кармап.

Апакем чака тосуп жамгыр суута:
"өстүрөт чачыңды - деп, жуу башыңды,
пейлиң ак, көңүлүң чак болсун дайым!"
Деп жатса, жуубай карап турасыңбы?

Апакем ай, дайым багым тиледиң,
Жараткандан жалынганың билемин.
"Бакыт берсин баарыңарга түгөл!"- деп,
колду жайып айтчу бата-тилегин.

## КҮТҮҮ

Апакем ай, күндү санап зарыгып,
жазды күтүп, кызыңызды сагынып,
жатасыз го амандыгын миң тилеп,
уйку көрбөй сарсанаага кабылып.

Сезем апа,сагынам мен дайыма,
айыгайын, барам анан айылга.
Женем дартты, дем-күч берет апаке,
"сабырдуу бол!"-деген сөзүң жаныма.

## ЧАНБАГЫЛА

Үчүнчү кызын төрөп келгенинде,
үңкүйүп: "дагы кызбы?"-деди, эри.
Кошулуп кайын эне мурдун чүйрүп:
"кыйраткансып келгенин кара"-деди.

Көз жашын төгүп ыйлап күнөөкөрдөй:
"Оо,Кудай, мен эмнеден жаздым эле?
Уулбу же кыз болобу, айырма не?
Же өзүм сурап, жасап алдым беле?"

Арадан күндөр өттү, жаш төгүлдү.
Бой жетип кыздар өстү, бак көрүндү.
Ар кандай иштин майын чыгарышып,
ажарын ачып салды "кайт" көңүлдү.

Жеңилди жерден алып, оорун колдон,
болушту ата-энеге чоң жардамчы.
Эркелеп чоң эненин чачын тарап,
баягы күйөөсү жок көп арданчу.

Кыздардын сыйын көрүп сүйүп барат.
Уялат, көңүлүнө түйүп калат.
Кай жерде сөз болсо сакал сылап,
"кызбы? - деп, чанбагыла", күлүп калат.

## СҮЙҮНЧҮ

Сүйүнчү, баягы түш, эсиңдеби?
Ак жаңгак жегендеги кезимдеги.
Ошол түш туш келиптир жашоодо да,
Жараткан берди эгиз уул, неберени.



Бадыракай ак жаңгак маңыздары,
үйүм толо кубаныч, бакыт берди.
Апапакай данектей кыз төрөдү,
тун уулум Майрамбектин келинчеги.

Кошулду арабызга дагы бирөө,
уланып сүйүнчүм удаа эле.
Эки айлык улуу кызым Даткайымдан,
неберем Нурлан кызы Арзуу эле.

Олтурган серичеде ак сакалдуу,
батасы аталардын берет сыйды.
Кубантып жолборс жылы үй бүлөмдү,
Жараткан төрт небере белек кылды.

## ТҮШ

Айылда серичеде атам, апам...
катарлаш олтурушкан бир топ адам.
Алакан жайып бирөө бата берди,
тааныбайм, улуураагы ак сакалчан.

Жай турмуш кадимкидей өтүп жаткан,
апам да ак жоолукчан баягыдай.
Мен деле кошо жүрөм алар менен,
эми эле үйгө келип жолуккандай.

Апакем мага келип эки даана,
жаңгакты оң колума карматты да:
"Чагып келчи, ооз тийгин өзүң мурун!"
Мен анда каяккадыр шашып жаткам.

Чактым да, көрдүм даана маңыздары,
аппакай, дандуу жана бадыракай.
Тердим да чачыраган эки данды,
ашыга оозго салдым, таттуусун ай.

Жалт карап таппай анан караандарын,
"апалап" ары-бери издеп жаттым,
короо жай, алма багы баары турат,
мен жалгыз, не болгонун билбей калдым?

Түш экен, бир жагымдуу ойго баттым,
сүйүнүп жакшылыкка жоруп жаттым.
"Колдоду бабаларым мени"- дедим,
ырыскы маңыздары ак жаңгактын.

## ЫР КЕСЕ

Кылымдар өтсө дагы канча-канча,
эскирбей каада-салты жүрөт мына.
Карачы шаттык толо ыр кесени,
керемет мелт-калт болуп ыр толкуса.

Ош, Ысык-Көл, Нарын, Таласты,
аралап күү шаңшыйт аймакты.
Өзүнүн жанга жакын ыры менен,
таптады эл ичинде таланттарды.

Ыр кесе колдон-колго өтүп турса,
күү чертип, ыр жаңырып коштоп турса,
түбөлүк бирге жүрөт элим менен,
сакталып кылымдарга дагы канча?



## КӨЛ КЕРЕМЕТИ

Гүлдөрү салам берет башын ийип,
балыгы туйлап кетет чабак уруп.
Ыраазы болуп кеттим бул жашоого,
көл жээктеп кереметин карап туруп.

Күн нуру чагылышса жамалына,
миң түркүн кубулжуган түстү берет.
Жарашып тоо бетинде "калга" окшоп,
жайгашып калыптырсың Сары-Челек.

Арбалып коздугуңа Сары-Челек,
жээгинде көпкө турдум ойго батып.
Не деген сулуулук бул баасы кымбат?
Көп сырды жатса керек ичке катып.

Сен неге жылдыз сымал жымыңдайсың?
Эмнеге абаз салып ыр ырдайсың?
Терең ой, кайгы-муңга чөккөн сымал,
тунжурап бир калыпта шыбырайсың...

## АСАН МЕНЕН ҮСӨНГӨ

Топурап балам менен кошо жүргөн,
томпойгон балдар эле Асан, Үсөн.
Карачы окшоштугун катыгын ай,
дагы эле ажырата албай жүрөм.

"Асан"-деп, мен Үсөндү адаштырып,
көп ирет жаңылганмын чаташтырып.
Бир ирет айткан сөзүм али эсте:
"Жазып алчы "А" же "Ү"- деп, жармаштырып.

Өрүктүн мөмөлөрүн терип келип,
данегин чагып алып, бөлө жешип,
Таң атпай айгай салчу кыйкырышып,
"Ассалому алейкум, жарма данек"-дешип.

Чалгы чаап, чөптү байлап таң эртелеп,
жер иштетчү бакчада кетмендешип,
шайырлар ыр ырдашчу тоо жаңыртып,
чарчоо билбей кыш камын эрмектешип.

Билинбестен суудай агып сан жылдар,
бой жетишти эгиз балдар жанашып.
Ар биринде өз алдынча тагдыр бар,
Үй-жай куруп, жар күтүштү жарашып.

## АПАКЕМДИН БАТАСЫ

Көңүл улап эл көзүнө көрүнөө,
кымбат көйнөк, жоолук алып бербедим.
"Наалат айтып, кир калбасын ичте"-деп,
кепти ташып, ушак айтып келбедим.

Чырдашсак да өз ичимде сактадым,
чындык издеп төркүнүмө барбадым.
Чын турмуштун казанында кайнадым,
четке чыгып элден алыс калбадым.

"Апакемдин өтүнүчү ушул"- деп,
үй бүлөмдүн ынтымагын сактадым.
Эң кымбатым жашоомдогу белегим,
алганмын мен апакемдин батасын.



## НАСААТ

Улутунан тандабай ар адамды,
пейилине карап кыл мамилени.
Көңүлүң түз, ак болсо, дилиң таза,
Бир туугандай, баары дос сага эми.

"Кеселсиң"-деп, жээрибе ар пендени,
Жараткандан сыноо го ал бергени.
"Жашоодо өйдө-төмөн, ысык-суукка,
наалыбай күчтүү болгун, сен"- дегени.

*

"Көк мээсиң"-деп, зекибе жаш баланы!
"Как башсың"-деп, какпагын карыларды!
Текеберлик жакшы эмес көктү карап,
теңсинбестен жерге урган адамдарды.

Көрүп турат ар бирин таразалап,
бир күн тартып каласың азабыңды.
Абайлап айт кебиңди, айтаар болсоң,
калкыңа жак ак кылып кызматыңды!

## ЭЛЕСТЕТЕМ

Кээде катуу,кээде жумшак мүнөзүңүз.
Чындык үчүн жан үрөп күрөштүңүз.
"Дос, душман"- деп, бөлбөстөн адамдарды,
баарын тегиз көрүүгө үйрөттүңүз.

Мээримиңиз күн беле жарык чачкан?
Айыл ичи бүт сизди эне туткан.
Уруш-талаш,чыр-чатак, көп маселе,
казысы эле апам чечим чыгарган.

Колуңуздун жылуулугун сезем мен,
кармап койсо ооруу дароо басылган.
"Керек элге кыйын-кыстоо кезде" -деп,
ыйгарганбы табыптыкты Жараткан?

"Жарамсыз"- деп, ыргытылган чыбыкты,
жерге сайып,чынар кылып көктөткөн.
Жайнап турчу терезеде түркүн гүл,
жайы-кышы элес берчү көктөмдөн.

Мөмө-жемиш толуп турган чарбакта,
апакемдин колу тийип көгөргөн.
Элестетем бак ичинде жүргөндөй,
Мичуриндей жаңы көчөт көчүргөн.



## Кадыров Абдилазиз



Кадыров Абдилазиз 1969 - жылы 2 - декабрда Ноокат районунун Төөлөс айылында туулган. Эки Уулу, бир кызы бар. Азыркы учурда Москва шаарында жашап, эмгектенет. Чыгармачылыкта жашынан ырдап жүрөт.

"Ынтымактуу таланттар " маданий коомдук бирикмесине январь айында келген. Кыялы шайыр жана сынга көтөрүмдүү болуп, керемет ыр обондорду аткарып, бирикмедеги таланттардын сый урматына ээ боло алды. Талыкпай, эмгектенүүсүнүн натыйжасында бирикмедеги акындардын ырларына обондорду жаратууда. Өзү да ыр жазып, ырына обонун чыгарып, аны гитара менен өзү аткарып берген, ар тараптуу таланттуу инсан. Ондогон жагымдуу обондору бар.

### УНУТУЛГУС СҮЙҮҮ

Толкуп турган деңиз сен элең,
калкып сүзгөн кайык мен элем.
Толуп-ташып ырдап жел менен,
толкунуңа эргип термелем.

Айлар, жылдар өттү арадан,
биз жолукчу күндү самагам.
Толкунуңа берип туруштук,
too болоюн күтүп караган.

Күнү-түнү сени элестеп,
"күттүрбөстөн жээкке келет"- деп.
Түңүлбөстөн угуп шоокумуң,
түбөлүккө жүрөм сени эстеп.

*02.05.2023.*

## БЕЙИШИМ АПАМ

Аппак жоолук салынган,
акак мончок тагынган.
Балаң үчүн апаке,
даяр дайым камылгаң.

Кадырың билдим бүгүн мен,
сагындым сизди апакем.
Жанымда бирге болуңуз,
башкача жашооката экен.

Айымсыз апа, күнүмсүз.
Төгүлгөн куту үйүмсүз.
Бакытым толук болбойт го,
"балама" деген сүйүүңсүз.

## КЛАССТАШТАР

Классташтар туш тарапка тарадык,
кыйын болду, артта калып балалык.
Ордун тапты өз-өзүнчө бул турмуш,
келбейт эми так ошондой жаралып.



Классташтар бирден эстеп сагынып,
жаштыгыбыз эми биздин калдыбы?
Эстегенде кимдер кайда болбосун,
эсен-аман болгулачы баардыгың.

Ойноп-күлүп аруу сезим баштадык.
Сезимдерди ачык-айкын айтпадык.
Тарбиясы ага-эженин жакшы эле,
көп шоктонуп жаман жолго баспадык.

## КЫЗЫМА

Мээримдүү менин чырагым,
эркелеп ойноор убагың.
Алыстан келсем жан кызым,
аталап чуркап чыгаарсың.

Чырагым менин ай кызым.
Кудайым берген жалгызым.
Узунун берсин өмүрдүн,
максатка жеткин ар дайым.

Ааламдын гүлүн терейин,
ай, күнгө сени теңейин.
Гүл менен ай, күн, жылдызды,
апкелип сага берейин.

Кыялга батып жүргөнүң,
каткырып кээде күлгөнүң.
Өзүңдөй мага сезилет,
тазасы жалган дүйнөнүн.

*07.08.22.*

## АДАШКАН СҮЙҮҮ

Арманды айтып келгенсиң,
ак сүйүү арнап бергенсиң.
"Чын дилимден сүйөм"- деп,
жүрөктү жаным эзгенсиң.

Бактылуу болгун сен эми,
ара жолдо калбастан.
Ак сүйүүм арнап сага мен,
турмушта катуу адашкам.

Жаш кезде сезбей жүрүпмүн,
жайдары ойноп күлүпмүн.
Жароокер кайдан билейин,
жаңылып сени сүйүпмүн.

Таң калып баары карашкан.
Тагдыры бирлер жанашкан.
Кантели эми, кечиргин,
кайыр кош сүйүүм адашкан.

*20.06.22.*

## АПАКЕМ

Эстейм апа эркелеткен күндөрүн,
мени күтүп уктабаган түндөрүң.
Санаа тартып дайым ойдо жүрөсүн,
көп корбодум чын жүрөктөн күлгөнүң.



Апакем ай, мээнетиңди алайын.
Ойлонбочу эч армансыз багайын.
Көп жашачы, оорубачы апаке,
өлбөстүктүн мүрөк суусун табайын.

Үйүбүздүн жарык нуру өзүңүз.
Дары болот, дабаа болот сөзүңүз.
Апакебай аба, суудай керексиз,
көп жашаңыз, жайнап турсун көзүңүз.

*16. 05. 22.*

## ЭНЕКЕМ

Эх, аттиң - ай, азыр башка, өзгөмүн.
Элестетем мээрим толгон көздөрүн.
Эмнегедир уккум келди, сагындым,
эркелетип: "уулум"- деген сөздөрүн.

Эне экен да, тентегиме түтчү эле.
Эрки бекем, бала үчүн, күчтүү эле.
Удургутуп ойноп кетсем досторго,
уктабастан түнү бою да күтчү эле.

Азыр мына чоңойдум жаным апам.
Ал кездерге эстесем, кайра кайтам.
Санааларга салганды ойлоном да,
сагынычтан мен сизге ырлар жазам.

*16. 05. 22.*

## ТАМАША ЫР

Мигрант болгон кезде мен,
таанышканмын сиз менен.
Тамаша кылсам эжекем,
таарынып кетпең сиз менден.

Сүйүү сөзүн айтпаймын.
Үмүт отун жакпаймын.
Түбөлүктүү жарым бар,
үй бүлөмдү барктаймын.

Ачылган гүлдү тандадым.
Жакшылык сизге арнадым.
Ден соолукта болуңуз,
бактылуу болуп ар дайым.

*16. 04. 22.*

## "СҮЙӨМ"- ДЕЧИ...

"Сүйөм"- дечи, угайын мен, кайталап,
чын-тогунү көздөрүңдөн байкалат.
Арзуу толгон жүрөктөгү дем менен,
алкымыңдан бир жыттайын ай тамак.

Мен сүйүүнүн баркын билбей жүрүпмүн.
Мээримине, аптабына күйүпмүн.
Билген кезде бийик сезим кадырын,
бир өзүңө жетпей жаман күйүктүм.



Болду эми башка издеп барбаймын.
Болочогум тапсам дагы албаймын.
Бийигим сен, бийик сезим бердиң ов,
бир өмүр мен жалгыз сени жандаймын.

## МЕКЕНИМ

Алыс жакта жүрөм Ата-Мекеним.
Билем сенин мага кымбат экениң.
Ажайып кооз издесем да табылбас,
айлансам да сендей жердин эченин.

Канча өлкө Кыргызстанга кызыкты.
Далай жолу "жапайылык" кылышты.
Намыс үчүн өз жерлерин коргошуп,
азаматтар өз жандарын кыйышты.

Ата-бабам мурас кылган жерлерин,
сакташ үчүн эр жүрөктөр аттанган.
Карт тарыхта изи калып өчпөгөн,
баатырлардын тизмесине катталган.

*24. 08. 22.*

## СҮЙГӨНҮМ

Сүйгөнүм менин сүйгөнүм.
"Сүйүү"-деп жүрүп, жүдөдүм
"Эртеби, кечпи келээр"- деп,
күтөмүн сени, күтөмүн.

Кайырма:

Сен кеттиң мага карабай,
ыйладым жапжаш баладай.
Өткөргөн сенсиз күндөрдүн,
ырлары сенде калгандай.

Гүлдөрдүн түрүн терейин.
Сулуусун сага теңейин.
Куттүрбөй келчи садагам,
сүйүүмдү белек берейин.

Кайырма:

*18.12.22.*







Касымалиев Асеин Сакенович 1971-жылы 17-октябрда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районуна караштуу Тосор айылында туулган.
ИИМ тармагында эмгектенип 2015-жылы 1-апрелде ардактуу эс алууга чыккан. Азыркы учурда Бишкек-Каракол-Бишкек багытында жүргүнчүлөрдү ташып эмгектенет.
Келинчегинин аты Аида.
Үч кыз, бир уулдун атасы.
"Ынтымактуу талантар" коомдук бирикмесинин мүчөсү.

## ӨЗҮҢ ҮЧҮН АРНАЙЫН

Бакытым издеп, баам салып басып жолумду,
багытым түздөп, балкытып тилек-оюмду,
бараткан кезде багынтып аруу сезимге,
байкатпай мага жайылган сенин торуңбу?

Өзүңсүз эми таштактай болоор жолдорум.
Өзгочо сыйлап өзгөрбос эми ойлорум.
Татыктуу жашап талпынып учуп кош канат,
таталы даамын табылга сүйүү олжонун.

Өмүр бир келет колуңду бекем кармайын,
өзүңдөн четтеп эч жакка алыс "барбайын".
Жайнаган дүйнөм, жансезим жараат дарым сен,
жазылган ырды бир өзүң үчүн арнайын.

*Тосор айылы., 25.03.2023.*

## БИЛГЕНДЕР БАР

Кадырыңды билгендер бар, билбеген бар.
Акыл кепти илгендер бар, илбеген бар.
Урушканды жакшы көрүп кепке келбей,
ак болсоң да кара кылып тилдеген бар.

Өз оюнан кайтпай өжөр, бербеген бар.
Эмгегинен колу жооруп тердеген бар.
Чачылганды көрүп туруп басып кеткен,
дүйнөң түшкүр, бир эңкейип тербеген бар.

Кыйналганга бир жакшылык кылбаган бар.
Өзүн андан бийик коюп жыргаган бар.
Эки айры жолдо турса түгөл бүлө,
бириктирбей кайраштырып чыңдаган бар.

Беделиңди сындырып тепсеген бар.
Көк беттенип өмүр бою кектеген бар.
Айланчыктап колдон келип турганыңда,
пайдаланып босогоңдон кетпеген бар.

"Сен эси жок, мен акылдуу"-дегендер бар.
Көр жемедей күңкүлдөп мээ жегендер бар.
Берекелүү, ырыскысын тең бөлүшкөн,
эң бир сонун, колу ачык берендер бар.

Акыл айтсаң кулагына түйгөндөр бар.
Ашык жыйып көр дүнүйө үйгөндөр бар.
Жамап-жаскап өз оокатын кылып жүрүп,
жалган жалаа, ак жеринен күйгөндөр бар.



Кетпегендер, тепсегендер, жектегендер.
"Мага мындай кылды"- дешип, кектегендер.
Бербегендер, тердегендер, тербегендер...
акырынан алсыздын жем жегендер.

Баарын камтып айтып өттүм туугандарым,
адамдардын өйдө-төмөн тургандарын.
Менден кетсе кемчиликтер кечиргиле,
сыйлай берем жүрөгүндө ыр барларым.

*Тосор айылы*
*27.01.2023.*

## БИЛСЕК БИР КАНА

Ачуу да таттуу, ар кандай болуп сезилген,
азап же бакыт, ар түрдүү жашоо берилген.
Жараткан өзү ырыскы үрөн чачканда,
кедейге азы, байга көп балким, себилген.

Билсек бир гана бир өмүр кыска, аздыгын,
сезимдер бийик, аруузат алсыз, наздыгын.
Жаныңда барда жакының тургай чоочунду,
кадырлап алсаң аялбы, эркек... баардыгын.

Билсек бир гана өмүрдө тирүү күндөрдү,
ажайып сулуу ай-жылдыз толгон түндөрдү.
Татыктуу жашап, суктантып ар бир көз ирмем,
таңыркап тыңшап табигат салган үндөрдү.

*Тосор айылы*
*10.02.2023.*

## АК КУУЛАРГА ЖАРАШАТ

Таза сүйүү көлдүн аппак куусундай,
ичсең өлбөс тунук мүрөк суусундай.
Андай  сезим ак кууларга жарашат,
жандап дайым жалгыз, жарым учурбай

Ажырашпай бир бирине төп келген,
 "ак сүйүүнүн символу бул"-деп, көнгөн.
"Даңазалап ал сезимди турсун"- деп,
Жараткан да балким муну эп көргөн.

Башкаларда азап-кайгы, армандай.
Таза сүйүү бир силерде калгандай.
Көлдү жээктеп басам издеп ак кууну,
арууланып жолум түшүп баргандай.

Эх, аккуулар, саткан сезим оңбостур.
Араңарда андайлары болбостур.
Аалам толо сүйгөн болсо силердей,
адамзаты ага дагы тойбостур.

*Тосор айылы*
*9.04.2023.*

## ЖОЛ ИЗДЕЙМ

Жолдор айры талаа-түздөйт, кырды ашат.
Жүрөк чиркин акыл, сезим сырдашат.
Кыя албай кыйноо тартам өзүмчө,
белгисиз күч жан дүйнөмдү сыздатат.



Элестетпей ажырашуу жолдорду,
эңсеп келем "бир болсок"- деп, болгону.
Жараткандан жалынам да, суранам,
айды карап жаңырганы, толгону.

Кеткибиз жок бирибизден бирибиз,
ошон үчүн өбөк-жөлөк, тирүүбүз.
Айлансак да чоң сүйүүнүн кулуна,
эң зарылы, биз ошону билүүбүз.

*Тосор айылы*
*23.04.2023.*

## НУРДУ ЧАЧЫП БАЛКЫТЧЫ

Күлүп тосуп, кайра күлүп узатам,
эң маанилүү адам келип кеткендей.
Нурун күтөм таң чыгыштан чубасаң,
жаш балача энесин кууп жеткендей.

Чыккан күнүм нуруң чачып балкытчы.
Көңүл чоксо бийиктетип жаркытчы.
Чомүлөйүн мээримиңе магдырап,
же энемдин жылуулугу артыкпы?

Сени тосом күндө туруп эртелеп,
сезимдерим термелишет эркелеп
нурларыңдын жылуулугу, а балким,
энекемдин мээримине тең келет...?

Чыккан күнүм көп жашайын, батпачы.
Максатым көп, жалкоолонуп жатпачы.
Эл-жериме ак кызматым өтөйүн,
суранайын сен батканга шашпачы.

*Тосор айылы*
*2.05.2023.*

## БИР КУШ КӨРДҮМ

Бир куш көрдүм сулуу гүлдү айланган,
кыналышса бир-бирине жарашып,
айланчыктап ал куш келип конгондо,
баары турчу суктанышып карашып.

Бир гүл көрдүм күткөн кимдир бирөөнү,
эң бир сулуу... кумсарыңкы жүз-өңү.
"Кыналышкан кушу кайда кетти?"- деп,
ойго салат онтоп каккан жүрөгү.

Бөлдү тагдыр сулуу гүлдү кушунан,
чыга калып карөзгөйлөр тушунан.
Ак сүйүүсү кала берди сакталып,
ыр канаты талыбады учуудан...

*Тосор айылы*
*5.05.2023.*



## ЖАШОО КЫЗЫК

Кетсек кайра келчү жолдор көрүнбөйт,
үмүт артып өлбөөчүдөй жашайбыз.
Сууну чапсаң ал экиге бөлүнбөйт,
качан адам "акты ак" деп, атайбыз?

Жашоо бирөө, кайра дагы берилбейт
Кулач жайган денең артык керилбейт.
Маңкурт сымал болсоң эгер кайдыгер,
мааниси жок, жашаганың сезилбейт.

Жашоо жыргал сезимдер бар күчтөгөн.
Жандайт дайым жакшы адамдар күтпөгөн.
Капилеттен өтүп кетсек дүйнөдөн,
калат экен иштер толо, бүтпөгөн.

Жашоо ушак жамандаган бир-бирин,
тийгизишкен жаман сөзүн, уу тилин,
сөөмөй кезеп кекетип да мокотуп,
сабыр кылбай, тартпай ачуу "тизгинин".

Жашоо кызык баалап өмүр сүрөлү,
жакшы көрүп өздү, жатты сүйөлү.
Керемет бир баалап, сыйлап, кадырлап,
кезиккенде кучакташа жүрөлү.

*Тосор айылы*
*6.05.2023.*

## АК ГҮЛҮМ

Чочутуп сезимдерди бүлдүрбөчү,
чогу жок жалын-отко күйдүрбөчү.
Алоолоп турган кезде суу чачкандай,
аруу кыз жалгыз мени сүйдүрбөчү.

Ак гүлүм башкаларга кыя албаймын.
Ааламдай кең дүйнөмө сыя албаймын.
Дегдегем "бир өзүң"- деп, бул жашоодо,
дем жетпей бир ирмем да тура албаймын.

Мен эми сен жөнүндө ырдай берем.
Мезгилдер мерездигин сындай берем.
Билинбей күлүп-жайнап жүргөн менен,
билгизбей үн-сөзү жок ыйлай берем.

Ыр кылам жүрөк айткан сөздөрүмдү,
ыймангa ыктап ар бир өзгөрүүнү.
Ар убак жылуу сезим, эстей берем,
адайып карагаттай көздөрүңдү.

*Тосор айылы*
*15.05.2023.*

## ДАРМАНЫҢ ЖОК

Өңүмбү же түшүмбү билбей калдым?
Эсиме тутпай дагы, илбей калдым.
Өзгөчө көңүлүмдү бурсам дагы,
өзүмдү эстей албай, тилдеп алдым.



Кооз жер экен, турупсуң ортосунда,
ачык асман, күн нуру коштоосунда.
Кимдир бирөө келчүдөй күтүүдөсүң,
билинип жан дүйнөңдүн жоктоосунда.

"Келет"- деп, үмүт үзбөй күндү карап,
керемет, эски тааныш үндү самап.
Келбесин билгениңде күтпөйт элең,
жүрөгүң "бырчаланып" турду канап.

Эх сүйүү, баатырды да мөгдүрөткөн.
Кармаган чыгаанды да так жүрөткөн.
Чечен да тилден калып кекечтенип...
Өзүнө келгенчекти ай-жыл өткөн.

Ал жер турду келбетиңди коздой албай,
өзүң турдуң үн чыгарып боздой албай.
Кол шилтеп кетүүгө да дарманың жок,
ооруксунган денеңди козгой албай.

*Тосор айылы*
*16.05.2023.*

## КӨЗДӨ ЖАШ

Көздө жаш мунду айтып турганындай,
тамчылар жан дүйнөсүн жууганындай,
карекке бүт арманды жүктөп алып,
жек көрүп сагынычты кууганындай.

Көз жашы айдай жүзүн жууганындай,
көөдөндү арман күчөп бууганындай.
Жанында тиреги жок өбөк-жөлөк,
мандайдан сылап өпчү тууганындай.

Жан дүйнөң темир эмес чыдагыдай,
ыйлап ал кадимки эле ыйдагыдай.
Дарты бар көкүрөктө арманы күч,
ырдалып кала берчү ырдагыдай.

*Тосор айылы*
*17.05.2023.*

## КЫЯЛДАРДА ЖАШАЙЛЫ

Убакытты ким токтотуп тура алат?
Ойлогонду кимдер дароо кура алат?
Ылдый карай агып жаткан сууларды,
айтчы досум, кимдер өйдө бура алат?

Күн артынан күндү жашайм кубалап,
өмүрүмдөй ойлор кошо чубалат.
Жаштыгыма кыял минип барам да,
кайра узатам өзүм колду булгалап.

Күндөр өтөт түйшүк тарткан ченемсиз,
таарынышып, жөнү жок бир, себепсиз.
Ал учурда жакшы элес калтырган,
көз ирмемге сүзүп барам кемесиз.



Оор күндөрдө кыялдарда жашаймын,
элестетип баарын кайра баштаймын.
Сынап туруп тагдыр салган жолунан,
кадам таштап артты карай качпаймын.

*Тосор айылы*
*29.05.2023.*

## ИНИЛЕРГЕ

Убакытты ченеп койгон шашпагын.
Улуу, асыл максаттардан качпагын.
Тоготпостон болоор-болбос иш үчүн,
топтоп алган кадырыңды чачпагын.

Башын аттап сакалдуудан ашпагын,
"барба!"- деген, жактарга эч баспагын.
Айрымдарды бөөдө жерден кемсинтип,
абийирин кетирбегин, ачпагын!

Жаман адат жоруктарды таштагын!
Жакшылардан жолун жолдоп, качпагын!
Жардам берип алсыздарга иничек,
жаңы барак жашоону сен баштагын.

*Тосор айылы*
*31.05.2023.*

## АЛДУУЛАР АЛСЫЗДАРДЫ

Алдууну алдуу кылган алсыз болот,
алсызга тап беришкен арсыз болот.
Намысы жок көөдөндө "алдуумун"- деп,
көзү көргөн көөдөн сокур аңсыз толот.

Алдуулар алсыздарды жеп келишкен,
сүйлөйт алар сөздөрдү "төп" келишкен.
Алсыздарды алсыратып жей беришти,
алдуулар өздөрүнө эп көрүшкөн.

"Мага азы, сага көбү тийди"- дешет,
басмырлап "бизди көрүп сийди"- дешет.
Жада калса кийип жүргөн кийимдерин,
"мени туурап байкуш неме кийди"- дешет.

Бул сүрөт көп нерсени чагылдырат.
Ойлонтуп ойлоруңду багындырат.
Алдууну элестетип жийиркентип,
алсызды аяп кетип сагындырат.

*Тосор айылы*
*20.02.2023.*

## СӨЗ ДЕШЕТ

Беттешебиз кез келишип, катуу айтпа сен дагы.
Саламдашам учурашып, кучакташам мен дагы.
Көргөн адам таалим алып, суктанышып карашсын,
катуу айтпай жумшак сүйлөп, алик алсын ал дагы.

Адам эмес суулар дагы бет келишип, кездешет,
"бул дүйнөнүн жалгандыгын сен да туюп, сез!"- дешет.
Ооздон чыккан сөздү кайра кайтарып сен албайсың,
"көңүлдөрдү калтырган да, көтөргөн да сөз"- дешет.

*Тосор айылы*
*1.03.2023.*



## ШАШТЫРАМЫН

Күлсөң күлкүң ай жүзүңө жарашкандай,
суктанышып бүт жигиттер карашкандай.
Мен ансайын кызганамын, ичим тарып,
сезип сени менден алар талашкандай.

Ай жүзүңө тойбой тиктеп, карай берем.
Кабак чытпай күлгөнүңдү самай берем.
Жамалыңды жаап турган саамай чачың,
тажабастан салаалап тарай берем.

Сен күлсөң кошо күлүп, каткырамын,
өзүңдү жандай көрүп, жактырамын.
Убакытты, алып учкан мезгилимди,
сенден оолак бургум келип, шаштырамын.

*Тосор айылы*
*25.03. 2023.*

## МУУН КЕЛЕТ

Муун келет жаңы тарых ачылганда,
бак кетет колдо туруп качырганда.
Ошентип, эски муундар кетет экен,
тарыхтан барактары жабылганда.

Алдыга карап алып жутунабыз.
Олбөөчүдөй улуп-жулуп кутурабыз.
Алдуулар алсыздарды баса калса,
"кой"-дебей, кайра аны тукурабыз.

Отунду бүткүчөктү таарый берип,
кылчайып артты карап каарый берип.
Байлыктын тээ түбүнө жеткен барбы,
жыйып алып кетчүдөй маарый берип?

Ачуу сөз айтып жанды кейитебиз.
Ар-намыс алсыраса, терикпейбиз.
Акыл калчап, сабырды колго алгын,
эрте-кечпи, баарыбыз бейиттебиз.

*Тосор айылы*
*28.03.2022.*

## СУЛУУЛУК БАР

"Көз жаштан пайда болгон кайың"- дешет,
кээ бирөө "бул жөн гана айың"- дешет.
"Сүйүүгө чалдыгышып чыга алышпай,
ыйлашкан кедейиң да, байың"-дешет.

Кайында да өзүнчө жылуулук бар,
отурсаң көлөкөлөп сулуулук бар.
Канаттуу эң сулуусу ак куу болсо,
бактын да кайыңында улуулук бар.

Шуудурап жалбырактын добуштары,
мукамдуу, эң бир сонун музыкадай.
Ойлорум кошо ырдайт алар менен,
табигат да суктанып кызыккандай.

*Тосор айылы*
*10.04.2023.*



## БИЙЛИК ЭМНЕ

Колдоп сени тике туруп көзүң карайт,
өзүң кемпай болсоң да, сөзүң тарайт.
"Дагы кандай кепти азыр айтат?"- дешип,
сүйлөй элек кезиңде оозуң карайт.

Бул жортуул, анан дагы баатырчылык,
баатырдыгын арзыбаган саткынчылык.
Бирде болуп, бирде жок, оошуп келген,
бийлигин да болуп келген жакырчылык.

Бул жашоо бир керемет туура тутсаң,
суу ичсең да "бисимилла"- деп, анан жутсаң.
Канчалык чоң бийликте болсоң дагы,
акыретке бараарыңды эстеп турсаң.

Жашоого түркүк болуп калган барбы?
Алдыда дайым болот жолдор айры.
"Бир гана бийлик чечет"- деп ойлосоң,
андай болбойт, туура эмес, арты кайгы.

Акча, бийлик жардам бербейт кээде сага,
кабылдап замандашым ишен мага.
Алардын аркасынан түшпөгүн сен,
жашооңду коздой албайт экөө гана.

*Тосор айылы*

## АЛЫП, БЕРИП КӨНГӨНБҮЗ

Туура жүрсөк көп элден биз улуубуз.
Тарыхы бар, эгемен эл, туулуубуз.
Эртели-кеч "кетээр" күндү унутуп,
акча менен көр ооката тын кулубуз.

Пара берип, пара алып көпкөнбүз.
Чыга албай түпкүрүнө чөккөнбүз.
Колдо барга жакындайбыз илгертен,
колдо жокту келиштире "сөккөнбүз".

Бийликтүүгө башты ийип жүрөбүз.
Жагыш үчүн жагалданып күлөбүз.
Бул дүйнөдөн ушул бойдон өтчүүдөй,
алдууларды жандан артык сүйөбүз.

Колдо барга жакындайбыз, шашабыз.
Колдо жоктон безеленип качабыз.
Алсыздарды теңибизге албайбыз,
акчалууга бүт мүлкүбүз чачабыз.

Бардар жерден тууганды биз күтөбүз.
ал тууганың эмне кылса түтөбүз.
Түтүп жүрүп кетет чыдам бир күнү,
анан жадап ажырашып бүтөбүз.

Эмне ушундай пенде болуп жаралдык?
Ынтымак жок чачырадык, тарадык.
Колдо жокту колдобойбуз кемситип,
кайдан келдик, кайда айтчы баралдык?



Керсейебиз, чөнтөк толсо "пулубуз",
тойлоп жүрүп чыгаар бекен бугубуз...?
Ар нерсенин топук кылаар чеги бар,
токтот пенде, качан калат мунубуз?

## ТУУЛГАН КҮНҮ АТАМДЫН

Туулган күнү бейиши болгур, атамдын,
ырларымда бук чыгарып жатамын.
Көз алдыма бала кезим тартылып,
карек толгон тамчы жашым катамын.

Өзүң жоксуң, эстеп ыйлап олтурдум...
Ыйлаганын көргөнүм жок сокурдун,
алар балким, көөдөн менен ыйлашат,
а мен көз да, көөдөнүмдү толтурдум.

Тирүү болсоң бүт чогулуп бармакпыз,
эң бактылуу ирмем, эстеп калмакпыз.
Эх, атакe, баарын калыс чеччү элең,
таразабыз калган сымал салмаксыз.

Шүгүр кылам, энем тирүү олтурат,
бош ордуңду энем бизге толтурат.
Бирок бизге сенин ордуң башка эле,
бар дүйнөңүз арабызда жок турат.

Жок болсоң бирге жашай бересиң,
айланчыктап "үй бүлөм"- деп, келесиң.
Бир нерселер жакпай калган учурда,
кабак бүркөп, ата түшкө киресиң.

Арабызда жашай берет элесиң,
Жаратканым берсин сизге бейишин.
Баарыбызга дагы деле кам көрүп,
тургуза бер бейиш бактын сересин.

*Тосор айылы, 07. 05. 2021.*

## ЭСКИ ЖОЛДО БАРАТЫП

Түркүн ойлор туш тарапка тарашып,
бала кезде баскан жолдо баратып.
Деле турат ошол бойдон эски жол,
ой чубуртуп ошол кезди саматып.

Мен баратам чаң учурган ал жолдо,
бүт тосулган, пейил кеткен тар жолдо.
Бала кезде мал кайтарып өтчү элек,
баары кенен болчу анда ал жолдо.

Эх, эски жол, эске салдың далайды...
Ким билиптир бай жумшаган малайды?
Жол эле эмес пейилдер да тарыды,
кайран "баштар" көрот окшойт далайды...?

Ээн жатчу эле куурай баскан талаалар.
Ырыскы мол ... майы аккан салаалар.
Зар болчубуз бир барууну көксөтүп,
ошондогу биз эңсеген калаалар.

Эски жолдор издер калбай, бузгандай,
кум тапталып эчен ишкер кургандай.
Ал бала кез, баёо сезим бир мезгил,
"элес окшойт бир түш көрүп тургандай".

*Тосор айылы, 19.04.2022.*



## ТИРҮҮЛҮК

Тирилип кышта жаткан кургак бутак,
жаз күтүп жатканындай жаны туйлап.
Биз дагы араң эле турган өңдүү,
ызгаардан жаз демине турдук жутап.

Карап өттүм бактар бүчүр байлаганын,
суукту кууп жаз да кышты "жайлаганын".
Суктанып бак аралап басып барам,
угуп алып түркүн куштун сайраганын.

Ушул күн бүгүн бар да эртең болбойт.
Ким билет, эртеңкиге көңүл тойбойт.
Бүгүндөн эртеңибиз кызыктуудай,
үмүттөр азгырышып жанды койбойт.

Бүгүн күн эртеңкиге эч окшобойт,
азыркы турган достор эч коштобойт.
Тирүү жан бирин-бири жоктой берет,
өлгөндөр ишенип кой, эч жоктобойт.

*Тосор айылы*

## ЭСКЕ ТҮШӨТ

Өткөндү эстеш керек тарых болот.
Суу агып келген нугу арык болот.
Турмуштун оң таасири сабак алсак,
алдыда келечек да жарык болот.

Эстебей коё албайсың өткөн күндү,
кырмандан "тоют тапкан" далай түндү.
Энекем "үшүбөйсүң кие кой"- деп,
токуган байпак түшөт эске, жүндүү.

Бала кез кандай сонун, кандай таттуу,
биринен бири өткөн ырахаттуу.
Жомокко кыял менен учуп барам,
"ажыдаар эске түшкөн, жети баштуу".

Энеке алып барчы ошол жакка,
эч нерсе кереги жок андан башка.
Таштардан үйдү салып мен ойноюн,
жетеле, баралычы ошол жашка.

Кеч иңир, күүгүм кирип калгычакты,
оюнга шаштым кетет баргычакты.
Жүрчү тез, кыялдарым алып уччу,
элүү жаш Кудай бере салгычакты.

*Тосор айылы*



**Жийдегүл Исакова**



Жийдегүл Исакова, 1972-жылдын 6-май күнү Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад облусунун, Сузак районуна караштуу Барпы айыл аймагында жарык дүйнөгө келген.
Билими жогорку, кесиби мугалим.
Ош мамлекеттик Университетинин Табият таануу факультетинин химия-биология бөлүмүн бүтүргөн.
Мектеп жылдарынан жазган ырлары мектеп дубал гезиттерине жарыяланган.
"Аруу дүйнө" адабий клубунун жана "Ынтымактуу таланттар " бирикмесинин журналдарына ырлары жарык көрүп келет.
"Ыйык тил", Алыкул Осмоновдун "Эстелик", "Алтын калем" жана "Сөз чебери" медалдары менен сыйланган.
Бир китептин автору.
"Ынтымактуу таланттар " адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү.
Бишкек тайпасынын координатору.
Учурда Бишкек шаарында жашайт, жеке ишкерлик менен алектенет.

## СОКУР ЭНЕ

Өскөнүн көрбөй уулумун,
көздөрүм көрбөй курудум.
Арадан канча жыл өттү?
Эр жетти мына кулунум.

Айтпадым эле ката кеп,
албады менден бата кеп.
Чоң шаарга кеткен каралдым,
келбеди кайра "апа" - деп.

Эр жеткен иштейт шаар жакта,
жетиштүү баары ал жакта.
Уулумдун азыр иши жок,
апасы кандай, кай жакта?

Кабарым алып чалбады,
баладай күйүп жанбады.
Арданат окшойт капыр ай,
"сокур" - деп айтат балдары.

Кантсе да балам барайын,
кабарын издеп табайын.
Үйүнө коёор киргизип,
үзүлбөс үмүт жагайын.

Кейиген кемпир күбүрөп,
баладан такыр түңүлот.
Издеп бир келген шаар жакка,
ичинен боздоп күйүгот.

Киргизбей үйгө "кетир"-деп,
кыйкырып "сокур кемпир" - деп.
Эшигин ачпай "кимсиң?"- деп,
сыздатты көөдөн эзгилеп.



Аргасыз кайтты үйүнө,
жатты го очок түбүнө.
Ак барак алып калтырап,
кат жазды кемпир үңүлө:

"Укпадың менин сөзүмдү,
уулума бергем көзүмдү.
Акыры дүйнө карачы,
айыпка жыкты өзүмдү.

Ошол көз жектеп өзүмдү,
жылуу жаш жууду өңүмдү.
"Каралдым өзүң"- деп жүрүп,
канча убак жашым төгүлдү.
Өз көзүм эми ушинтип,
өзүмө душман көрүндү.

Ойноок кез элең сен анда,
бир көзүң көрбөй калганда,
бергенмин сага көзүмдү,
оорутуп тагдыр салганда.
Сыздап бир эми олтурам,
окүтко өзүм калганда".

Арманын жазып апаке,
кагазын эми бекитти.
Кош айтып жалган дүйнөдөн,
билгизбей узап кетиптир.

"Апа" - деп сыздайт баласы,
армандуу дүйнө карачы.
Энкирген менен пайда жок,
бүтпөстүр эми санаасы.

## КЫЯЛГА ЖЕТЕЛЕНЕМ

Жан дүйнө азыктансын, жашоонун жыргалында.
Канаттар талыкпасын,
кайрыктар ыргагында.
"Селт" этип таңыркасын,
сезимдер кылдарында.
Жактырбайм жабыркашын,
жан күүсүн тыңдагыла.

Эң ыйык сырлар катам,
эч кимге билинбеген,
Серпилтип ырга салам,
сезимди бийик деген.
Жан дүйнөм жылый түшөт,
жамгырга дыбыраган.
Абаз үн уккум келет,
акырын шыбыраган.

Булуттар түрмөгүнөн, буулугуп жылышкансыйт.
Жүлүндөн дүргүп сезип,
жүрөктү жылыткансыйт.
Конүлүм көксөгөнсүйт,
көроңгө сыр уккансып.
Көөдөнүм көктөгөнсүйт,
көлкүлдөп ыр уккансып.

## БАР ЭКЕНСИЗ

Бар экенсиз мен сизге таазим кылам.
Жан дүйнөнүз кең экен аалам сыйган.
Көрүп турам сый артып улам-улам.
көторүлгөн зоболо-баркыңыздан.



Сыйыңызга чын дилден ыраазымын.
Айтпас жерден ачылып сыр акырын.
Көнүп барам негедир, жүрөк жылып,
көз карашка бүркүттөй кыраакынын.

Улуулукка ак пейил эңилгендей,
Урмат-ызат от болуп сезилгендей.
Алып учат негедир сезимдерим,
аппак сүйүүм бир сизге берилгендей.

## АК ЖАМГЫР

Ак жамгырга аралашып көз жашымды төккөмүн.
Билбептирмин бул жашоонун канча экени өлчөмүн?
Кыялдарга жетеленген түркүн-түстүү ойлорум,
сыр найзанын сыныгындай чачыратып өткөмүн .

Жамгыр сымал дыбырт-дыбырт, мен көнөктөп төккөмүн.
Жүрөгүмдө жагылган от, чокко салып өрттөдүң.
Келчи асылым, "шуу-шуу" искеп, жыпар жытка тоёюн,
мөөрүн баскан эң белгидей
жан дүйномдон очподүң .

Ак жамгырдай жууп салайын эски дартты калтырбай.
Татаал тагдыр азаптарын кайра баштан тарттырбай.
Жаратканга "шүгүр" дедим, сен жоолугуп бактыма,
калган сөздү түшүнөйүн көз караштан, айттырбай.

## БАА БЕРЕМ

Байкап жүрөт, баасын толук берди ким?
Туйду кимдер жүрөгүңдүн кендигин?
Бар дүйнөмдү бир өзүнө арнайын,
бакыт үчүн күрөш менин эрдигим.

Жакшылар бар дайым мени жандаган,
жүзүңөргө таазим кылам, арбалам.
Сенин барың бакыт мага баа жеткис,
жан дилимден жүрөгүмдү арнагам.

"Болбосун"- дейм, жаңылыштык, каталык.
Күндөн-күнгө ак сүйүүдөн жашарып,
сезим таза, ниетибиз түз болсо,
кол кармашып турмуш жолун басалык .

## САКТА КУДАЙ

"Күндүк өмүр, жорго мин түштүгүңө!"
Күндөр өтүп, көкүрөк үшкүрүүдө.
Татыктуудай жашагын бул өмүрдү,
так калбасын жүрөктүн түпкүрүндө.

"Күчтүүлөрдү ар дайым сыйлайт"- дешет.
Күйүтү көп көз жашты "ыйлаак"-дешет.
Алсыз болсоң мерездик жеңет сени,
андайларды "Кудай кур кылбайт"- дешет.

Жашайлычы үмүттү актагыдай.
Жакшы жандар жабыла жактагыдай.
Жаңылыштык... пендебиз, кечире көр,
жамандыктан сурайм, сакта Кудай!



## МЕКЕН ЧЕГИНДЕ

Мекенге кызмат өтөп таза жүрөк,
жаштыгын элге арнап жанын үрөп,
Кыргыздын чек арачы жоокерлери,
кайтарат чек араны күндөп-түндөп.

Душманга майтарылбай тик караган,
байыртан элде күчтүү адат калган.
Бабалар осуятын бекем тутуп,
жоокерлер намыс алган казаттардан.

Ата-Журт чегине бек азаматтар,
желегин желбиретип алыс жактан.
Мекенге калкан болуп эл четинде,
милдетин аткарышат талыкпастан.

Кайырма:

Өмүрү арнап элге!
Өнүп-өс, бийиктегин!
Ар дайым жоо бетинде,
арстандай жигиттериң!
Ант берип мекенине,
аткарат милдеттерин!

## АКЫМ БАР

"Сага" деген жазып бүтпөс катым бар.
Санаа тартып сагынууга акым бар.
Ыйбаа кылып аруу, таза сезимдүү,
ыр арнаган сени сүйгөн акын бар .

Андай жылуу дем албадым башкадан,
ал сезимди аздек тутуп сактагам.
Ар көз ирмем сиз бар учун бактылуу,
аман болсун мен сыйлаган жакшы адам.

Жийде сындуу жыпар жыттуу атым бар.
Жалындаган орто курак жашым бар.
Мээрим күтөт, жүрөк жапжаш картайбайт,
мен сүйгөндөй сүйүүлүгө акым бар.

## АТАМДЫ МЕН ЭСКЕРИП

Билем ата, жаткан жериң көрүстөн.
Билем ата, салты ошол, көмүшкөн.
Кантем ата, үнүм жетпейт, сагындым,
кана эми түшкө кирип бөлүшсөң...?

Келчи ата, жок дегенде түшүмдө,
Кээде ата бар дүйнөм бүт үшүүдө.
Көргөн кезде аталууну суктанып,
көздүн жашы көл-шал агат жүзүмдө.

Бийигимсиң, ата сени сагынам,
бир ооз айткан насаатыңа зарыгам.
Түш да болсо сени менен көрүшсөм,
түйшүк тарткан санаалардан арылам.

Кээде ойлойм, эмне анча күч келди?
Керек беле... өз жаныңдан кечкенди?
Акыл калчап аягына жетпедим,
ачуу ажал аралашып кеткенби?



Оо атаке, калдым мен да эр жетип,
өз киндигим каалагандай өз кесип.
Азыр мага мээримиңиз жетишпейт,
аттин арман, түшүмдө кет кездешип...

Жүрөк сыздап сизди турам эскерип,
жүрсөң болмок апам менен тең шерик.
Аргасызмын, кандай кылам, ыйлайм да...
Ата, атоув... Ушул ырым эстелик!

## ИЙИЛДИМ

Ак, кара аралашкан татаал дүйнө,
пендебиз, көтөрөбүз түйшүк түшсө.
Баёолук ээлеп алган жан дүйнөмдү,
үмүтүм артып келем жакшы күнгө.

Курч элем майтарылбас, сөзгө сынбас.
Морт элем ачуу кепке чыдап турбас.
Темирдей кызуу кезде ийилдим да,
эң сонун пейил таптым, артык кылбас.

Жашайын таза жүрөк, ак ой менен,
катарын толуктайын жакшылардын.
Айтайын жылуу тилек аябастан,
жан дүйнөм жайнап турса толук бактым.

## БОЙДОК ЖИГИТ

Бой жеткенин ойлобой тентек жигит,
кыркка чыгып үйлөнгүсү келбейт жигит.
"Жакшы кыз жолугаар"- деп, камырабайт,
ойлогонун эч кимге бербейт жибип.

Кыздар аны карабайт "карт бойдок"-деп,
кээ бирөөсү аткарылбас шарт коет эх.
Кайда барса суроолуу көз караштар,
качырышып кетчүдөй сак болот эх.

"Жаш кезимди билинбей өткөрүпмүн,
жаштыгымды негедир көп көрүпмүн,
кайдан билдим кырк тарап келгенимде,
кыздар качып, алыстап жек көрүшүн.

Эх бойдоксуң, досторуң төрдө дайым.
Качат кыздар көңүлүн бөлгөн сайын.
Жапдаш сезип азыр да жүргөн менен,
кейий түшөт ак чачын көргөн сайын.

## СЕЗДИҢ БЕЛЕ?

Аска-зоодон атып чыккан булактай.
Асылкечим балбылдайсың чырактай.
Көөдөнүңө көп нерсени батырып,
багып алчы гүлзарымды кууратпай.

Сездиң беле ак сүйүүнүн аптабын?
Махабаттын даамын билбей татпагын!
Өмүр деген агып жатат дайрадай,
кор болбосун кырчын курак жаш чагың.

Ак маралдай келишимдүү басканың.
Ажайып гүл, эң жыттуусу бакчанын.
Кулагымда дагы деле жаңырат,
алгач ирет сүйүү кебин айтканын.

*17.04.2023.*



## МЕНДЕ БАР АРМАН

Өмүрдүн тизмегине кирбей калып,
мендеги ошондогу бүтпөс арман.
Күүнөлөп тагдырыма не таарынып,
күтөмүн жакшылыкты ар бир таңдан.

Көөдөнүм көрүп, ыйлап мукактанат,
Жүрөктө ачыштырган күйүт калат.
Кайгынын чеңгээлинде калган байкуш,
кайрылбай туталанат, күйүп жанат.

Түйшуктүү тагдырыма таарынбаймын.
Жаркытып жалын оттой албырамын.
Күйүттөн күйүп жанса дилим байкуш,
ызамды чыгара албай кайгырамын .

Эх, менин ошондогу арманым ай...
Жаштыгым чалгысы курч, атаганат.
Эстесем ошол күндү ай, аттиң-ай,
кылгырып каректерден жашым тамат.

## КУЧАГЫҢДА КУБАНАМ

Сезимдердин ааламында балкыткан,
кемедейсиң эрке термеп калкыткан.
Сен бар үчүн бактым бийик дайыма,
кереги жок мага мага артык жан.

Сени менен бүтүн дүйнөм шаң болот,
сен жок болсоң кенен дүйнөм тар болот.
Эрип турат эт жүрөгүм элжиреп,
кыш ызгаарда жан дүйнөмдө жаз болот.

Кучагыңда аял сезим, баркталам,
эч бир нерсе сендей кумар тартпаган.
Сенин жытың, сенин таттуу сөздөрүң,
жалын болуп жүрөгүмдү каптаган.



**Токтобаева Назира**



Токтобаева Назира Тайтокуровна 1973-жылы 25-январда туулган.

1990-жылы "Жаңы-Турмуш" орто мектебин аяктап, турмуш жолуна аттанган.

Мектеп убагында эле ырга шыгы ойгонуп, өз алдынча ыр жазып жүргөн.

Соцтармактар кеңири жайылган мезгилде ФБга кирип, акындардын ырларын окуп, баягы "бугуп жаткан ырлар" дейбизби, "талант" дейбизби, оргуп чыгып, кайрадан ыр ааламына аралашып жаза баштаган.

2023- жылы "Ынтымактуу таланттар" коомдук бирикмесине кошулган.

Беш уул, эки кыздын энеси, алты неберенин бактылуу чоң эне, таэнеси.

**ӨМҮРҮ ӨРНӨК АТАКЕМ**

Артта калган жыйырманчы кылымдын,
миң тогуз жүз жыйырма сегизинчи жылынын,
толукшуган корктүү, сулуу айында,
төрөлүпсүз он бешинчи майында.

Ата-энеңиз болушуптур бактылуу,
жээни туулуп, Барпы акындын айтылуу.
Эки аганын кенжекеси атакем,
байгер экен чоң атабыз, тактылуу.

Ийри-Суунун, "Корс-Этти" айылында,
отуз бирдин аптаптуу ысык жайында.
Үч жаш толуп эс тарта элек кезинде,
айрылыптыр үйү батып кайгыга.

Чоң атабыз кетиптир дүйнө салып,
"энекебиз боздогон"- дейт, жесир калып.
„Үч баланы кантип багам өзүңсүз?"- деп,
жер муштаптыр, кайгыдан эстен танып.

Үч жаш бала чоңоюп, тамга таанып,
жакшы окуптур тырышып, мыкты аталып.
"Үлгүлүү"- деп, жетинчини бүтөөр замат,
кириптир ал окуу жайга, катталып.

Чыйыр жолу мектептерден башталып,
басылыптыр канча жолдор тапталып.
Жар күтүптүр жаркылдаган жароокер,
сыйлык алып, эмгектери акталып.

Ичке-Сайга жетекчиге алыптыр,
ал жактан да абройду табыптыр.
"Красный-Маякта" да бала окутуп,
өмүрүнө жаңы жашоо салыптыр.

РайОНОго инспектор аталып,
кубанычтуу "болдун" деген кат алып.
Ал ортодо үч жыл кызмат өтөгөн,
деңиз флот... апам көзгө жаш алып.



Чоң апабыз жумушчулар башкарып,
"ударникке" жеңекебиз катталып,
Жардам берип баардыгына атакем, көп иштерди өзү жалгыз аткарып.

Таарынышкан эжелерин ишке алып,
жардам берип, жөнгө салып турмушун.
"Масилетин салышчу"- дейт, улуулар,
„Тайтокур - деп, сен атанын уулусуң!"

"Кыргызстан" мектебинде билим берип,
тилчи болуп, жоргосун минип келип.
Иштеп калды ошол жерде өмүр бою,
ишин улап, эчен жыл эмгектенип.

Тогуз бала тарбиялап жолго салып,
ар биринин тагдыры ойго салып,
түмөн түйшүк артынып "балдарым"- деп,
баратканын сезбеди улам карып.

"Элим" деген ак эмгеги акталып,
"Эл агартуу отличниги" аталып.
Төш белги алып, эл-жерине той берип, атакемдин кадыр-баркы даңкталып.

"Өмүр кеме" дегендери ырас белем,
убакыт өтүшүнө болбой ченем.
Деңиз карай чайпалып жылып жатты,
саат өңдүү чыкылдап "мезгил" деген.

Элүү ашык жыл арнаптыр окуучуга,
эч бир капа болбоду атам буга.
Ошондо да эс албай, айтаар эле:
"балдар менен ар күнүм кызыктуу да".

Атамдын да бир сөзү эске түшөт:
„Мектеп жокто каламын абдан жүдөп,
апаң жумшайт, жаш баладай тынымым жок,
Ошондуктан мектепке качам"- күндөп.

Шартылдата комузун колуна алып,
күүлөр чертип, ырдачуу обон салып.
Коңшуларды чогултчу майрамдарда,
дасторконун жайнатып жая калып.

Өмүрү өрнөк болгон асыл атам,
тогузубуз өнүп өстүк, тийип батаң.
„Бейиштен орун бер"- деп, Жаратканда,
беш убак намазымда тилеп жатам.

Айланайын атакем, атакебай,
баарыбызга сезилчү сөзүң балдай.
Тынбай сурап тураар элең, унуталбайм,
алма, курут... бекитип, майын майдай.

Орунуңуз баскан азыр агаларым,
эжелерим, сиңдилерим, жеңелерим.
„Ата-энемдин жоктугун билбесин"- деп,
аярлайбы, алым сурайт инилерим.

Кош атакем! Жайыңыз болсун жаннаттан!
Өзүңүз жок, күндөр батып, таң аткан.
Ошентсе да жүрөгүмдө жашайсыз,
"Бейиш бер!"-деп, сураймын Жаратканда.



## БИЗДИН КЫЗДАР

Биздин кыздар келбеттери келишкен,
жигиттердин жүрөктөрүн эзишкен.
Сылык-сыпаа, ыймандуу да, чырайлуу,
жан дүйнөгө балдай сезим "жегизген".

Биздин кыздар кызмат кылып тынбаган,
мүчө-башы төп келишкен сындасаң.
Айдай сулуу айылымдын кыздарын,
не болуптур көкөлөтүп ыр жазсам?

Биздин кыздар көп жагынан келишкен,
ар бир жанга асыл, азем периштең.
Бычмачысы, тикмечиси толтура...
жылуу деми эт жүрөктү "эриткен".

Кашы кара, жан эргиткен ак тамак,
кылган иши өзүнчө эле автомат.
Өстүрүүбүз өзүнчө эле чоң базар,
жайма кылса, дүйүм тамак буркурап.

Кийимдери, көздүн жоосун алгыдай,
ошол күнү өзгөчө бир салтанат.

## ЖАШООМДУН МАЗМУНУ

Жансезимдин дем берген абасы сен,
жай айынын кызгалдак талаасы сен.
Жарык берип жашоомдун коркүн ачкан,
жан дүйнөмдө жарааттын дарысы сен.

"Арзууда экинчи жак азап"-деймин,
ар убак өзүңдү эңсеп азап жеймин.
Тагдырга ыраазымын жолуктурган,
бакытым, өмүр жашоом, сыйым менин.

Сени менен араладым гүлдүү бакты,
жан дүйнөм ошол жактан сүйүү тапты.
"Сыйлашып бул өмүрдөн өтсөк"- деймин,
сокпостон жүрөк токтоп калганчакты.

"Сыйлашып бул өмүрдөн өтсөк"- деймин,
соккондон жүрөк токтоп калгычакты.

## "МИР, ТРУД, МАЙ"

Баштагыны эске салган "мир,труд,май".
Балалыкта ойночубуз түлкү куумай.
Бактылуу кез апакемди сагындырган,
баргым келет ошол кезге эч буйдалбай.

Жаштык кезди эске салды "мир, труд, май",
жашыл тулаң, ойноор элек жоолук салмай.
Жаңгак токой, Мекен болуп сүйүшкөнгө,
жылуулукка бөлөнчүү ушул май ай.

Кымча белдүү кыз кезди эстеткен ай,
кайра эле ошол сулуу, "мир, труд, май".
Канча жанды баш коштуруп, бак тартуулап,
кызгалдактуу талаада ойноткон ай.



Көркү сонун жапжашыл тукабадай,
көк чөптөрүн аралап, оюн салмай.
Күндөрүбүз өтүптүр кереметтүү,
күткөнүбүз ойноого жагымдуу май.

Мына эми жомоктой ал күнүбүз,
жазууларын окуйбуз, сүйүнөбүз.
"Мир, труд, май" бүт баары эске келип,
майрамдады бир азга муун-жүүнүбүз.

Жашыл тулаң, ошол кездей көрктүү дале,
жашым бирок, өтүп кеткен кыйла жерге.
Жаштыкты, сулуулукту сактап келген,
Жүрөктө "мир, труд, май" өчпөйт эстен.

## ЖАЗ КЕЛДИ

Жаз келди, байчечекей бажырап,
жаш баладай эки бетим албырат.
Жаздын көркү, булбул куштар сайрашып,
жан жыргатып, кубулжуган үн салат.

Керемет бар жаздын ар-бир күнүндө,
жазгың келет, токтолбой жаз жөнүндө.
Куюлушуп келе берет өзү эле,
сүзгөн сымал жаздын ыйык көлүнө.

Токтолбостон жазгым келди азыр да,
гүл жыттанган жашыл жазы жөнүндө.

## БАЛАЛЫККА КЕТКИМ КЕЛЕТ

Жаз келди, дарактар да бүчүр байлап,
теребел капалыктын баарын айдап.
Жапжашыл жаңы көктөм жыты келип,
Жел аймаган жүздөрүң да жазды самайт.

Жаз келди сыртка чыксаң жылуу тартып,
эңсөөдөн кусалыгым турган артып.
Балалыгым тартылат бул мезгилде,
өтмүшүм эске түшүп жүрөк жанчып.

Чырыч, жалбыз кошулган көк самсылар,
„Жасап бер"-деп апакемди кыйначубуз.
Апакем ай, эринбестен жасай салса,
дасторкондун четинде жыйналчубуз.

Аттиң, ошол бала чагың кайрылса не,
жадыраган жаз күнүн сагындырган?
Билбептирмин убакыт тез өтөөрүн,
азыр болсо буурул чачтар багындырган.

Жазга окшоп кайрылып келсе гана,
жаштык кезиң бактылуу, ойноо гана.
А бирок, кайталангыс өмүр деген,
Өтөт тура балалыгың оз балаңа.

Менин бала болгум келет азыр да,
жаштык кезиң баа жеткис бир сонун да.
Азыр дале капа эмесмин жашоомо,
жүрсөм болду Аллахымдын жолунда.



## КЫРГЫЗЫМДЫН БИР КЫЗЫНЫН АРМАНЫ

*(сапарлаш эмандашымдын арманы)*

Мен үчүн быйылкы жыл оор болду,
салмактантат бул "дарт" деген бутту-колду.
Алышам оору менен ай алмашты,
бууғансыйт мен бараткан ачык жолду.

Жашоо да үмүт, кыял... учуп барам,
алда кайда канат кагат учкул санаам.
Жан дүйнө "тиш көрсөтүп" күлүп турса,
ишенбейт "оорулуу"-деп, эч бир адам.

Ичимде уйгу-туйгу ойлор жатат,
сыздаган күндөр батып, таңдар атат.
Кээ күндөрү уктабай таң атырсам,
а кээ күнү кайгы менен күнүм батат.

Дартымды түшүнгөн бир жан болбоду.
Ыйлай берип көздөрдөн жаш соолуду.
"Бир боорлорум билбесин, укпасын"- деп,
Жашырсам да, эт жүрөк бат ооруду.

Түшүнбойт мындай кезде жан жарың да,
так ушул менин толгон арманым да.
Жармаштырып кайдагы бир эркектерге,
турса ушул бүтпөгөн азабым да.

Кантемин, айла таппайм, сыздайм ичтен?
Жадабадым, ак баракка чиймелештен.
Жан адамга айта албаган бүт сырымды,
ак баракка айта алам иймeнбестен.

Көз жаш калем, жүрөк каным сыя кылып,
жазып турам жан сырым ыраа "кылып".
Бирок кантем, башка жол жок сыяктуу...?
Олтурам калем, барак сырдаш кылап.

Кимге айтам, ким түшүнөт, деги кимге?
Түшүнбөдү, жолдош болгон киши бирге.
Карттанган жараатымды айрып салып,
кайрадан бүлүк таштайт сезимиме.

Жүрөк мычкып, кээде арга таппай калам.
Бүтпөөчүдөй бүлүк салган менин санаам.
Жанымдын сыздаганы ушунчалык,
таппай келем түгөнгөнсүп такыр аргам.

Ичимдеги дартымдан калбады айлам,
жан жарымдан калбагансып такыр байлам.
Эки тарап бараткансыйт жиби үзүлүп,
көңүл сууп, кошулсак да жаштайыман.

Заар сөзүн аябады такыр менден,
"жаңылдымбы, жаздымбы, деги эмнемден?"
Колду шилтеп басып кетким келип турат,
уяламын, баягы "эмне дейттен".

Уялбады же баладан, же келинден,
жай таптым, жалаң гана суук кебинен.
Жылуу бир сөз да, сезим буюрбаган,
чыккым келет уя кылган бул жеримден.



Караңгы, жалгыз үйдө калгым келет,
тургансыйт Жаратканым бүт белендеп.
Күндөн күнгө оорум күчөп бараткансыйт,
коркуп жүрөм кылчаңдап, мен элендеп.

Сөз түгөнбөйт жазганың том болсо да,
кетким келет дүйнө кезип эне-атама.
Бала төрөп, бапестеп өстүрсөм да,
тагдырымдан ушулбу мага жаза?

Кесириң тийбесе экен балдарыма,
карабадың сен такыр жан жагыңа.
,,Кантип каллың, не болду?"- деп, сурабайсың,
кызыкпадың таптакыр абалыма.

Кантмекмин, тагдырыма жазылганы,
турмуштун таттуу, ачуу, көп азабы.
Аллахым жарык жолуң көрсөтүп кой,
бул бечара бир кызыңдын бук арманы.

## Усупбай уулу Кенжекул



Усупбай уулу Кенжекул 1974-жылы Талас дубанынын Бакай Ата аймагындагы 1-Май деген айылда туулган. 1991-жылы Т.Чолушев атындагы орто мектепти аяктаган. Билими жогорку. 1996-жылы Ж.Баласагын атындагы КМУнун филология факультетинин "Кыргыз тили жана адабияты" адистигин бүткөн.
Үй бүлөлүү, бир уул, бир кызы бар
КРнын маданиятынын мыктысы.
КРнын мамлекеттик тил комиссиясынын төш белгисинин ээси.

### ИЗДЕП ЧЫКТЫМ

Жер кыдырып, элден жазып черимди,
"ыр жазам"- деп, бекем токуп ээримди.
"Ишеничим кур кетпес"-деп, талаага,
издеп чыктым адамдагы мээримди.

Билбей туруп күнөөлөбөй заманды,
билиш үчүн жакшы менен жаманды.
"Ийгиликтүү болуп калаар жолум"- деп,
издеп чыктым ыйманы мол адамды.

Кимдин кандай чыгып жатат азаны?
Кимдин кандай кайнап жатат "казаны"?
"Көрүп курсак тоюп, үлгү алсам"- деп,
издеп чыктым жан дүйнөсү тазаны.



Кимдер сүйбөйт байлык, бийлик, тактыны?
Кимдер билбейт келген, кеткен бактыны?
"Катарына кошулсам"- деп, төп келсе,
издеп чыктым жылуу сөздүү, жакшыны.

Жолуктурдум берешенди, сараңды.
Жолуктурдум жакшы менен жаманды.
Кубандым да, кубардым да, түшүндүм:
"Адам гана адам кылат адамды".

*Дача*

### ОРФОГРАФИЯ ОЙ САЛАТ

Мени баары каалагандай колдонот.
Бирок, абал ким тараптан корголот?
"Айткылачы сабаттуулар, мыктылар"-
деп, ичинен сөздөр байкуш толгонот.

Кадырымды тепселешти, басышты.
Сууга салды, дарга барды, асышты.
Туура сөзгө шек келтирип, аттиң ай,
тумчуктуруп, каалагандай жазышты.

"Оа, барас" деп, жазышты сөздөрдү.
Кандайсыңар "кандайс" болуп өзгөрдү.
Келечекке эмне жооп айтмакпыз,
сөз өлдү да, карап турган көз өлдү...?

"Баратаспы, келатаспы, каласпы?
Мне кылтасыз, келип анан аласпы?"
Деген сөздөр айтылып да, жазылып,
жаткан менен жараткан жок талашты.

Калып артта эрежелер баштагы,
каалаганын ар ким жаза баштады.
Темирдей бек тартип гана баарысын,
тескеп тураар эле аттиң, башта аны.

Оо, адамзат, болбосок биз башка сак,
ойдогуну жаза берип баштасак,
оолак кетип, жазуу бизден алыстап,
орфография кийип калат башка кап.

*Дача*

## ЫЙЫК ЖАНСЫҢ, ЭНЕ

Тилим тиштеп, эми билип тереңин,
тилегине зарлап бүгүн келемин.
Тил алсаңар, бекем сактап уккула,
тилегиндей эч тилек жок эненин.

Жанын уруп, күйпөлөктөп жатканы,
жанды тилип, жакшы-жаман айтканы.
Баардык жакшы таттууларды көтөрүп,
баласы үчүн базардан шай кайтканы.

Жаны дайым болгон менен өзүндө,
жашоо жашайт ар бир айткан сөзүндө.
Баласынын келечеги, өмүрү,
бакыт болуп жанып турат көзүндө.

Баласы үчүн отту кечет карабайт.
Баласы үчүн аалам кезет, аралайт.
Баласы үчүн бермейинче жүрөгүн,
бар моокуму жашоодон эч тарабайт.



Ыйык жансың, "Эне", айтып түгөнбөс.
Ыйыгыңдан аалам эч бир түнөрбөс.
Сан кылымды сактап келди, сактайт да,
сапар жолуң, "Эне", бүтпөс, түк өлбөс!

*Дача*

## БАШ КОШТУРГАН БАЛМУЗДАК

Бирден эмес, экиден жеп күнүгө,
биз жүрчүбүз кучак толуп сүйүнө.
Бактыбыздын бириктирип башатын,
балмуздак сен, орток биздин сүйүүгө.

Басаар элек аралашпай эч кимге,
бак аралап, ошол кечтер эсимде.
Балмуздак сен себепкерсиң ошондо,
"баш кошолу" деген биздин чечимге.

Кандай таттуу, ширин болсоң, ошондой,
кабыл болду биз тиленген ошол ой.
Балмуздагым, сен болбосоң билбеймин,
бакыт сунган болоор беле ушул той...?

Ошондогу ой-тилектер узарып,
ордум тапкам, бактылуумун уланып.
Балмуздагым, азыр деле эңсеп жейм,
бакыт башы өткөндү эстеп кубанып.

Балмуздагым, чоң турмушка керек бол.
Бак-таалайдын символу бол, белек бол.
Байыр алып, сүйгөндөргө кут чачып,
баш кошушкан эки жашка себеп бол.

## БИЗ ТҮШКӨН СҮРӨТ

Абдан сонун, сулуу кылып жасантып,
апа, мени, сени өзгөчө жашартып,
бир сүрөтчү тартып кеткен сүрөттү,
азыр карап турам көздөн жаш аарчып.

Кайдан келди ал сүрөтчү билбедим?
Мал жайгарып жүргөн элем, "кир!"- дедиң.
"Кийинип чык!"- дегениңден төр үйдөн,
кейийимимдин жакшыларын иргедим.

Өзүң болсо жоолугуңду салындың,
Ошрум чачка чачпагыңды тагындың.
Чермийиңди бек топчулап, апаке,
"сүрөткө"- деп, даярдандың, камындың.

"Антип-минтип" дегичекти мүнөттө,
даяр болдук түшүүгө биз сүрөткө.
Орус тарткан ошондогу көз ирмем,
үйдө турат, жашап өчпөй жүрөктө.

Ошол күнкү кубаныч бүт эсимде,
тамак асып, эт жегенбиз кечинде.
Өткөндү айттың, а мен болсо ыр ырдап,
отурганбыз дасторкондун четинде.

Азыр ошол сүрөт турат илинип,
караганды карап коюп тигилип,
өткөн өтүп, кеткен менен уланып,
өтүүдө өмүр, өлбөгөн соң тирилик.

Сүрөтүңдөн дем, күч алам айла жок,
келбесиңди билип, апа, тирилип...

*Дача*



## ТООЛОР

Тоолор, тоолор турасыңар кебелбей,
толкунуна табияттын теңелбей.
Алаканын ак тилекке толтуруп,
ак батасын берип турган энемдей.

Тоолор, тоолор турасыңар өзгөрбөй,
том-том болуп калган накыл сөздөрдөй.
Каалаганда сагынычтан арылтчу,
картайбаган сүрөттөгү көздөрдөй.

Тоолор, тоолор турасыңар унчукпай,
толгон сырды катып алып тумчукпай.
Токтоолугум болсочу аттиң, сенчелик,
токтоолугуң тоо көтөргүс, укмуш ай.

Тоолор, тоолор турасыңар көз салып,
тоодой элдин жашоосуна көз канып.
Жамандыктын жолун тосуп, эзелтен,
жакшылыкта жол көрсөтүп, көч алып.

Тоолор, тоолор турасыңар кулабай,
тоңгон кышта, ысык жайда урабай.
Көңүлгө алба абалыңды күндө эле,
"Кор тирилик"- деп, жүргөн үчүн сурабай.

Тоолор, тоолор турасыңар кармашып,
той ээлери, жубайлардай жандашып.
Тунук суулар ырын ырдап созушса,
тулаң чөбүн, арчалар бак жалгашып.

Тоолор, тоолор турасыңар суктантып,
тоолук элдин жашоолорун бүт камтып.
Колдон келсе, койгум келет күндө эле,
кооз кылып ырларыман гүл тартып...

Тоолор дайым тура бергин суктантып...

*Дача*

## БАЛАНЫ СҮЙГӨН КҮЧҮК

Бетин жуубай чыккан окшойт чамасы,
шашып үйдөн Жаңыбайдын "карасы".
Таң калычтуу кулактарын тикчийтип,
тиктеп аны калды күчүк баласы.

Күчүк үрдү, "ав" деди да, карады,
ал үргөнү балага айткан саламы.
Бала болсо күндөн алып жылуулук,
балбылдады, күлдү, жанды жамалы.

Ангыча итке баруунү абдан самады,
шилтеп бутун барды, ишке жарады.
Ыракматын айтып бүтпөй ак күчүк,
келген үчүн беттен сүйдү, жалады.

Ошол күндөн күчүк үзбөй саламын,
жакын көрүп, оюн тапты "каранын".
Шилекейлеп, таза кылып сүйүнтүп,
күндө бетин жуумай болду баланын.



## АЙЫЛДАГЫ КҮНДӨРҮМ

Бала элем аттиң, кечээ эле.
Бах, эстен кетпейт эч эле.
"Жата бер, апа, келем"- деп,
жасанып кетчүм кечеге.

Жайгарып коюп малдарды,
жандырып сырткы шамдарды.
Көчөгө чыкчум дердеңдеп,
"көрсөм"- деп, коңшу балдарды.

Жаманды ойго түнөтпөй,
жашоону кармап, түгөтпөй.
Ойночу элек бекинмек,
ою ак балдар мүрөктөй.

Урматтап айтса өздөрүн,
улуунун укчук сөздөрүн.
Түйшүккө салбай, кубаттап,
түшүнчү элек сөз төрүн.

Жан дүйнө таза, ак эле.
Жаштык кез гүлдөп, шак эле.
Жарашып баары келишкен,
жашообуз жашыл бак эле.

Улуунун сөзү сөз эле,
улуулар бизге көз эле.
Жарыгын чачкан күн өтүп,
жаткандай болчу өзү эле.

Сагындым ошол өткөндү,
сагындым ошол көктөмдү.
Кубалап барып, кыздарды,
кучактап беттен өпкөндү.

Урматтап дайым жарашып,
улуусун кичүү карашып,
бир айыл турчу бир үйдөй,
бирине-бири жанашып.

Карылар айтса акырын,
кабылдап аны жакыным.
Колдонуп жүрөм бүгүн да,
"колума" кармап акылын.

Жашоонун жазып капасын,
жашоонун сүртүп катасын.
Аталар турчу ар күнү,
ар жашка берип батасын.

Апалар болсо "көгөр"- деп,
"Алдыңа бала өңөр"- деп.
Ар күнү турчу миң алкап,
"аман бир болсом көрөм"- деп.

Ар күнү аткан таң эле,
ал күндөр майрам, шаң эле.
Ал кезде айылдагылар,
аябай сонун жан эле.



Бүгүнкү дүйнө коногу,
бул өткөн күндүн жомогу.
Аруулук алып жаштыктан,
ар дайым аман бололу.

## КИТЕП - АКЫЛ КҮЗГҮСҮ

*(балдарга арналат)*

Билгендердин куралы,
сүйгөндөрдүн кумары.
Бала күндөн билемин,
китеп - билим булагы.

Китеп баарын үйрөтөт.
Көркөм, кооз сүйлөтөт.
Болгон жакшы ал үчүн,
"китеп" деген үйдө көп.

"Тийсин" десең кереги,
китеп чогулт, кел эми.
Өсүп турат күн сайын,
акылыңдын ченеми.

Таштап жаман, карасын,
жакшы жагын аласың.
Китеп менен дос болсоң,
бийик жолду саласың.

Китеп оку, күн кызы,
китеп - жашоо үлгүсү!
Китеп оку, күн уулу,
китеп - акыл күзгүсү!

*Бишкек*



Аширов Шайлообек Аскербекович 1974-жылы 15-июнда Ош облусунун "Кара-Кулжа" районуна караштуу Ой-Тал айылында төрөлгөн. Орто билимдүү, азыркы учурда жеке ишкер.

Үч кыз, эки уулдун атасы, эки неберенин таятасы.

Алыкул Осмонов атындагы "Ыйык тил" медалынын ээси. "Ынтымактуу таланттар" тайпасынын мүчөсү.

## УЛУУ ЖУРТ, ОЙ-ТАЛ АЙЫЛ, ЭЛИМ МЕНИН!

"Ой-кыял, ишке ашса"- деп, тилектерим,
Ооруса болбой иштеп билектерим,
атабыз баккан үйдө он күн жашап,
айлана, кашаа ондоп, ирээттедим.
Убакыт, ай-жыл өтүп сааты келсе,
"учукту улаар урпак, билет"- дедим.

Жол оңдоп, күн өтсө да эринбедим,
жооп алып, жолго атты жеңилдедим,
Урмат-сый, салт-санааны сактап турган,
Улуу журт, Ой-Тал айыл, элим менин,
бар болгун, чайын сунуп, ашын берген,
бажа, дос, күйөө бала, келиндерим.

*06. 05. 2023.*
*Ош - Бишкек жолу*



## КУТТУУ БОЛСУН 8-МАРТЫҢАР

Асмандагы айдай, күндөй тийип кең.
"Апа"- деген, сактап атты бийиктен.
Адамзатты алып келип жашоого,
ак сүт берип, эки эмчегин ийиткен.
"Турмуш, жашоо таразасы аял"- деп,
таазим кылам, башты төмөн ийип мен!

"Акча, байлык, алтын шуба" - деген миң.
Адам баткан аял затсың, кененсиң!
Тартуу кылган, төрөп уул-кыз, кубаныч,
түбү сиздер, деңиз көлдөй тереңсиз.
Куттуу болсун майрамыңар апаке, жеңем, кызым, келин, аяш...,
жеңемдин!

"Аял" деген, ар бир үйдө баркы бар.
Аял заты, кымбатсыңар жалпыңар.
Акыл айтып, эгиз болуп эркекке,
арабасын кошо, бирге тарттыңар.
Кучагыңар, гүлгө толуп кубантып,
куттуу болсун сегизинчи мартыңар!

*08. 08. 2023.*

## КИТЕП БОЛДУК БҮТПӨЙ ТУРГАН АЯГЫ

"Баягы эле бийлик, байлык жеп"- делип,
барган сайын жарга келдик кептелип,
баалай албай, салт-санааны өзгөртүп,
баалуулуктар бара жатат тепселип,

базарлардын баасы учуп асманга,
башка өлкөгө көбү кетти четтелип,
балким бирөө өйдө тартса өлкөнү,
балдар-кыздар урматташмак эскерип.

Канча жылдын айтсаң жомок баяны,
кээ бир чоңдун эл башкарды аялы.
Колдоп-коштоп, эски жолдон чыгалбай,
кошоматтар байдын болду таягы,
коюп талап, сабыр кылып күтө албай,
көчө толгон, "пикет" бүтпөйт баягы,
күткөн үмүт, отуз жылдык өмүрлөр,
китеп болдук бүтпөй турган аягы.

*20. 02. 2021.*

## ОТУЗ ЖАШ КУТ БОЛСУН, ЭГЕМЕН КЫРГЫЗСТАН!

Кеттиң "кош"- деп, отуз жылым кайраным,
кекиртегин канча, кимдин майладың?
Келечегин ойлоп койбой урпактын,
кара жердин калпып саттык каймагын,
коңшу өлкөгө кол куушуруп жүгүнүп,
"капа кылдык" Кыргызстан байрагын,
кеткен жылга өкүнбөгүн кең Мекен,
куттуу болсун отуз жылдык майрамың!

Онду жаңы сен келгенде бүткөмүн,
окуу эле, чоң максатым, күткөнүм.
Оор-жеңилин колдон алып атамдын,
"окуу" деген ойду жаап, бүктөдүм.



Оор заманга бешенебиз туш келип,
очок отун Ой-Талымда түптөдүм.
Отуз жашка чыксаң деле Кыргызстан,
оозун майлап "окшоштордун" бүтпөдүң.

Көптү эстетет, өткөн отуз жыл баарын...
Курсак сылап канча чоңдор жыргадың?
Калыс сөздөр чыкпай чымга бекинип,
калп-кошомат күлүп, сүйлөп, ырдадың.
"Көр оокат"- деп, жаштар четке агылып,
көрдүк базар, муздак муз-кар, сыздарын,
"Кыргызстан!"- деп, атың чыгып дүйнөгө,
келсин кайра четте уулуң, кыздарың.

Бейиш билсек Кыргызстаным - Жер Энем,
бүт мезгилин төрткө болуп теңеген.
Байлыгыңды сатпай эми, сактаган,
башчы чыксын уул-кызыңдан жебеген.
Калпак, Тууңду көкөлөтүп ар дайым,
Куттуу болсун отуз жашың эгемен!

*30. 08. 2021.*

## ШАЙЛОО ТЫНЧ ӨТСҮН!

Кыргыз элим бөлүнгөндү унуткун,
канча жылдап кайгы-капа "ыр" уктуң.
"Кулуну-деп, күлүгү- деп, айылдын",
коштоп сөзүн келдик тууган-уруктун,
келечегин уул-кыздарды ойлонуп,
которолу кыйындарын улуттун.

Таң калбайлы талапкерлер жарышса,
тандап-талдап, бергин элим калыс баа,
"Элим"- деген Эр Төштүктөр суурулуп,
ээр токумчан чуркап турсун алыска.
"Кыргыз эл!"- деп, туусун бийик көтөргөн,
кыраакысын танда бекем намыска!

*20. 11. 2021.*

## ТУУЛГАН КҮН

Балалыктын издеп азыр карааныn,
баштан өткөн күндү бирден санадым.
Бир уядан жем талашкан туугандар,
билбептирмин туш-туш жакка тараарын.
Бакыт издеп туулган жерден алыстап,
башка өлкөнүн алып көрдүк "жаранын".
Бала-кыздуу болгон кезде куттуктап,
бүт досторго толгон төрт жак тарабым.
Билинбестен жылдар өтүп кетиптир,
билбейм кимдин керегине жарадым?
Байлык, бийлик... баарын азыр түшүнүп,
баскан изди белге чыгып карадым,
"Барган жерде кызым бол - деп, бактылуу",
балдарыма ыйман, өмүр каалaдым.
Бир тууганга калыс сүйлөп, сый жүрүп,
бул жашоонун жакшы өтөсөк талабын.
Башын кошкон Сакем менен бир болуп,
бул дүйнөдө сыйын көрсөк баланын.
Бул турмушта бүтпөс кызык китептин,
ачтым бүгүн кырк жетинчи барагын!

*15. 05. 2022.*



## ДАЙЫРБЕК ИНИМ, ТИЛЕГИҢЕ ЖЕТ!

Кара-Кулжаң, Алайкуу, Ой-Тал жериң төрөлгөн.
Кадыр барктуу ата-бабаң, уюткулуу көрөңгөң.
Улак берип, уул-кызыңа элден барып бата алсаң,
уяласын бакыт кушу, учпай сенин төбөңдөн.
Тарбиялап сендей уулду талыкпастан өстүргөн,
тагам, жеңем аман жүрсүн, аска-зооңдой жөлөнгөн.

Урмат-сыйың Улуу Журттан "улак" берип бата алган,
утсун күчтүү "улакчылар" байгелерди аталган.
Алып элден ак батасын, уулу болуп Кыргыздын,
алтын башың аман болсун, бийик болуп катардан.
Арка-белиң, ага-тууган алып бата элиңден,
аман-эсен кайткын иним Алайкуудан, сапардан.

"Улак" кызык уйку келбей, ат бастырып уламдан,
уят кылба, "уулум бер!"- деп, жалындырып суранган.
Уюштуруп "улак тартыш" тосуп элди той кылган,
урпагысың улуу жердин уучуң узун туугандан.
"Улак тартыш", топ өткөрүп, дагы далай той берип,
уулу болгун Кыргыз элдин, Ой-Тал элиң кубанган.

*08. 02. 2022.*

## ...КОШ КЕЛ, КОЁН...

Кеттиң "кош"- деп, кол булгалап, жолборс жылым мүчөлү,
кыз узаттым, куда күттүм, урмат-сыйым, күчөдү.
Жоро-жолдош,тууган-урук, достор менен бир болуп,
жолборс жылды тоссом дагы, жок дегенде үчөөнү...

Кош кел коен, ак жолтой бол, коркогум!
Кырк тогуз жаш, эр ортону - ортонум.
Калп, кошомат, жалган сөздү кубалап,
калыс-чындын, урма-сыйдын күбөсү бол, ортонун.

*31.12. 2022.*

## ТИЛЕК

Кырк сегиз жаш алыс турчуу угулуп,
келип быйыл, кеттиң колдон суурулуп.
Коен жылым, келип элди куттуктап,
кырк тогуздун ашы турат сунулуп.

Уул-кыздарың калган кезде жетилип,
улам шашып, жаштык кемийт кетилип,
жолун тосуп, конок кылып коенду,
жолборс жылды узатайын, кетирип.

Кош кел, коен, келип толтур толбосту,
калыс сүйлөп, жойгун ушак, болбосту.
"Алла Таалам жашты берсе мүчөл"- деп,
алтымышта тосуп алсам жолборсту...

*30.12. 2022.*

## АК ЖОЛ, БАЛДАРЫМ!

Турмуш жолго аттандыңар балдарым,
туура сүйлөп, таза жолду тандагын.
Таразалап, калыс-чынды бетке айтып,
туугандарга тоодой болсун салмагың,
талбай иштеп, эмгек кылсаң эринбей,
тарбиялайт, жашоо өзү калганын.



Жакшылардан таалим алып жанашып,
жаман жолго эч убакта барбагын.
Уулум Оомат, эрке кызым Адемим,
урмат-сыйды, дос-теңтуштан кармагын.
Эмгектерин ата-энеңдин унутпай,
элге тийсин уулум-кызым жардамың.
Турмуш, жашоо табышмагын изденип,
Теңир колдоп, сүйгөнү бол Алламын.

Ак жолуңар ачык болсун ар дайым...
Оомат уулум, Адемим да - ардагым.

*25. 05. 2023.*

## КАЛЫС-ЧЫНДЫН ЧЫКПАЙ КАЛДЫ КАЙМАГЫ

Калпты сүйүп, чынды чанып кеттикби?
Калыс сөздү кабыргага тептикби?
Урпактары улуу элдин Кыргыздын,
ушак кууп, урмат-сыйга жеттикби...?

Жашоо кыска, кедей кетет, бай дагы.
Жаз да келет, кыштын кетет тайгагы.
Кошоматтык коомдо күлүп, өркүндөп,
калыс-чындын чыкпай калды каймагы.

Кубанганбыз "кузгун, жору кетти"- деп,
"кубанычтар максатына жетти"- деп.
Эгемендүү эр Манастын урпагы,
Эмне таптык, урмат-сыйды тепкилеп...?

*20.10. 2022.*

## "СҮЙҮҮ КҮНДӨР МЕНЕН"-ДЕП...

Жактың отту жалын кылып күйдүрүп,
жашообузга жарык чачтың күлдүрүп,
жокту көрүп, барды көрүп турмуштан,
жыйырма тогуз жыл өткөрдүк, бир жүрүп,
сый-урматын бирге көрүп уул-кыздын,
"сүйүктүүм"- деп, жүргүн күлүп, сүйдүрүп.

Жылдар өттү, жомок сымал арадан,
жылдыз, айсың, күнсүң бир маал караган.
Жакшылыкты тең бөлүшүп кубанган,
жашообузда жолугушту ар адам.
Жаратыпбыз ак сүйүүдөн мөмөнү,
жакшылыгын тең көрөлү баладан.

Жөлөп-таяп жакшы сөздү айтпасаң,
жылбайт мүмкүн турмуштагы арабам.

*14. 02. 2023.*

## РЫСПАЙГА

Бүт өмүрүн ырга арнап убагын,
билген өңдүү ыры ырдалып тураарын,
бул дүйнөдө тирүү болсо Рыспай,
болмок быйыл сексен жаштык курагың,
Кыргыз Элин жоктоп турса урматтап,
сыймыктанат туулган Кызыл Булагың.

Бирге жүргөн ырың болсо жандашың,
билиптирсиң ырың жерде калбашын.
"Алтынчы күн, тойго кел"- деп, кечинде,
арзуу ырларын, жаздын сүйүү кармашын.



Сен бирөөнү издеп жүрсөң элдерден,
"Сагынууңду" ырдап жүрөт Алмашың,

Ырларыңды укса бирөө барактап,
"Ырдын Пири Рыспай"- деп, таң атмак.
Сексен жашта тирүү болсоң азыр сен,
суудай болуп чыгармалар дагы акмак,
"Жок дегенде бир көрүнүп койсоң"- деп,
жүрөктөрүн дагы кимдер канатмак?

Билген өңдүү бул дүйнөнүн сырын да,
бир жаралып, кеттиң өлбөй кылымга.
Жакшы көрүп, кимге арнап ыр жазсаң,
жашайт алар өлбөй дайым ырыңда,
"Улуу залкар Рыспайдай болсун!"- деп,
уул-кыздарга атың койдук ырымга.

## КАРА-КУЛЖАЛЫК ЖАЛПЫ 1974-ЖЫЛКЫ ДОСТОРГО! ЭККЕН БАГЫҢАР КӨГӨРСҮН!

Кара-Кулжа каада-салттуу эл дешээр.
Кайда барба, чайын сунуп кел дешээр.
Жигиттери, жетимиш төрт, жолборстор,
жакшы сөздүн кымбатына теңдешээр.
Салт-санаасын сактап турган элимдин,
сиздерсиздер бүт айылдык жердеш эл.

Кылган иштер эл ичинде даңкталсын.
Кадыр-барктар ортобузда сакталсын.
Жомок болуп урпактарга айтылаар,
жолборстордон артыбызда бак калсын.
"Кара-Кулжа, жетимиш төрт, достор!"- деп,
келечекте уул-кызыбыз мактансын.

## ДОСТОРГО

Келди бүгүн кимдин колу бош болсо,
кандай сонун ыр, музыка коштолсо.
Көчөт эгип көрктөндүргөн көп жерди,
көз тийбесин жетимиш төрт, досторго.

Берекесин берсин достор тапкандын,
базар-соода, малды айдап, баккандын.
Сайып көчөт, сабак болгон муундарга,
силер менен достор келет, мактангым.

*18. 08. 2023.*

## АТА СИЗДИН ЖОЛГО КОЙДУК АТЫҢДЫ!

Алла Таалам алып барса катымды,
вйтсам ата, жаңылыктан акыркы.
Айылың Ой-Тал, айткан сөздү колдошуп,
"Аскербек"- деп, жолго ыйгарды атыңды.

"Балдарым"- деп, баалуу сөз көп ырында.
Байкабапбыз, маани бербей чынында.
Акыйкаттык, калыс-чындын барынан,
"Аскербек"- деп, атың калды кылымга.

Айтка келип эскердик карыларды,
айтып жүргөн убада жаңыланды.
Алайкуулук, атактуу Ой-Тал элим,
атыңызды көчөгө кабыл алды.
Атабыздын, уул-кыздардын атынан,
айылдаштар урматтайм баарыңарды.

*24. 03. 2023.*



## АЛАЙКУУЛУК БОЛГОНУМА МАКТАНАМ!

Ата салтын уул-кыздары сактаган,
ар бир сөздү терең угуп, барктаган.
"Алайкуу"- деп, көп адамдар суктанса,
Алайкуулук болгонума мактанам.

Салт-санааны урпактары улаган,
сөздү багып, кыштай тизип кураган
Кеп салышса "Алайкуу"- деп, адамдар,
сыймыктанып, "Алайкуум"- деп, кубанам...

Кытай-Кыргыз чек араны тактаган.
Күлүк минип, атты сүйүп таптаган.
"Кыргыз салтын бийик туткан элим"- деп,
кымызынан ичкен сайын мактанам.

Аман болгун Алайкуу элим, тилегим.
Ар бир ташың, сууң кымбат, билемин.
Беш манжадай бүт айылды чогулткан,
бириктирген Алайкуум сен, билегим!

Жакшы сөзүн уксам сенден бирөөнүн,
жетине албай кубанамын, сүйөмүн.
Жакшы адамдар жашайт сенде меймандос,
жерим сенсиң, Алайкуум сен - жүрөгүм...

Багып сага балалыкты арнадым,
Бала таптым, бакыт сенден кармадым.
Бүт айлыңдын салтын окшош кармаган,
Бар бол жерим, Алайкуум сен - ардагым,

Беш манжада жумсаң кошо жумулган,
билем жерим, Алайкуум сен - бармагым,

Барган сага адамдардан сөз угуп,
Бир эки сөз "Алайкуум"- деп, арнадым.

*Ой-Тал айылы*
*27. 08. 2021.*

## БИР ТУУГАНЫМ

Бар болгула инилерим, агаларым.
Бир өңүрү силерсиңер арабамын.
Бир жатып, бир уядан бут чыгарып,
бир жемди тең бөлүшүп, талагамын.
Башыңар бир туугандар бийик болсун,
баарыңа бакыт менин каалаганым.

Бир тууган эжелерим карындашым,
билемин бул дуйнөдөн табылбашын,
бирөөгө бүлөө болдуң азыр силер,
"бербейт" деп, керек тура таарынбашым.
Бактылуу балалыгым кайгысы жок,
бирге өттү сиздер менен жалын жашым.

Жакшы сөз жазгым келип эринбедим,
жар болуп, шерик болгон менин, сенин,
бир тууган, кыздын үйдө оордун ээлеп,
боор тартып,бүлөө болуп "теңим"- дедиң.
Агама, инилерге акыл кошуп,
аман жүр жеңелерим, келиндерим..



Чаалыгып, чарчап калган кезде демим,
чакырсам аш-тойлордо тез келээрим.
Кадырлап, чайын берип, ашын сунган,
Кудайга жакпайт аны сезбегеним.
Карындаш, эжем менен бактылуу бол,
кадырлуу күйөө балам, жезделерим.

Бар болсун уулуң, кызың бир тууганым.
Баарыңды сагындым мен, ыр сунамын.
Баалайлы баркыбызды колдон келсе,
бирөөлөр бербейт тууган, сен сурагын.
"Ар бириң аман жүр"- деп, бир туугандар,
Алладан тилек тилеп мен сурадым.

*09. 04. 2021.*

## ООМАТ УУЛУМ, ОН АЛТЫ ЖАШ КУТ БОЛСУН!

Оомат уулум, он алты жаш кут болсун!
Ошол атты, сүйүп дайым куш консун!
Оорду колдон, жерден алып жеңилин,
ошол кезде жакшы бирөө туш болсун!

"Ооматбек - деп, жүрсө - деп, бийик жерде",
ой-кыялга чөмүлөм, кирип кээде.
Оруну бар жүрөктө, өз элинде,
окшош бол, ошол жакшы жигиттерге!

Оюуңа жакындатпа жалган-калпты,
оройдоп капа кылба тууган-жатты.
Окутуп Куран күндө чоң атаң,
"Оомат"- деп , койгон сага ошол атты.

*19. 04. 2021.*

## УЛУУ ЖУРТ, ОЙ-ТАЛ АЙЫЛ, ЭЛИМ МЕНИН!

"Ой-кыял, ишке ашса"- деп, тилектерим,
Ооруса болбой иштеп билектерим,
атабыз баккан үйдө он күн жашап,
айлана, кашаа оңдоп, ирээттедим.
Убакыт, ай-жыл өтүп сааты келсе,
"учукту улаар урпак, билет"- дедим.

Жол оңдоп, күн өтсө да эринбедим,
жооп алып, жолго атты жеңилдедим,
Урмат-сый, салт-санааны сактап турган,
Улуу журт, Ой-Тал айыл, элим менин,
бар болгун, чайын сунуп, ашын берген,
бажа, дос, күйөө бала, келиндерим.

*06. 05. 2023.*
*Ош - Бишкек жолу*

## ОТУЗ ЖАШЫҢ КУТ БОЛСУН, ЭГЕМЕН КЫРГЫЗСТАНЫМ!

Кеттиң "кош"- деп, отуз жылым кайраным,
Кекиртегин канча, кимдин майладың?
Келечегин ойлоп койбой урпактын,
кара жердин калпып саттык каймагын,
Коңшу өлкөгө кол куушуруп жүгүнүп,
"капа кылдык" Кыргызстандын байрагын,
кеткен жылга окунбогун Кыргызстан,
куттуу болсун отуз жылдык майрамың!

Онду жаңы сен келгенде бүткөмүн.
Окуш эле чоң максатым, күткөнүм.
Оор-жеңилин колдоп алып атамдын,
"окуу" деген ойду жаап, бүктөдүм.



Оор заманга бешенебиз туш келип,
очок отун Ой-Талымда түптөдүм.
Отуз жашка чыксаң дале Кыргызстан,
оозун майлап , "окшоштордун" бүтпөдүң.

Көптү эстетет, өткөн отуз жыл баарын...
Курсак сылап,канча чоңдор жыргадың,
калыс сөздөр чыкпай чымга бекинип,
калп, кошомат, күлүп, сүйлөп, ырдадың.
"Көр оокат"- деп, жаштар четке агылып,
көрдүк базар, муздак муз , кар, сыздарын,
"Кыргызстан"- деп, атың чыгып дүйнөгө,
келсин сага четте уулуң-кыздарың.

Бейиш билсек Кыргызтаным - Жер Энем.
Бүт мезгилин төрткө бөлүп теңеген
Байлыгыңды сатпай эми сактаган,
башчы чыксын уул-кызыңдан жебеген.
Калпак, Туунду көкөлөтүп ар дайым,
куттуу болсун отуз жашың эгемен!

*30. 08. 2021.*

## Исакова Рахима



Исакова Рахима Исмаиловна 1976-жылы 8-майда Ош шаарынын Кара Суу районунун Папан айылында төрөлгөн. Орто билимдүү, бир уул, эки кыздын энеси.
"Ынтымактуу таланттар" адабий-коомдук бирикмесинин мүчөсү. Ырлары "ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР" коомдук бирикмесинин журналдарына чыккан.
Обондуу ырлары бар. Апрель айында "кеңеш" тобунун чечими менен бирикменин "мыктысы" болуп таанылган. Бирикменин грамота дипломдору менен сыйланган.
Азыркы учурда Кара Суу районунун Мамажан айылында жашайт.

### МАДИНАГА

*( Баткен коогалаңында шейит кеткен кичинекей Мадинанын жаркын элесине)*

Кем беле эсептелип ар бир күнүң?
Кеттиңби таштап коюп Айгүл гүлүн?
Ата-эне, элиң калды сени жоктоп,
ачылбай кетти кантем, ар бир гүлүң?

Чыры көп бул жашоодон кирдедиңби? Чындыкты ошол жактан издедиңби? Атыңдан айланайын секелегим,
а балким, эмне болду билбедиңби?



"Арстандай эр азамат жигиттердин,
аткарган ак кызматы элге"- дедик.
Атпай журт ал дүйнөдө бейиш тилеп,
арга жок "кош" айтышып жерге бердик.

Баткеним, биз биргебиз силер менен !

### БИР ТУУГАНЫМ

Бир тууганым жөлөктөрүм.
Өйдө-төмөн өбөктөрүм.
Бир атадан бир энеден,
бир боорлорум, көрөөр көзүм.

"Уул жок"- дейт ой, кээде менин.
Уулдан артык эжелерим.
Энекем бар бейиш төрүм,
эч нерседен кем эмесмин.

Үч кызбыз биз, кенжеси мен.
Сураарым бар эжелерим.
Алыстаса апакемден, ар бирине эркелээрим.

"Атасы жок" дедирбедиң,
апам эч бир сездирбедиң.
Анын баарын мен ойлодум,
аталуудан кем болбодум.

Берсин өмүр Жаратканым!
Бейишимсиң энем менин!

## ШҮҮДҮРҮМ

Шүүдүрүм тамчылары не бир сонун,
тунуктук, арuулуктун күчүн сезем.
Таң эрте араласам эргүү менен,
тамчыга "селт" дей түшөт бүткүл денем.

Көркөмү көзгө назик туюлат да,
көз жашы ыйлагандай туюлат да.
Сезимдер дүрбөлөңгө түшкөн сымал,
жүрөктө туйлаган үн угулат да.

Билели шүүдүрүмдүн тунуктугун,
ак таңдай сергектигин, аруулугун.
Кусадан көтөрө албай тамчыларын,
айткандай жерге төгүп ич арзуусун.

Каалабайм көз жаштаган кайгы-муңун,
Каалабайм мончоктогон жаш агуусун.
Каалаймын аппак таңда аруу сезим,
ыргагы жүрөктөрдө тең кагуусун.

## СҮЙҮҮ ГҮЛҮМ

Каалайсыңбы катып сени алайын,
китебимден ачыла элек барагым?
Ак баракка жазып сени жүрөйүн,
кандай болсоң дал ошондой сүйөйүн.

Каалайсыңбы тосуп ар бир таңында,
сүйүүм арнап арзуу ырын сунайын?
Гүлүм болсоң жыты аңкыган багымда,
тамчы суудан тамырыңа куяйын.



Искеп жытың моокумуман карайын.
Махабаттан оттой күйүп жанайын.
Ашыктыктын суусу менен сугарып,
арзуу толгон ырым менен барайын.

## ЖУБАЙЫМА

Жубайым Жаратkандын аманаты,
жашоомдо тартуулаган кубанычты.
Жуурулуп эки суудай бирге акчу,
сен болдуң өмүрүмдүн тагдырлашы.

Бах чиркин, мээримдүүсүң мага дайым,
айтылган ар бир сөзүм сага дайын.
Күндүзү нуруң чачып мээрим төктүң,
түнкүсүн ай шооласың мага жаным.

Сен менин дайым колдоп тураарымсың.
Күч берген, кубат болгон жубайымсың.
Кыз-уулду өстүрөбүз бирге чогуу,
Мен үчүн ыйык туткан тумарымсың.

## РЫСБАЙГА

Эргүү берип ыр жаздырган үнүм сиз.
Эртели-кеч нурун чачкан күнүм сиз.
Кыштын узун түндөрүндө тиледик,
"Рысбайдай ырдасак"- деп, бүгүн биз.

"Алмашым" - деп, ак сүйүүсүн мактаган.
Таза сүйүү бар экенин даңктаган.
Ыр чыгарып, обон созуп оболоп,
сиздин ырды ар бир Кыргыз жаттаган.

## ТҮШҮНСӨҢ

Уйку жок көздөрүмдө,
сагындым сени жаным.
Жолукбай калчуудаймын,
күтөмүн сени дайым.

Күн өттү ай алмашты,
сезимдер кусалыкта.
Жолуксак азыр эгер,
кучактайм мойнуң кыса.

Жаныңдан карыш жылбай,
бугумду айтаар элем.
Ортодо сүйүү жанып,
бир сизди жактап элем.

## КААЛАП ЖҮРӨМ

Көкүрөктө сагыныч, самап жүрөм.
Көздө жашым агызып, таза сүйөм.
Каректерим термелип сизди күтүп,
биз жолугаар күндөрдү каалап жүрөм.

Көздөн чыккан нур болуп ырларыңыз,
көөдөнүмдү көшүлтүп ырдадыңыз.
Ырлар жазсам толгонуп сизге арнап,
ачылбайбы махабат сырларыбыз.

Кыш болсо да жан дүйнөм жылып калдым.
алоолонуп "сиз" деген махабатым.
Мейли болсун ызгаар суук айланамда.
жүрөгүмдөн эң ысык ыр арнадым.



## ОЙЛОНУУ

Арман сыр айтылбастыр сага болгон,
артынан сапырылган санаа толгон.
Кайра эле кара түнгө чөмүлөмүн,
чыгалбай оролошкон жаман ойдон.

"Шүгүр" - дейм баары жакшы жашоо шартым,
негедир койбойт оюм бузулганын.
Барганмын сага ошондо жолугууга,
"жубайым болсо экен" - деп, мага жаным.

Чогуубуз, жакшы жашоо ойдогудай.
Эх арман, бирок көңүл толбогудай.
Өгөй уул, айлам кетти тилин таппай,
баары бир өз уулумдай болбогудай.

Байландым, жаман айтпай бир өзүнө.
Чыдадым чыры сыртта, мүнөзүнө.
Себепсиз мени канча кордосо да,
сени ойлоп жакын кылдым жүрөгүмө.

Кылганым көңүлүнө толбоду го,
баксам да өгөйлүгүн койбоду го.
Күткөнүм ушул беле, мына акыры,
"Өгөйсүң, тынч олтур!" - деп, кордоду го.

## АТАГАНАТ

Убакыт өтпой түнү шашпай жылат,
олтурдум ооруларга көңүл улап.
Чыкылдап саат жебеси өтүп барат,
чыдабай алсырашат, суусун сурап.

Бейтаптын акыбалын сурап барып,
уколун бири артынан бирин сайып,
түйшөлөм тынсызданып өмүр тилеп,
жанына айланчыктап улам барып.

Таң атты, үнсүз оору кетти узап...
Каран түн түштү көңүл, жүрөк сыздап,
Кудайым тилегеним түн уктабай,
укпады, алып кетти атаганат.

## ТӨРТ САПТАР

*

Толкунду жиреп сизге барайынчы.
Толуктап жан дүйнөмдү алайынчы.
Ажайып көл үстүндө бирге сүзүп,
ак куунун жубу болуп калайынчы.

*

Толкундап ак сүйүүбүз күчөп улам,
толгонуп көл жээгинде бирге турам.
Ашыктык ырларымды гүл ордуна,
айтыңыз, сизден башка кимге сунам?

*

Суусаганда жамалымды жандырсам,
сугатчыдай суусунуңду кандырсам.
Бакыт жыттуу мөмө байлап, гүл ачып,
багбанымдын көңүл кушун жай кылсам.

*



Ажайып көл жээгине көз тойбогон.
Алкынган ат үстүндө кыз ойногон.
Мелмилдеп мээрим төгүп күтүп турат,
мезгил да келген окшойт биз ойлогон.

*

Сүйүүң болсо сүйүүмдүн себепкери.
Ар дайым жакшы көргүм келет сени.
Сакталып калсын менин жүрөгүмдө,
балалык ак сүйүүмдүн элестери.

*

Бир өмүр сендик болуп жашайынчы.
Бир өмүр кол кармашып басайынчы.
"Жайнаган жаз гүлүндөй нурун чачкан,
жакыным, асылым"- деп, атайынчы.

*

Көл түнү көркөм сулуу көрүнөт да.
Ай толуп адеми кооз чөмүлөт да.
Сезимдин назик кылын дирилдетип,
себелеп ыр саптарым төгүлөт да.

*

Өтмүшүбүз көз ирмемге илинбейт.
Өмүр чиркин өтүп барат, билинбейт.
Карап көрчү кечээги күн бүгүн жок.
кайтып келбейт жалынсаң да миң ирет.

## ПАПАНЫМ

"Папан" менин айылым деп айтууга,
пайдасы көп, жан дүйнөгө жай тура.
Ажайып кооз тоодон түшкөн шаркырап,
агып өтөт ортосунан Ак-Буура.

Жаз келгенде жайнап турган өңүң бар.
Жазаар ырым, айта турган сөзүм бар.
Көз мончоктой айылымдын четинде,
көркөмү кооз суу сактагыч, көлүм бар.

Жайындасы сонун жайлоо убагы.
Жашыл шибер, жайыт толо тулаңы.
Талдап ичсе дабаа болоор ооруга,
таза, тунук Көк - Дөбөнүн булагы.

Төп келишкен төрт түлүккө торлору.
Төрт мезгил тең төрт тарабы көркөмдүү.
Касиеттүү көлгө толгон тоо суусу,
камсыз кылат суу жетпеген чөлкөмдү.

Көркөмдүгүн айтып бүтпос жагы бар.
Көз суктанган Чарайгыр көл дагы бар.
"Учу барып Ысык-Көлгө туташ"- деп,
уламыш кеп айтып өткөн бабалар.

Керемет кооз жерлери көп өлкөмүн.
Ким мактабайт өнүп өскөн чөлкөмүн?
Акындар да ырга салып кылымдар,
айтып бүтпөс Папанымдын көркөмүн.



## Тагаева Каныкей



Каныкей Аскаровна 1976-жылы Ош облусунун Чоң-Алай районуна караштуу Чак айылында мугалимдин үй бүлөсүндө төрөлгөн. Апасы өз мезгилинин мыкты ырчысы, сөз чебери болгон. Каныкей жаштайынан ырга шыктуу келип, ырлары Кыргыз радиосунун "Жаш толкун" берүүсүнөн уктурулуп турган. Бир канча ыр сынактарынын жеңүүчүсү болгон. Ырлары гезит-журналдарга байма-бай жарыяланып, "Ынтымактуу таланттар" бирикмесинин журналдарына да чыгып турат. "Ынтымак-Ыр кербени" адабий бирикмесинин 1-2-альманах китептерине кирген.
"Ынтымактуу таланттар" бирикмесинин көрсөтүүсү менен "Данакер лингво" коомдук-маданий бирикмесинин "Алтын калем" төш белгисине татыктуу болгон. Ошол эле бирикменин кеңеш тобунун чечими менен "Бирикменин мыкты акыны" болуп таанылган. "Ынтымактуу таланттар" бирикмесинин Ош облусу боюнча координатору.
Медайым. Үй бүлөлүү, 5 баланын сүйүктүү энеси. Учурда Ноокат шаарчасында жашайт.

## СЕЗИМДЕР

Эх сезимдер, күчтүүсүңөр таш жарып,
арбайсыңар сулуулардай каш кагып.
Кайдан, кантип кирип келдиң дүйнөмө?
Мен да сенин ааламыңа баш багып...

Жакшынам ай, жаздың жүрөк оорусун,
жакпай мага тентек кыял-жоругуң.
"Жазба!"- дедим, көргүм келбей, а неге,
сактап жүрөм телефонуң номурун?

Жолтоо болбо, өз жашооңо ыктагын,
жолум тоспо, бет алдыман чыкпагын.
Катуу кагып, кайтпасыңды өтүнүп...
Кайра неге келип турат жыттагым...?

## БАЛАПАНЫМ

Балам бактым, тукум улаар данегим.
Бапестеген балапаным, карегим.
Ойноп кетсең бир саамга көрүнбөй,
ордуң жоктоп издеп барам дарегиң.

Ооруп калсаң төшөк тартып медерим,
олтурамын уйку көрбөй эгерим.
Оо Жараткан, шыпаасына сураса,
ойлонбостон жанымды да беремин.

Элжиретип божураган үндөрү,
эзилемин көрбөй калган күндөрү.
Аалам көркү наристелер уулдай,
аман болсун "жердин жандуу гүлдөрү!"

*01.06.2023.*



## ӨМҮР КҮЗҮМ

Кырктан өтүп камчы салып элүүгө,
гүлүн төгүп жаштык улам кемүүдө.
Кантсе дагы убакыттан уттурбай,
өмүр күзүм өз мөмөсүн берүүдө.

Балдарым бар алды кеткен бой жетип,
бүлө күтүп жаш чынардай бой керип.
Кыз узатып, уул үйлөп жатабыз,
дос-тууганга төгүп-чачып, той берип.

Келин элем ыйбаа менен "кооптонуп",
"кызмат"-дешсе, билек түрүп, "октолуп".
Кашаң аттай басыгымды жайлатып,
күндөн күнгө баратамын токтонуп.

Барган сайын таттуу болуп тиргилик,
байкабапмын баратканын кеч кирип.
Неберелер моюнумдан кучактап:
"Тайэне!"-десе, картайганым билинип.

... Азыноолак ыр дүйнөдө сапарым,
"ачтан өлбөй, көчтөн калбай" барамын.
Куру койбогон мени аялдык бакыттан,
Кудайыма чексиз шүгүр айтамын!

## КОШУНАЛАР

Таң менен добушуңар,
тургузган "коңушулар".
Бактыма ыраазымын,
бир болгон коңушуңар.

Көчөмдө жашап турган,
көзүмө карап турган.
Издесем керегимди,
ишиме жарап турган.

Жогумду берип турган,
жай сурап келип турган.
Кырсыктап, ооруп калсам,
кошулуп кейип турган.

Азапты тартып турсам,
артымдан барып турган.
Суусасам "суй" жыгылып,
суусунум каныктырган.

Кубанчым бөлүп турган,
мээримин төгүп турган.
Эркелеп кеткенимде,
эркиме көнүп турган.

Базарга барып турсам,
балдарым карап турган.
Мектепке жонотүшүп,
чачтарын тарап турган.

Той кылсам кызмат кылган,
тонун жаап ызат кылган.
Коёорго ашын таппай,
коногум сыйлап турган.



Чачылсам жыйып турган,
жамандан тыйып турган.
Кошунам силер, ооба,
баарынан бийик турган!

## ЖООГАЗЫН

Сен берген жоогазын гүл бир кездеги,
сезимде өзүнө окшоп өсүп калган.
Сезилбей айланса да жыл эсеби,
себебин түшүнө албай өксүп калгам.

Анда сен от куруктуу бир боз улан,
көзүндө түнөчү элең селкилердин.
Адаштың махабаттын түз жолунан,
курманы болдуң "өгөй" сезимдердин.

Билемин жашооң азыр жакшы эмес,
нуру өчкөн көздөрүңдөн байкап турам.
Сакталган сенде мендик сүйкүм элес,
дүйнөңдү көркко бөлөп "алдап" турган.

... Мен бүгүн дал ошондой гүлдү көрүп,
эстедим кантип, неге жаңылыштың?
Тан албай жүргөн менен четке кагып,
мен дагы чындап сени сагыныпмын.

## КАЙЫРЧЫ

Кайырчы, карап туруп көздөрүңдү,
капилет аёо сезим пайда болду.
Эшитип күңгүрөнгөн сөздөрүңдү,
эрксизден таза дүйнө мунга толду.

"Бапырап бай турмушта жашайт"- дешет,
балким ал "кесибиңби?", түк түшүнбөйм.
Эл-журтуң, эшик-төрүң кайда экен?
Суроо көп, жооп таппай, тек бушүркөйм.

Непаада көрүп калсам караанынды,
негедир карай берем көзүмдү албай.
Карайлап шашып кетем капчыгыма,
кайдыгер өтө албаймын тыйын салбай.

## ДОСУМА КАТ

Кайгыдан жапа чегип жүргөнүмдө,
кабагым ачып, бир күн келип кетчи.
Жашоодон муздап турган жүрөгүмө,
жарыгың чачып, үмүт берип кетчи .

Жоготуу азабына күйүп турам,
жоолугум түздөп, мээрим төгүп кетчи.
Жылчыксыз, туңгуюкка түшүп турам,
жолун таап, кайгымды тең бөлүп кетчи.

Кусадан азап тарткан күндөрүмдө,
көз жашым арчып, башың сүйөп кетчи.
Уйкусуз узак, муздак түндөрүмдө,
жаныма шерик болуп түнөп кетчи...

## АСЫЛ АПАМ

Адамдыктын көз жетпеген кыйыры,
адилеттүү ак эмгектин кыйыны.
Баары энеден башталарын ким танат,
тарбиянын сенден чыккан чыйыры?



Жашоо кызык, өмүр андан кызыктуу,
көтөрдүң го суукту да, ысыкты.
Картайыпсың карап туруп байкадым,
жүзүңдөгү мезгил салган сызыкты.

Асыл апам кайратыңа табынам,
таазим этем балдарыңдын атынан.
Баары эне, баары аял, бирок сиз,
башкачасыз мүлдө аял затынан.

Апам азыр жатса керек мени ойлоп,
а мен болсо балдарымды өзүмдүн.
Бала үчүн чексиз эне мээрими,
башымды ийкеп кубаттаймын сөзүмдү.

Апакебай колдоп жүрсүн ылайым,
Жараткандан өмүр жашың сурайын.
Төрүбүздүн көркү болуп, көп жашап,
балдарыңдын көрө бергин убайын.

## КУРБУ КЫЗДАР

Өйдө-төмөн турмуш менен күрөшүп,
оңдон азып, бир топ эле жүдөдүк.
Тагдыр бизди ары бери калчаган,
күндөр кетти...а эртеңим бүдөмүк.

Бир мектепте бирге окуган курбулар,
унутпадым, дайым ойдо турдуңар.
Каршы туруп толкунуна турмуштун,
ар бириңер ордо шаар курдуңар.

Мезгил өтүп...жолугушчу кез келип,
учураштык, көп нерсени эстедик.
Бар көйгөйдү сүрүп коюп бир азга,
бала кезди сүйлөп жаттык эскерип:

Айттың бириң мугалимдин кептерин,
ата-энелер көп нерседен чектээрин.
Ал ортодо бириң кеттиң кыстарып,
сүйүү ырын жазган эски дептерим.

Балалык ай, көпкөк эле асманың,
туурачубуз кимдин кандай басканын.
Жаш агайым сүрдөп сабак өтө албай,
танаписке бизден бетер шашканын.

Мүнөттөрдү кармачудай түбөлүк,
шарактайбыз, сөздөр калбай түгөнүп.
Курбубуздун кут төгүлгөн үйүндө,
кучакташып, бир төшөктө түнөдүк.

Жарык өчпөй, үйдү жарган каткырык,
кубанычтан толдук, толкуп ташыдык.
Буйрук экен жоготуулар көп болду,
букту төгүп, көңүл айттык, жашыдык...

Тилек кылып көптөн бери күткөнбүз,
баркы бийик, кайталангыс ирмемди.
Келээр жылга катарыбыз кемибей,
насип кылсын жүз көрүшчү күндөрдү.



## АЙЫЛЫМ

Айылыма бурулганда тумшуктан,
ажайып бир кооздукка тушугам.
Сагынычым тарай түшүп кайдадыр,
сезимдерим "жарк" дей түшөт, тумчуккан.

Көп жыл болду сенден алыс кеткенмин,
күжүлдөгөн күр-шарыңдан четтемин.
Орду башка, курулуптур заңкайып,
оо баякы, менин жапыз мектебим.

Бир аз жүрсөң жол четинде көрүстөн,
боз дөбөлөр үнсүз, сырдуу көрүнгөн.
Жатат анда бир боорлорум, апакем,
жапжаш бойдон "күнү бүтүп" көмүлгөн.

Токой чети көк дайранын боюнда,
тоонун түбү, жаратылыш койнунда.
Көзгө жылуу мен чоңойгон эски там,
күндөрүм бар эч тойбогон оюнга.

Коргүм келет кудуретиң сагынтып,
касиетиң жылуу сезим калтырып.
Өсүп чыгып улам жаңы муундар,
өзгөртүүдө көркөмүңдү арттырып.

## ӨМҮРЛӨШҮМӨ

Кудай буйруп тагдырыма берилдиң,
кубандырдың, кер маралдай керилдим.
Ыраа көрүп мени сага сүйдүргөн,
ыраазымын марттыгына Теңирдин.

Үлгүсүндөй айкөлдүктүн, кеңдиктин,
үйүм куттуу, ишен жаным, сендикмин.
Сен бар үчүн сактап турам жаштыгым,
саркеч кийим...ыраңы өчпөй эндиктин.

Мен да сенин эки кылбай сөзүңдү,
мээрим төгө карайм жоодур көзүңдү.
Көз жумулуп, дагы келсем жашоого,
кайра эле тандамакмын өзүңдү...

## СИЛЕР БАРДА
*(Чек арачыларга)*

Төрөлдүнөр бейпил турмуш күн үчүн,
ата-эненин, элдин актап үмүтүн.
Кирпик какпай душмандардан кайтарып,
карегиңде Мекен чеги күнү-түн.

Силер барда булайт түтүн түндүктөн,
жаш жубайлар турмуш куруп, үй күткөн.
Алда кайдан топ жылкылар кишенеп,
таңды тосуп, коюу түндү "үркүткөн".

Силер барда асман ачык, суу тунук,
куштар сайрап, гүлдөр жайнайт кулпуруп.
Наристелер уктайт дүйнө бейкапар,
"алдейлеген" мээримдүү үн угулуп.

Силер барда жаратылыш көркү жүз,
берекесин тогот жаз, жай... алтын күз.
Орүкзарлар кийип аппак көйнөгүн,
Айгүл гүлү гүлдөйт кайра жалын түс.







Азаматова Уулкан Тажикуловна 1979-жылдын 23-июнунда Баткен облусуна караштуу Лейлек районунда туулган. Жаш чагынан ыр дүйнөгө аралашкан жана жаза баштаган. Ырлары акындардын альманах китептерине кирген. "Ала- Тоо" жана эл аралык " Пегас" журналдарына жарыяланган. Эл аралык деңгээлде уюштурулган бир нече конкурстардын жеңүүчүсү, "Алтын калем" дипломунун ээси.

"Ынтымактуу таланттар" маданий коомдук бирикмесинин мүчөсү. Кесиби—мугалим. Үй бүлөлүү.

## ЭРТЕҢИМЕ ОЙ ТАШТОО

Кош канаты болсок ээ, бир кыраандын,
конушуна биригип бир чыгаандын.
Түптүүлүгүн теренден түптөйлүчү,
тамырына окшошуп бир чынардын.

Жазып канат, бийиктеп учсак экен.
"Бирик!"- деген сөздөрдү уксак экен.
Өкчөй бербей коп эле эл тагдырын,
бөлгөндөрдү оюндай утсак экен.

Уча алабы кыраанын бир канатсыз?
"Түндүк-түштүк"- деп болот, кандай арсыз?
Онүксө экен Мекеним бүтүн бойдон,
жашай алмак кай Кыргыз Кыргызстансыз?

## АЙГҮЛҮМДҮН КОНУШУ

Шары күчтүү агып улуу дайрасы,
жердин жаны, чоң тамыры, майдасы.
Кубат болуп өнүп чыккан чөптөргө,
кессе өтпөс кас-душмандын найзасы.

Ай кечинде төбөсүндө "маңкайган",
күн кулачын таң сүрүлсө кең жайган.
Киндик каным тамган ушул жериме,
көзүн артып улам келет жоо кайдан?

Кайра-кайра катылганы канткени?
Билбейт канкор биздин күчтү, анткени.
Көөдөн тосо калк түрүлө коргогон,
бул бир гана Кыргызымдын Баткени!

Түк болбосун эми кандуу согушу,
угулбасын учкан октун добушу.
Көз жаш төгүп мөгдөбөсүн эч качан,
өрүккө бай Айгүлүмдүн конушу.

## ЖАККЫМ КЕЛДИ МЕН СҮЙҮҮДӨН ШАМ ЧЫРАК

Кирпигиңдин кагылышы неге жай?
Тиктей берди кадалгансып карегиң.
Турдуң көпкө бир ооз сөз айта албай,
сүйөөрүңдү айгинелеп ар демиң.

Ирмеминен сүйүү жанып көзүңдүн,
издегеним карашыңдан табылды.
Кулу болуп айта албаган сөзүңдүн,
сезимдерим сезимиңе багынды.



А карегиң кадалганда жалооруп,
басат неге бүт боюмду калтырак?
"Кусалыктан калбасын-деп, жан ооруп",
жаккым келди мен сүйүүдөн шам чырак.

## ЖООКЕРИМ

Күн кызарып уясына батканын,
тосуп алып таңдын аруу атканын.
Күзөтөсүң түнү бою чырм этпей,
өз элиңдин бейпил уктап жатканын.

Жазындагы ачкан талаа гүлдөрүн,
сайрап жаткан куштун мукам үндөрүн.
Артык көргүн өмүрүңдөн анан да,
Ата-Журттун бейпил өтчү күндөрүн.

Көптүгүнө миң үңүлүп жылдыздын,
жыргалына кепил болуп уул-кыздын.
Жүрө бергин мекен чегин кайтарып,
кыраанына айланып сен Кыргыздын.

## МЫНА ДАГЫ ЖАЗ КЕЛДИ

Оо, мына дагы жаз келди,
куштардын үнү угулуп.
Эсиме салды жаш кезди,
жомоктой баары туюлуп.

Жыпарын чачып жадырайт,
гүлдөрү жайнап талаанын.
Аялуу тиктеп бажырайт,
көзүңдөй болуп баланын.

Тунук суу агып шаркырайт,
жандууга өмүр бергенсип.
Башкача күн да жаркырайт,
жашоого эми келгенсип.

Чертилет сезим кылдары,
арзуусу болуп сүйүүнүн.
Айтылат шыбыр сырлары,
азабын тартпай күтүүнүн.

## МЕН КЕЛДИМ

Мен келдим, көлүм, сага кайра келдим,
мелмилдеп турганыңды өбүү үчүн.
Түшкөндө чөмүлүүгө күн, тоо, асман...
так ушул мезгилиңди көрүү үчүн.

Мен келдим, көлүм, сага кайра келдим,
миң ойлоп бир өзүңдү, миң сагынып.
Чачылган шуру сымал толкунуңду,
"алсам"- деп, моюнума мен тагынып.

Мен келдим, көрүү үчүн кайра келдим,
ай нуру түшкөн кезди жаркылдаган.
"Уксам"- деп, мукам ыргак, мукам добуш,
толкундар жээкке урса шарпылдаган...

...мен келдим...



## ЖАЗЫМДЫН МЭЭРИМИН САГЫНЫП

Не түштү эсиме күтүүсүз,
алганым гүлчамбар тагынып?
Калтырдым күндөрдү сүйүүсүз,
жазымдын жамгырын сагынып.

Чечинип ак тонун Жер Эне,
алыптыр байчечек тагынып.
Жыттадым эңилип мен жерге,
жазымдын жыпарын сагынып.

Көздөр да уяла калгансыйт,
күн нурлуу асманга чагылып.
Жаным да магдырап алгансыйт,
жазымдын мээримин сагынып.

## СЕНИН КҮЛКҮҢ

Ошондогу сенин күлкүң каткырган,
керемет ээ, жан дүйнөмдү шат кылган.
Бир саамга унутулуп кайгы-муң,
билик сымал жанды сезим жактырган.

Каткырыгың бүт ааламга угулуп,
калды дүйнөң баары мендик туюлуп.
Өзөгүмдү өрттөп келген ыза-муң,
кеткен оңдүү күлкүң менен жуурулуп.

Унутулбай күлгөндөрүң каткырып,
мен жадымда алдым аны жат кылып.
Арылып мин жашап келем санаадан,
сенин гана күлгөнүңдү калтырып.

## ЖОЛУКТУК КАПЫСТАН

Жолуктук сен келип мен тарап,
көздөрүң көзүмө кадалып.
Дароо мен калдым да жер карап,
бир менден кеткендей каталык.

Турдук биз бир азга не күтүп,
үнсүздүк тилдерди багынтып?
Жүрөктөр сүйлөштү үн бүтүп,
койгонун сезимди сагынтып.

Бир азга турдук да айрылып,
кеттик биз, сен жолуң уладың.
Бир карап алдым да кайрылып,
мен дагы сапарым уладым.

Калсак да бир азга кезигип,
көңүлдөр алышты чер жазып.
Капыстан туш кылган кечигип,
бир кетпес жолдордо не жазык?

## АЙЛАНДЫ ЖАЗЫМ ЫРЛАРГА

Жер Эне чечип ак тонун,
жашылдан көйнөк кийинди.
Бооруна конуп ой-тоонун,
сайрашып куштар сүйүндү.

Дарак да жашыл оронуп,
бүчүрүн жаңы байлады.
Асманда булут жалооруп,
таң урса да шамал айдады.



Чайыттай асман ачылып,
жергеме жашыл жаз келди.
Жыпары гүлдүн чачылып,
кыздарга сулуу наз келди.

Кызгалдак жайнап кырларга,
кызылдан сайма сайгандай.
Айланды жазым ырларга,
сагынып баары калгандай.

## КҮТТҮҢ БЕКЕН?

Кусалык жан кыйнаса түттүң бекен?
Сагыныч аккан жашын сүрттүң бекен?
Сен дагы уктабастан таңды тосуп,
зарыгып кайсы жолдон күттүң экен?

Жарыгын күндүн тосуп көздөрүңдөн,
дүйнөгө кайыл болуп өзгөрүлгөн.
Сен дагы күттүң бекен мендей болуп,
сүйүүнү уккуң келип сөздөрүмдөн?

Байкалып күткөндөрүң ар демиңден,
өкүнтүп адашканың дарегимден.
Жолдорун сен да издеп көрдүң бекен,
жылуулук сезүү үчүн карегимден?

## ҮЗҮЛСҮН КОЛДОР ДУШМАНДАН

Канкорлор басып жеримди,
күш сымал атты элимди.
Торкодой болуп турпагым,
ансайын кымбат сезилди.

"Сындырам"- дешип шагымды,
кыймакчы болуп багымды.
Каран күн салды душмандар,
"алсам"- деп, алтын тагымды.

Тынчтыгым бузуп чуу салды,
кол жеткен жерге туу сайды.
Төгүштү канды калчабай,
айбан да кылбайт мындайды.

Үй-жайды кошо өрттөгөн,
күл болду дарак көктөгөн.
Калбаган чыгаар бир дагы,
жалбарып жашын төкпөгөн.

Кулады душман сайган туу,
басылып канкор салган чуу.
Кезинде бизден сестенген,
Чыңгызхан дагы айбаттуу.

Жоктогон калды атасын,
боздосо таппай баласын.
Үзүлсүн колдор душмандан,
түздөмөк беле катасын?

## УБАДАГА БЕК ТУРГУН

Сугун арткан көздүн нурун майтарып,
балам жүрөт Мекен чегин кайтарып.
"Элим үчүн ак кызматын кылды"- деп,
мен жүрөмүн балам менен мактанып.



"Сактайын"- деп, бүтүндүгүн жеримдин,
уулум жүрөт чебин коргоп элимдин.
Сагынычтан жүзүм жууган жаш менен,
мен жүрөмүн суулап үчүн жеңимдин.

"Коргоймун"- деп, Ата-Журттун таш, суусун,
өптү балам антын берип эл туусун.
Эт жүрөгүм элжиреди "балам"- деп,
тилеп турдум убадага бек турсун.

## ЭНЕКЕМ

Таң агарса ошол таңдын нуру сен,
ай-ааламга тирүүлүктү тараткан.
Бүт өмүрүң мага арнадың энекем,
сага узак жашты берсин Жараткан.

Күндүн нуру аска бетин өпкөндөй,
сага окшоп бизди эч ким өбө албайт.
Күн сыяктуу көлкүлдөтүп көөдөндү,
сендей болуп ким мээримин төгө алат?

Кубанычта, кайгыда да жылмайып,
кучак ачып сен тососуң баланды.
Жаратканга жалбарынып миң ирет,
ак тилектүү берип дайым батанды.

## АЛЫКУЛДУН ААЛАМЫ

Ооруй карап жылдыз толо асманды,
"күрс-күрс" жөтөл тосчу ар бир ак таңды...
Жакшы көрчү жалгыз барып көлүнө,
бир-эки сап көркөмдүү ыр тапканды.

Көйкөлгөндө көл башкача көрүнүп,
көл көркүнө акын көөнү бөлүнүп.
Жакшы көрчү окшоштуруп жаш жарга,
жүзүн тосуп, толкунуна өбүлүп.

Күн шооласы түшсө көлгө сүзгөнү,
тамылжый бир кетчү акын жүз-өңү.
Эргүү келип, ыр жаралса кубанчу,
жолуккандай таанышы же сүйгөнү.

Кылым кезип акын жазган ыр калды,
көөдөн жарбай көкүрөктө сыр калды.
Ата-Журтун, Ысык-Көлүн миң сүйүп,
Айдайына ашык кылган жыл калды.

Акын кетти, калды кагаз-каламы,
баян кылган тоолор менен талааны.
Жашай берет эчен кылым карытып,
ырдан бүткөн Алыкулдун ааламы.

## КЕЛДИ МЕНИН КӨЛГӨ КЕТКИМ

Көйкөлгөн келди менин көлгө кетким,
кусаланткан күндөрдү ырдоо үчүн.
"Болбосо"- деп, эңседим көлдө эч ким,
көөдөнүмдү бошотуп ыйлоо үчүн.

Көл суусуна кошулсун жашым тамып,
ыйдын үнү толкунга аралашсын.
Эч кимим жок жанымда алар аарчып,
жуусун жүзүм тамчысы муздак жаштын.



Ыйлап-ыйлап алганда келип көлгө,
кусалыктан арылып калсам керек.
Көлдүн сүртүп көркөмүн ар бир сөзгө,
азыктантып дүйнөмдү кайтам, демек.

## КОШ КЕПТЕР

Жайылып көк мейкинге канаттары,
жарашып кош кептердин баратканы.
Аскалар артта калып бийиктешет,
күнгө да жер саламын таратканы.

Тынчтыктын кереметин айтып учат,
кең жайып канаттарын кайкып учат.
Бүт аалам берилгендей энчисине,
узашып, бир-бирине кайтып учат.

Суктантып дүйнөсүнүн аруусуна,
жетелейт ар бир жанды арзуусуна.
Учканы кош кептердин окшоп кетти,
сүзгөндөй айдың көлдүн ак куусуна.

## СҮЙҮҮГӨ ИШЕНБЕЙМИН ДЕБЕГИЛЕ

"Жетем"- деп, арзуу кылба сүйүүсүнө,
ойлор бар адамдарда өзгөрүлмө.
Бүгүн сен, эртең башка, анан бирөө...
сүйүүлөр алмашылат көз көрүнөө.

"Бир өмүр сени сүйөм"- деген менен,
убакыт ирмемчелик таппай калат.
Күтүүдөн сен убайым жеген менен,
эшиги ин жүрөгүңдүн какпай калат.

Сүйүүгө ишенбеймин дебегиле,
сындырат ишеничти адам гана.
Сынгандан кийин анын кереги не?
"Сый" деген, бир берилет адамга да.



## Чокмоев Жанатбек

Чокмоев Жанатбек Аматжанович 1978 - жылы 16 -декабрда Ош облусунун Кара-Кулжа районуна караштуу Чалма айылында жарык дүйнөгө келген.1996-жылы учурдагы Беделбай Исаев атындагы орто мектепти аяктаган.1997- жылдан тарта Беделбай Исаев орто мектебинде жана Кочкорбай Куудул атындагы маданият үйүндө көркөм жетекчилик милдетин аркалаган. 2005 - 2006-жылдары "Байэл" тобун жетектеген. 2016 - 2017 - жылдары Мамыт Абакиров атындагы, Токбай-Талаа орто мектебинде көркөм жетекчилик милдетин аркалаган. 2016-жылы, "Мен Кыргызстандык экендигиме сыймыктанам" аттуу республикалык музыкалык кароо-сынактын жеңүүчүсү болуп, билим берүү министринин ардак грамотасы менен сыйланган. Учурда Өзгөн районуна караштуу Мырза-Аке айылындагы Мамат Оморов атындагы элдик филармониясында музыканттык жумушун аркалап келет. "Ынтымактуу таланттар" коомдук бирикмесинин мүчөсү. Концерт тобун жетектейт. Бирикменин " Мыкты обончусу " деп таанылган. Өзүнүн жигердүү эмгеги жана кесипкөй көз карашы менен бирикмеде сый-урматка ээ болду. Бирикмедеги аткарган эмгектери эске алынып, бирикменин жетекчилигинин көрсөтүүсү менен "Данакер лингво" илимий маданий коомунун "мыкты обончу" номинациясына татыктуу болуп, төш белгиси менен сыйланган. Келечеги кең жана кыргыздын көрүнүктүү таланты болооруна ишеним күчтүү.

Төмөнкү обондору элге синип ырдалып жүрөт:
"Кусалык". "Аида". "Жубайыма", "Кыргызстан", "Балалык", " Апаке", "Жаным апам", "Аллах", "Жалган сүйүү", "Классташтарым", "Карындашым", "Үзүлгөн тутка", "Тумарым", "Ынтымак бирикмесинин ыры", "Өзгөндүкмүн", "Аруузат", "Ырда Рыспай". "Ал каректер". " Аял бул - гүл", ' Өзгөн" ж.б.








**Жумабекова Бегимай**

Бегимай  Жумабекова Заировна 1982-жыл 6-февралда Өзгөн районуна караштуу Кызыл-Тоо айылында жарык дүйнөгө келген. Ак-Жар айылына турмушка чыккан. Жалал-Абадда техникумда режиссёрлук факультетин аяктаган. "Ак-Жар" айыл өкмөтүндөгү маданият үйүндө сегиз жыл директор болуп эмгектенген. Учурда Өзгөн райондук маданият бөлүмүндө хореограф болуп иштеп жатат. Ыр жазат жана обон чыгарат, учурда "Ынтымактуу таланттар " маданий коомдук бирикмесинин мүчөсү. Бирикмеде өзүнүн эмгекчилдиги, тырышчаактыгы жана сөзгө туруктуулугу менен мүчөлөрдүн сый-урматына ээ болду. Бирикменин, Өзгөн районунун жана айыл башкармалыгынын диплом, грамота жана башка сыйлыктары менен сыйланган.

Обондуу ырларын эл алдында концерттерде жана телекөрсөтүүлөрдө өз чеберчилиги менен аткарып келе жатат.

Төмөнкү жагымдуу обондордун автору:

1. "Өзгөнүм"
2. "Сулайман тоо"
3. "Сулуум сага"
4. "Бөбөк ыры"
5. "Мен үчүн болчу кызыл гүл"
6. "Ушул сүрөтүң"
7. "Өлбөс сүйүүм"
8. "Агатайым"

Обондору элге  синимдүү жаралып, аброю көкөлөп жаткан учуру.

2023- жылдын биринчи кварталында бирикменин "мыкты обончусу" деп таанылды.








## Токтосунова Жылдыз

Токтосунова Жылдыз 1964- жылы 16-июнда төрөлүп,1981-жылы орто мектепти аяктаган.Жалал-Абаддагы музыкалык техникумду бүтүрүп, учурда Өзгөн районуна караштуу Большевик айылында Салимбай Айдаров атындагы маданият үйүндө директор болуп иштейт. Жылдыз Токтосунова өзүнүн элдик ырларды жана көрүнүктүү таланттардын ырларын эл алдында жеткиликтүү керемет аткарып эл сүймөнчүгүнө ээ болгон аткаруучу. Өзүнүн билермандык таланты, тажрыйбалуулугу менен бирикмеде урмат-сыйга ээ болду. Рыспай Абдыкадыровдун 80 жылдыгында төш белгиси менен сыйланган. Райондун, өкмөттүн диплом жана грамоталары менен сыйланган.

Жетекчиликке шыктуу , таланттуу инсан, учурда "Ынтымактуу таланттар " маданий коомдук бирикмесинин мүчөсү жана Өзгөн районунда ,,Өзгөн шайырлары " аттуу топту жетектейт.

Өзгөчө уюштуруучулук мүнөздөгү Жылдыз Токтосунова эли - жери үчүн алдыда дагы көптөгөн ийгиликтерди жарата бермекчи.







## Айткулова Баарбү

Айткулова Баарбү Ташболотовна 1962-жылы 22-декабрда Ош облусунун Кара -Кулжа районунун Кара-Кеочкор айылында жумушчунун үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1980-жылы бир жылдык эсептөө бөлүмүндө бухгалтердик кесипти аяктаган. Андан соң үч айлык петронаждык курсун аяктап,1993-жылдан 2019-жылга чейин Өзгөн районуна караштуу Мырзаке өкмөтүндөгү бейтапканада мээрбан эже болуп эмгектенген. Азыркы учурда ардактуу пенсияда эс алууда. Эки кыз, бир уул, он эки небереси бар. Айткулова Баарбү Кыргыздын элге синген керемет ырларын аткарып, өз өнөрүн элге таартуулап келет. Мырзаке шайыр апаларынын катарын толуктап, элибизге өнөрүн чарчабай тартуулап келет. 2023-жылдан бери "Ынтымактуу таланттар" адабий коомдук бирикмесинин мүчөсү. Эмгеги бааланып көптөгөн диплом, грамоталардын ээси болгон. Өзүнүн токтоолугу жана мээримдүүлүгү менен айырмаланып, керемет үнү менен обондуу ырларды аткарып, бирикмеде урмат-сыйга татыктуу болду.







**Мамаев Адылбек**

Мамаев Адылбек 1964 - жылы 15 - июнда Кара - Суу районундагы Кашкар - Кыштак айылында туулган. 1981 - жылы Фрунзе атындагы мектепти аяктаган. 1981 - 1982 - жылдары 11-техникалык училищада окуган. 1983 - 1985 - жылдары Советтик аскерде кызматын өтөгөн. 1985 - жылы Фрунзе колхозунда механизатор болуп иштеген. 1995 - 2000 - жылдары Ош облустук балдар ооруканасында чарба башчы, 2008 - 2021- жылдары Алай районунун Жаңы Алай айылдык маданият үйүндө директор болуп иштеп турган. 2020 - жылы Москва шаарында "маданияттын мыкты кызматкери_ төш белгисин алган.

2023 - жылы "Ынтымактуу таланттар" чыгармачылык бирикмесинин көрсөтүүсү менен "Данакер лингво" илимий-маданий коомунун "ийгиликтүү инсан" төш белгисине татыктуу болгон. Адыл Мамаев мыкты аткаруучу жана тамашакөйлүгү менен эл сүймөнчүгүнө ээ болгон таланттуу инсан. 2022 - жылдын ноябрь айынан баштап "Ынтымактуу таланттар" маданий коомдук бирикмесинин мүчөсү жана бирикменин көркөм жетекчиси. Ийгиликтүү таланттуу инсан.







## Алмаз Мурзаев

Алмаз Мурзаев Алай районунун Жошолуу айылында 1986 - жылы 18 - декабрда жарык дүйнөгө келген. 2003 - жылы мектепти аяктагандан кийин комуз боюнча кружокту жетектеген. Жаштайынан комузга шыктуу болуп, көптөгөн элдик ырларды комузга салып ырдап чыккан. Азыркы учурда да Алмаздан комуз үйрөнүп жүргөн шакирттери бар. 2022 - жылдын ноябрынан баштап "Ынтымактуу таланттар" маданий коомдук бирикмесинин мүчөсү. Бирикмеде көптөгөн обондуу ырларды тез алып кетип, эл алдына алып чыгып турат. Өзүнүн тырышчаактыгы менен айырмаланат жана керемет үндүү аткаруучу. Концерттик программаларда комуз менен жана аккордеондун коштоосунда бирикменин акындарынын ырларын дайыма тез өздөштүрүп элге алып чыгып, урмат-сыйга ээ болду. Бирикмеде кадыры чоң. Кеңеш тобунун чечими менен 2023- жылдын биринчи кварталында "бирикменин мыктысы" деп таанылды.







**Бототаев Акылбек**

Бототаев Акылбек Абжапарович 1966 - жылы 11-августта Ноокат районунун Кара-Таш айылында туулган. 1984-жылы аскердик кызмат өтөгөн. 1986-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык окуу жайына тапшырып, окууну 1991-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ноокат районунун "Чекме - Сай" орто мектепинде мугалим болуп иштеп, "мыкты мугалим" - наамы менен сыйланган. 1992-жылы Ноокат районунун Кара - Таш айылында маданият үйүндө директор болуп дайындалган. 1993 - жылы кароо-сынактан биринчи орунду ээлеген. 1994 - жылы Ноокат районунун дистанттык педагогикалык институтуна кошумча ишке кирген. 1995 - жылдан 2013 - жылга чейин Ноокат районунун гимназия-мектебине өздүк көркөм чыгармачылык жетекчиси болуп иштеген. 2014- жылдан Ош шаарына которулуп, Оштогу искусство факультетинде музыкадан сабак берген. Ош мамлекеттик филология факультетинин акындар айтышуу сынагына катышып, диплом менен сыйланган. Чыгармачылыгы жогорку окуу жайда окуп жүргөндө эле башталган, көптөгөн обондорду жараткан. 2005 - жылы "Ичпесем, чекпесем" аттуу тамашалуу ыры чыгып, 2015- жылы Ыссык Көлдөгү өткөн ыр фестивалында президенттин сыйлыгына ээ болгон. Обондуу ырларын ырдап, талантын эл арасына тартуулап, элдин сүймөнчүгүнө ээ болуп жүрөт. "Ынтымактуу таланттар" маданий коомдук бирикмесинин мүчөсү. Концерт тобунун көркөм жетекчиси. "Ынтымактуу таланттар" адабий бирикмесинин акындарынын калемине таандык чыгармаларга "Сулууга", "Чек ара" ,"Күтоорсүң", "Досторума" ж.б, ырларына обон жаратып, үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Азыркы учурда Ош шаарында мугалим болуп иштейт. Бирикмеде өзүнүн юморго жакын мүнөзү жана кичи пейилдиги менен сый-урматка ээ боло алды.








## МАЗМУНУ:

1. Жоробаев Нурмамат........................................4
2. Кармышакова Уулбү........................................18
3. Жалилов Эшмамат........................................29
4. Беккелдиев Ташполот........................................47
5. Зулпукарова Мисират........................................65
6. Нурматов Эркинали........................................84
7. Караев Абдыманап........................................95
8. Усанов Жээнбек........................................106
9. Караталова Мира........................................116
10. Асанов Бакыт........................................126
11. Маматысаева Күлүйпа........................................135
12. Кадыров Абдилазиз........................................145
13. Касымалиев Асеин........................................153
14. Исакова Жийдегул........................................173
15. Токтобаева Назира........................................185
16. Усупбай уулу Кенжекул........................................196
17. Аширов Шайлообек........................................206
18. Исакова Рахима........................................222
19. Тагаева Каныкей........................................231
20. Азаматова Улкан........................................241
21. Чокмоев Жаннат........................................253
22. Жумабекова Бегимай........................................255
23. Токтосунова Жылдыз........................................257
24. Айткулова Баарбу........................................259
25. Мамаев Адылбек........................................261
26. Мурзаев Алмаз........................................263
27. Бототаев Акылбек........................................265

# ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР

**АЛЬМАНАХ**

Редактору Б.Матисаков
Тех.редактору М.Эсенаманов
Корректору А.Жайчиева

Терүүгө 20.05.2023 берилди. Басууга 20.07.2023 кол коюлду.
Көлөмү 16.75 басма табак. Офсет кагазы.
"Эконом-принт" басмасында басылды.
+996 704 66 4454; +996 550 66 44 54

## ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАР

*сөзү: Нурмамат Жоробаев*
*Обону: Жаннат Чокмоев*

*Жол берип таланттарга жаратканым,*
*Гүлдөтүп мекенимдин ыр бакчасын.*
*Өнөрпоз уул кыздары элибиздин,*
*Көтөрөт Кыргызымдын атак даңкын.*

*Улаган улуу элбиз урпак көчүн,*
*Улутпуз илгертеден иргеп өзүн.*
*Улантып бабалардын өнөр жолун,*
*Унутпай сактап келген көрөңгөсүн.*

*Ыр жазып комуз ойноп, сайма сайып,*
*Жаратып чыгармалар сүрөт тартып.*
*Жаңырат кыргызымдын өнөр кенчи,*
*Дүйнөгө таланттардын жолун ачып.*

*Ош, Баткен, Жалал-Абад, Чүй, Нарындын,*
*Көгүлтүр Ысык - Көлдүн, Кең Таластын.*
*Бирикти "ЫНТЫМАКТУУ ТАЛАНТТАРГА",*
*Өнөрлүү урпактары эр Манастын.*